469

Аң-сезим الوعي
Ал-Ваъй

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, сафар 1447-х. – август 2025-м.

Ал-Ваъй сөзү

# Сирия маселеси: туңгуюк абал жана чечим

## Күч-кубаттын Исламий мамлекетти жарыялоо жана шариатты орнотуу фарздыгына тийгизген таасири: тоскоол болгон алсыздыктан үзүрдү жоюучу кудуретке чейин

## Трамптын тышкы жаңжалдарды чечүү ыкмасы

## Саясий түшүнүктүн негиздери жана саясий багытты аныктоо (3) (калктардын тарыхы, сапаттары, макулдашуулары жана күрөштөрү)

## Үммөт тирүү жана өлбөс калыпта... төрөлүү алдында сөзсүз толгоо болот

## Жихад амири кантип тышкы иштер министри болуп калды?

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат
www.al-waie.org subjects@al-waie.org

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Сирия маселеси: туңгуюк абал жана чечим…………………………………… 3
– Күч-кубаттын исламий мамлекетти жарыялоо жана шариатты орнотуу фарздыгына тийгизген таасири: тоскоол болгон алсыздыктан үзүрдү жоюучу кудуретке чейин …………….. 7
– Саясий түшүнүктүн негиздери жана саясий багытты аныктоо (3) ………………………… 20
– Трамптын тышкы жаңжалдарды чечүү ыкмасы…………………………………………. 30
– Үммөт тирүү жана өлбөс калыпта… төрөлүү алдында сөзсүз толгоо болот ………………. 34
– Жихад амири кантип тышкы иштер министри болуп калды?……………………… 49
– Өнүгүү жолу долбоору жана TIR системасы: инвестиция көрүнүшүндөгү экономикалык баскынчылык долбоор …………………….. 54
– Түшүнүктөр өзгөргөндө жүрүм-турумдун өзгөрүшү: аль-Хансаа мисалында …………. 58
– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***….. 62
– ***Куръани Карим сабагында***……………… 70
– ***Бейиш бактары:*** Улуу сахаба Мусаб ибн Умайр разияллаху анху………………………. 76
– ***Соңку сөз:*** Газа фитнасы ………………… 78
– Үммөткө жана анын аскерлерине чакырык: Газа чакырууда, ким жооп берип, Аллахтын ыйык кылган нерселерин колдоп жеңишке жеткирет?…………………………………… 80

# СИРИЯ МАСЕЛЕСИ: ТУҢГУЮК АБАЛ ЖАНА ЧЕЧИМ

**Мухаммад Саид ал-Аббуд**

Аллах Таала бизди шахиддердин чыдамкайлыгынан жана бардык нормалдашуу аракеттерин четке каккан чыныгы козголоңчулардын сабырдуулугунан кийин Башар режимин кулатуу менен урматтады. Бирок бул окуя Америкага жана эл аралык түзүлүшкө саясий жана коопсуздук боштугун алып келип, аны толтурууга мажбур кылды. Ошондуктан алар жаңы режим орнотуп, ал аркылуу Үммөттү дагы бир мөөнөткө алдап туруу аракетин башташты. Америка бул жаңы абалга айлакер ийкемдүүлүк менен мамиле кылып, Башардын ордуна «Хайат Тахрир аш-Шам» уюмунун жетекчисин колдоорун жарыялады. Анткени, ал козголоң ичиндеги эң күчтүү, эң уюшкан жана Сириянын жаңы абалын башкарууга эң жөндөмдүү күч катары көрүндү. Ал буга чейин да Идлибдеги «Куткаруу өкмөтү» аркылуу бир аз башкаруу тажрыйбасын өткөргөн жана миңдеген адамдардын өмүрүн алган фракциялардын таркатылып, кандуу кармаштардан кийин пайда болгон. Бул абал Америкага жакты, анткени ал вакыйлыкка ылайык режим түзө ала турган кадр табылгандай ишеним берди. Бул абал, өзгөчө, ал дүйнөлүк жихаддан жана Исламдын бир үммөт түшүнүгүнөн баш тартып, улуттук чектөөгө өткөнүн жарыялагандан кийин, ошондой эле эл аралык системага шайкеш келген, прагматикалык режим курууга даяр экенин көрсөткөндөн кийин болду. Бул режим анын айланасындагы талаптарга т.а араб мамлекеттерининн өз ара тирешүүлөрүнө жана жерге умтулган яхудий түзүмүнө ылайык жашоого шарт түзүп бере турган курал болуп көрүндү. Ошондой эле ал ички карама-каршылыктарды — жамааттык жана улутчулдук бөлүнүүлөрдү, ар кыл көз караштагы секулярдык жана диний топторду, ар кандай мектептерди жана агымдарды, козголоңчулардын шариат өкүмдөрүн орнотуу талабын — баарын бирдикте камтый алам деп эсептеди.

Бирок бул чындыгында жарашкыс карама-каршылыктардын аралашмасы. Ошол эле учурда Ахмад аш-Шара алар менен оюн кылып, ар бир тарапка жагынып, Түркиядагы башкарууга окшош жол

табам деп ойлоду. Бирок, түпкүлүгүндө Түркия менен Сириянын вакыйлыгы түп-тамырынан айырмаланат, натыйжада Сирия өтө татаал амалсыз абалга кирип калды.

Сириянын өткөөл этаптагы президентинин мындай туура эмес жана амалсыз абалга алып баруучу жолду тандоосуна түрткү болгон нерсе – бул анын Шам революциясына каршы кутум курган мамлекеттердин, анын ичинде Башардын кулоосуна чейин аны колдоп келген Американын ыраазылыгын издөө болуп калды. Аш-Шара алардын буйруктарына баш ийди, ошол эле учурда революциянын табигый күчтүү тирегине – элдик калың катмарга – артын салып, революциянын негизги ураандарынын эң башкысына т.а. кылмышкер режимди кулаткандан кийин Ислам өкүмүн орнотууга каршы чыкты.

Ахмад аш-Шаранын мабдаий чабалдыгы, прагматизмдин өзү болгон аклий пайдачылыкка негизделген саясатты карманышы, башкаруусунун Исламий чечимдин так долбоорунан ажырашы жана Аллахтын жеңиш жана үстөмдүк берүү убадасына болгон ишениминин алсыздыгы – мунун баары Сириядагы анын саясатынын кесепети болуп калды.

Чыныгы чечимди фикрат жана тарикат катары көтөрүп жүргөн толук жана так Исламий долбоордун жоктугу, дүйнөнүн жалпы саясий вакыйлыгынан, айрыкча Ислам Үммөтүнүн абалынан кабарсыз болуу, Ислам Үммөтүнүн күчүн, анын чакырыктарга туруштук бере алуусун түшүнбөй калуу жана бул күчтү Ислам душмандарына каршы колдонбоо – саясатчыны алсыздык жана айласыздык сезимине курмандык кылат. Натыйжада мындай адам Үммөттө болгон күч булактарын текке кетирип, ага колдоо көрсөтөт деп ойлогон мамлекеттерге толук кандуу көз каранды болуп калат. Бирок бул көз карандылык аны кызматчылык сазына батырып, аны кыйынчылык учурунда колдой турган табигый тирегинен ажыратып коёт.

Пикирлөөнү улуттук алкак менен гана чектөө Ислам Үммөтүнүн күчүн өз маселелерин чечүүдө текке кетирди жана Сирияны Пайгамбарлык минхажы боюнча Халифалыкты орнотуу үчүн таяныч чекит болушунан тосту.

Сириядагы жана башка жерлердеги маселелердин түпкү чечими – бул Аллах Тааланын Шариатын толук колдонуу жана Анын өкүмүн орнотуу. Бул иш мүмкүн жана анын шарттары бар: саясий долбоорду көтөрүп чыккан саясий партия – Хизб ут-Тахрир бар. Ал Үммөттү жетектөөгө, жоопкерчиликти көтөрүүгө жана Сирияны да, жалпы Үммөттү да батып калган баткактан жана Батышка көз карандылыктан алып чыга турган туура жана кайраттуу чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү жана татыктуу.

Бул иштин негизги түркүктөрүнүн бири – Ислам Үммөтү. Анткени бул Үммөттүн ичинде Роббисинин ыраазылыгын издеген, урматка умтулган жана жүрөгүндө жихад рухун алып жүргөн көп сандагы эр-жүрөктөр бар. Ошондой эле душманга каршы туруууга жарай турган чоң мүмкүнчүлүктөрү жана жетиштүү курал-жарагы бар. Мындан тышкары, ал кең өлкөлөргө ээ, аларда энергия, азык-түлүк, суу жана ар кандай байлыктар, материалдык мүмкүнчүлүктөр мол.

Жоокерлерди жээктеги калдык күчтөр кыянаттык менен алдап кеткен күнү Шам элинин көтөрүлүшү о.э Сириядагы гана эмес, Иракта, Иорданияда жана Булуңдагы мусулмандардын Сувейдадагы кээ бир друздардын кыянаттыгына каршы бедуин мусулман туугандарына жардамга талпынышы – мунун баары Ислам Үммөтүнүн күчтөрүн козгоо, алардын жардамын алуу мүмкүн экендигине ачык далил. Бул аркылуу чек араларды ачуу, ал тургай жокко чыгаруу, миллиондогон мужахиддерди Америкага, анын тарбия алган "баласы" яхудий түзүмүнө жана анын аймактагы малай режимдерине каршы күрөшүүгө чакыруу мүмкүн. Бул иш биринчи ички малайларды жок кылуудан башталып, Сирия армиясынын курал-жарактарын талкалаган яхудий түзүмүнө каршы жалпы салгылашууга айланат. Бул аракет Палестинанын ичиндеги мусулмандарды, Мисир, Иордания жана Ливандын мусулмандарын өз-өзүнчө тараптан козгоп, натыйжада колонизатор режимдердин колун бош кылып, аларды кулатууга алып келет.

Кээ бир ишеними алсыздар жана Аллахтын убадасына болгон ишеничи начарлар бул сунушту куру кыял деп эсептеши мүмкүн. Бирок Ислам Үммөтүнүн тарыхында ушуга окшогон көптөгөн салгылаштар жана беттешүүлөр болгон, анда мусулмандар румдуктарды жана фарстарды жеңишкен.

Эгерде биз Аллахка гана таянып, Өзүбүздүн күчүбүздү жана мүмкүнчүлүктөрүбүздү пайдаланбасак, анда Америка да, яхудий түзүмү да бизди аман калтырбайт жана бизди шал абалга жеткирип, эркибизди жана чечимибизди колубуздан алып коймоюнча кол салууну токтотушпайт. Демек, алар менен күрөшүү качып кутулгус жана бул эң туура чечим. Бул күрөштө Пайгамбарыбыз ﷺ менен анын рашид халифтеринин үлгүсүн ээрчишибиз, Роббибиздин Шариатын колдонушубуз жана Ислам динин орнотуу аркылуу улуу Ислам мамлекетин кайра тикелешибиз зарыл. Мына ошондо гана биздин бул дүйнө менен акыретте нажат табышыбыз, ийгилигибиз жана кафирлерге болгон көз карандылыктан толук кутулушубуз жүзөгө чыгат.

Аллах Таала айтат:

﴿يَأَيُّهَا الَّذِينَ ءَامَنُوا اسْتَجِيبُوا لِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ إِذَا دَعَاكُمْ لِمَا يُحْيِيكُمْ وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ يَحُولُ بَيْنَ الْمَرْءِ وَقَلْبِهِ، وَأَنَّهُ إِلَيْهِ تُحْشَرُونَ﴾

***“Эй момундар, Аллах жана Анын пайгамбары силерди түбөлүк жашоо бере турган нерсеге** (динге) **чакырган убактысында аны кабыл алгыла жана билип койгула, албетте, Аллах ар бир киши менен анын дилинин ортосун ээлеп турат жана Анын алдына топтолосуңар”***. (Анфал: 24). ❑

# КҮЧ-КУБАТТЫН ИСЛАМИЙ МАМЛЕКЕТТИ ЖАРЫЯЛОО ЖАНА ШАРИАТТЫ ОРНОТУУ ФАРЗДЫГЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ: ТОСКООЛ БОЛГОН АЛСЫЗДЫКТАН ҮЗҮРДҮ ЖОЮУЧУ КУДУРЕТКЕ ЧЕЙИН

(Сирия революциясындагы нусрат баскычын саясий фикхий изилдөө: алсыздыктын жүйөлөрү менен фарз талаптары ортосунда)

**Саир Ахмад Салама**

Күчкө ээ болуу, башкача айтканда, кудурет жана мүмкүнчүлүк Ислам шариатындагы негизги түшүнүктөрдүн бири болуп саналат. Анткени таклиф (шаръий милдет) жана аны ишке ашыруу маселеси дал ушул кудуретке таянып турат. Аллах Таала:

﴿لَا يُكَلِّفُ ٱللَّهُ نَفۡسًا إِلَّا وُسۡعَهَاۚ﴾

***«Аллах эч бир жанды мүмкүнчүлүгү жетпеген нерсеге буюрбайт».*** (Бакара: 286) - деп буйруду.

Сүннөт да бул негизди ырастаган. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан:

«ما نهيتُكم عنه فاجتنبوه، وما أمرتُكم به فأتوا منه ما استطعتم».

**«Мен силерди эмнеден тыйсам, андан алыс болгула. Эмнени буйурсам, аны колуңардан келгенче аткаргыла».** (Бухари, Муслим).

Демек, шаръий хитоб мүмкүнчүлүк жана күч менен чектелет: алсызга жоопкерчилик жок, бирок күчү жетип туруп, шалаакылык кылган адам үчүн үзүр жок.

Бул түшүнүктүн мааниси жеке ибадаттардан жана шаръий жеңилдиктерден тартып муамалаларга, андан кийин чоң жамаъий фарз болгон жихад жана мамлекет курууга чейинки бардык таклиф маселелеринде ачык көрүнөт. Мына ушул жерде суроо туулат: кудурет бар же жок экендигин кантип аныктайбыз? Эгер болсо, анда мамлекетти жарыялоо жана шариатты орнотуу дароо фарз болуп калабы? Же болбосо бизде үзүр барбы, анда ошол учурда шаръий фарз эмне болот? Башкача айтканда, эгер биз алсыз болсок, мамлекетти секулярдык негизде жарыялап, башкарууну Америкага өткөрүп берели деп айта алабызбы?

Бул изилдөөдө биз Куран жана Сүннөттөгү «күчкө ээ болуу» түшүнүгүнүн маанисин талдап чыгабыз. Жеке инсаний мүмкүнчүлүк менен жамаъий, мамлекеттик жана Үммөткө тиешелүү күчтү айырмалап алабыз. Ошондо анын саясий фыкыхта, мамлекетти куруу жана Шариатты колдонуу өкүмүндө кандай таасири бар экенин карайбыз. Ошондой эле алсыздыкты жүйө кылып аракетсиздикти актап алган түшүнүктү илимий талкууга алабыз. Ислам мүмкүн эмес

таклифтерди талап кылбай турганын, бирок мүмкүнчүлүк бере турган күчтү табууга жана колдонууга буйуурарын көрсөтөбүз.

Вакыйлыктын үстүндө биз учурдагы үлгү катары Сирия революциясынын Ахмад аш-Шаранын башкаруусу астында мамлекеттик түзүлүшкө өтүшүн карайбыз. Бул өтүү узак жылдарга созулган күрөш, шаарлардын кыйрашы жана муундан муунга өтүп келген зулумдук менен алсырап турган шартта болду. Кала берсе, кыйынчылыктын үстүнө кыйынчылык болуп, жетекчиликти күч-кубаттын негиздеринен ажыратуу үчүн кыянатчы сионисттик түзүм курал-жарак кампалары менен аскердик өнөр жайын бомбалады. Ошого карабастан, абдан маанилүү оң натыйжа пайда болду: жалпы эл өзгөрүү долбоорунун айланасында биригип, иштер мурдагы абалына кайтып кетпешине көңүл бурушту. Бул болсо мамлекетке зор элдик колдоо берди, аны жашыруун саясий оюндар менен бузуп же кулатуу кыйын болуп калды.

Материалдык жактан муунткан басым менен чексиз элдик колдоонун ушул карама-каршылыгы «кубатка ээ болуу» жөн эле материалдык күч эмес экенин ачык көрсөтөт. Анын маңызы жамаъий аң-сезимдин жемиши жана саптарды бириктирген акыйда болуп, мамлекет үчүн сырттан мурда, ичтеги «иммунитет» маанилүү экенин көрсөтөт.

Ошондуктан, бир жеке мукаллаф (шарий өкүм жүктөлүүчү) чоң держава менен согушууга милдеттүү болгондой же болбосо душман жаңы пайда болгон мамлекет менен сөзсүз толук масштабдуу согуш аркылуу мамиле кыла тургандай, «күчкө ээ болуу» маселесин изилдегенде аны жеке инсандын мүмкүнчүлүгүнө жана материалдык аскерий күчкө гана чектеп коюу чоң жаңылыштык болуп эсептелет.

Шариятта этибарга алынган «күчкө ээ болуу» мындан кеңири түшүнүккө ээ: ал Үммөт же мамлекеттин колундагы күч элементтеринин жыйындысын, күрөштүн табиятын жана түрлөрүн, ошондой эле жооп реакциялардын ыктымалын жана сценарийлерин да камтыйт.

**Ислам мамлекетин куруу манхажындагы негизги түшүнүктөрдүн топтому:**

Кириш сөз

Ислам мамлекетин куруу бул кыялий аракет эмес жана саясий эмоциялардын же революциялык толкундоолордун таасири астында жасала турган тажрыйбалык кадам да эмес. Ал шаръий жактан татаал процесс болуп, коомдук мыйзамдарга да, тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөргө да баш ийет. Ошол эле учурда шарияттагы талашсыз өкүмдөргө да баш ийиши керек. Бул өкүмдөрдү айланып

өтүүгө да, жасалмалуулукка да жол берилбейт. Кандайдыр бир тажрыйба учурдагы бир бийликти же режимди кулатууга жетишсе да, бирок ушул мыйзамдарды четке какса же ошол өкүмдөрдү көңүл сыртында калтырса, анын тагдыры ийгиликсиздик же максаттан бурулуп кетүү болот.

**Биринчи түшүнүк**: коомдук өзгөрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жана алардын мамлекет куруудагы таасири.

Тарыхый жана шаръий байкоолор көрсөткөндөй, коомдорду жана башкаруу режимдерин өзгөртүү туруктуу, өзгөрүлгүс коомдук мыйзамдарга баш ийет. Аллах Таала айтты:

﴿وَلَن تَجِدَ لِسُنَّةِ ٱللَّهِ تَبۡدِيلٗا﴾

***«Аллахтын жолун болсо эч качан өзгөртө албайсың».*** (Ахзаб: 62).

Бул мыйзамдар туш келди иштебейт, тескерисинче, так жана объективдүү эрежелер боюнча иштейт. Алардын бири – пайда болгон мамлекет ошол коомдук түзүлүштүн табигый уландысы болот. Андагы бийлик Үммөттүн көз караштарын, түшүнүктөрүн жана баалуулуктарын чагылдырат. Ошондой эле, бул мыйзамдар даъват менен өз ара кандай аракеттенүү керек экендигин түшүнүү үчүн коомдордун чыныгы вакыйлыгын изилдөөнү талап кылат.

Мисалы, көп жылдар бою кафир колонизатор тарабынан сакофаты, мамилелери анын көзөмөлүндө калыптандырылган коомдордо бийлик рычагдары белгилүү бир жерлерге жайгаштырылып, белгилүү идеялар үстөмдүк кылып калган. Бул коомдорго белгилүү бир фикрий күрөш талап кылынат, алар тиешелүү идеялар, куралдар жана ыкмалар менен дарыланат. Мунун баары жыйынтыгында бекем коомдук таянычы бар мамлекеттин табигый жаралышына алып келет.

Ошондуктан бул мыйзамдарды айланып өтүү мисалы, аскерий төңкөрүш аркылуу, чет элдик интервенция аркылуу же коомдук фикрий жана акыйдавий даярдыгы жок туруп бийликке жетүү – начар пайдубалды, кыйроого жакын мамлекетти пайда кылат. Ал мамлекеттин түркүктөрү аскерий күч же баскынчынын күчү менен гана сакталып турат. Мындай мамлекет душмандын курчоосуна, согушка же жашоо-турмуштун оордугуна туруштук бере албайт. Ал өзүнүн өзөгүнө чоң таасир берген же аны толугу менен жок кыла турган багынуулар менен гана туруштук берүүсү мүмкүн болот. Бирок натыйжада ал келечекте Ислам мамлекети болууга кудуретин жоготот.

**Экинчи түшүнүк**: бийлик маселесинде соодалашуу жок, Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбастан башкаруунун харамдыгы катъий шаръий өкүмдөр менен бекитилген.

Бийлик жана саясат маселесинде Шариаттын катъий өкүмдөрү Аллахтын мыйзамын гана өкүм кылууну милдеттендирет. Бул маселеде баскычтап киргизүү да, соодалашуу да, айрымдарын тандап алып, айрымдарын таштап коюу да кабыл алынбайт. Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбагандык Исламда кескин түрдө харам кылынган.

Аллах Таала бул өкүмдү Маида сүрөсүнүн үч уланма аятында ачыктап, анын тескерисин кылгандарды абалына жараша «кафирлерден», «залимдерден» жана «фасиктерден» деп мүнөздөгөн:

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар кафирлер».*** (Маида: 44)

﴿... فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ﴾

***«… анда алар залимдер».*** (Маида: 45)

﴿... فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«… анда алар фасиктер».*** (Маида: 47)

Бул аяттар Аллахтын шариатынан башка мыйзамдар менен өкүм жүргүзгөн, же аларга ыраазы болгон, же аны алмаштырган ар бир кишини катуу сындап айыптайт.

Аллах Тааланын бул сөзү мындан да кооптуураак:

﴿أَلَمۡ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ يَزۡعُمُونَ أَنَّهُمۡ ءَامَنُواْ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ وَمَآ أُنزِلَ مِن قَبۡلِكَ يُرِيدُونَ أَن يَتَحَاكَمُوٓاْ إِلَى ٱلطَّٰغُوتِ وَقَدۡ أُمِرُوٓاْ أَن يَكۡفُرُواْ بِهِۦۖ وَيُرِيدُ ٱلشَّيۡطَٰنُ أَن يُضِلَّهُمۡ ضَلَٰلَۢا بَعِيدٗا﴾

***«****(Эй Мухаммад)* ***өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге*** *(Куранга)* ***жана сенден мурунку түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирген деп эсептеген*** *(айрым)* ***адамдардын таагутка өкүм сурап барууну каалап жаткандарын көрбөдүңбү? Акыйкатта болсо, аларга ага ишенбөө буйрулган. Анткени, шайтан аларды биротоло жолдон азгырууну каалайт».*** (Ниса: 60).

Бул аяттын далалаты – жөн гана Аллахтын Шариатынан башка мыйзамдар менен өкүм жүргүзгөн таагутка өкүм сурап барууну каалоо эле ыйманды жокко чыгарат. Аллах алардын ыйманын «жөн гана доомат» деп атады. Себеби Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылууну эмес, башка нерседен өкүм суроону каалоо шариатка баш ийүүнүн негизин бузат. Андай болсо, таагутту мамлекеттин конституциясы жана башкаруу системасы кылууну каалаган адамдын абалы ыймандан өтө алыс болот!

Андан да артык, Аллах Таала башка бардык мыйзамдарды «жахилият өкүмү» деп атады:

﴿أَفَحُكْمَ ٱلْجَٰهِلِيَّةِ يَبْغُونَۚ وَمَنْ أَحْسَنُ مِنَ ٱللَّهِ حُكْمًا لِّقَوْمٍ يُوقِنُونَ﴾

***«Динсиздик үстөмдүк кылуусун каалашабы?! Ыйманы толо болгон коом үчүн Аллахтан да чырайлуураак, адилирээк өкүм кылуучу ким бар?!».*** (Маида: 50).

Бул аяттын далалаты – Аллахтын вахийине таянбаган ар кандай мыйзам «жахилият өкүмү» болуп эсептелет. Ушундай өкүмдү чыгарып, аны күчкө киргизген саясий түзүмгө катышуу аны улуктоо жана кабыл алуу болуп саналат. Ал эми момун адам болсо, аны четке кагууга жана ага каршы чыгууга милдеттүү.

Аллах Таала ыйман жана Анын Шариаты менен гана өкүм жүргүзүүнү байланыштырды. Ал мындай деди:

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّىٰ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُواْ فِيٓ أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِّمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُواْ تَسْلِيمًا﴾

***“Жок** (эй Мухаммад)**, Роббиңе ант болсун, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүмдар кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча эч качан момун боло алышпайт”.*** (Ниса: 65).

Бул аяттын далалаты – чыныгы ыйман Пайгамбар ﷺдын сүннөтү жана шариаты өкүм жүргүзгөндө гана толук болот. Башка мыйзамдар менен өкүм жүргүзүү ыймандын негизине каршы келет.

Демек, мамлекет курулуп же бийликке келгенден кийин Шариатты «баскычтап» киргизүүгө болот деген сөздүн маңызы – Аллах түшүргөн шариаттан башка мыйзамдар менен өкүм жүргүзүүнү убактылуу кабыл алуу дегенди билдирет. Бул болсо катъий аяттар менен харам кылынган жана бул нусустар убакыт, шарт же саясий кызыкчылык менен такйид болбостон (чектелбестен) мутлак (абсолюттуу) түрдө келген.

Айрымдардын «шараптын харамдыгы баскычтап келген» деген далили болсо, бул окуя вахий түшүп жаткан мезгилде, дин али толук болбой турган учурда болгон. Бирок Пайгамбар ﷺ вафат болгондо Аллах динин толук кылды. Ошондуктан Анын бардык өкүмдөрү биринчи күндөн тартып дароо жана толук ишке ашырылышы керек, кечиктирүү же токтотуу мүмкүн эмес.

Сахабалар да бир ооздон ар бир фатх кылынган аймактарда Исламды толугу менен жана заматта, эч кандай баскычсыз, ишке ашырган. Жахилият мыйзамдарынын эч нерсесин убактылуу калтырган эмес. Ал эми “баскычтап шариатты орнотуу” деген шылтоо менен батыл мыйзамдарды убактылуу калтыруу аларды Үммөттүн аң-сезиминде борборлоштурат, мөөнөтүн узартат, Үммөттү өзгөрүүгө

болгон деминен ажыратат жана убактылууну туруктуу кылып коёт. Исламда бир да шаръий маслахат (пайда) катъий аятка каршы келбейт. Чыныгы шаръий маслахат Аллах жана Анын Элчиси ﷺ өкүм кылып берген нерсенин өзү болуп эсептелет.

Пайгамбарыбыз ﷺ Шариаттан башка ар кандай мыйзамдарды четке кагууда эң жогорку үлгүнү көрсөттү. Ага ﷺ Меккеде өкүм жүргүзүү, бийликтин айрым бөлүгүн берүү сунушталган, бирок анын акысына даават ишинин бир бөлүгүн таштоо, айрым өкүмдөрдү кечеңдетүү же ширк ибадаттарынан айрымдарын сактап калуу талап кылынган. Бирок ал ﷺ бул сунуштардын бардыгын такыр четке какты. Ошондо Аллах Таала бул маселеде Кыяматка чейин конституция сыяктуу боло турган бүтүн сүрөөнү түшүрдү. Бул сүрө Аллах түшүргөн динден башка мыйзамдар менен өкүм кылууну четке кагуунун жана кандай гана азгырык же баа болбосун, башканы кабыл албоонун эң чоң далили болуп калды:

﴿قُلۡ يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡكَٰفِرُونَ ١ لَآ أَعۡبُدُ مَا تَعۡبُدُونَ ٢ وَلَآ أَنتُمۡ عَٰبِدُونَ مَآ أَعۡبُدُ ٣ وَلَآ أَنَا۠ عَابِدٞ مَّا عَبَدتُّمۡ ٤ وَلَآ أَنتُمۡ عَٰبِدُونَ مَآ أَعۡبُدُ ٥ لَكُمۡ دِينُكُمۡ وَلِيَ دِينِ ٦﴾

***“****(Эй Мухаммад)****, айткын: «Эй кафирлер! Мен силер ибадат кылып жаткан нерселерге ибадат кылбаймын. Жана силер да мен ибадат кылган*** *(Аллах)****ка ибадат кылуучу эмессиңер. Мен силер ибадат кылган нерсеге ибадат кылуучу эмесмин. Жана силер да мен ибадат кылган*** *(Аллах)****ка ибадат кылуучу эмессиңер. Силердин диниңер өзүңөр үчүн, менин диним өзүм үчүн!”.*** (Кафирун: 1-6).

Бул сүрө ыйман, Шариат жана низом менен куфрдун акыйдалары, низомдору жана мыйзамдары ортосунда толук жана кескин айырма бар экендигинин ачык билдирүүсү болуп калды. Акырында:

﴿لَكُمۡ دِينُكُمۡ وَلِيَ دِينِ﴾

***“Силердин диниңер өзүңөр үчүн, менин диним өзүм үчүн!”*** - деп өкүмдү бүтүрдү. Бул болсо Аллах түшүргөн динден башка мыйзамдар менен өкүм жүргүзүү мүмкүн эместиги жана бул маселеде соодалашуу таптакыр харам экендиги ачык-айкын болду.

Ошол убактагы момундардын абалы өтө оор эле, кафирлер аларды күнү-түнү катуу азапташчу. Бирок «кудурет» жана «мүмкүнчүлүккө ээ болуу» деген өкүмдөр Шариат талап кылган иштерге байланыштуу, харам кылынган иштерге байланыштуу эмес. Харам кылынган иштерде «кудуретим жетпей калды» деген жүйөө өтпөйт.

Имам Бухари жана Муслим риваят кылган хадисте Абу Хурайрадан رضي الله عنه келген:

رسول الله ﷺ قال: «ما نهيتُكم عنه فاجتنبوه، وما أمرتُكم به فأتوا منه ما استطعتم».

**«Мен силерди эмнеден тыйсам, андан алыс болгула. Эмнени буйурсам, аны колуңардан келгенче аткаргыла».**

Башка хадисте да Пайгамбар ﷺ айтты:

«إذا أمرتُكم بأمرٍ فأتوا منه ما استطعتم، وإذا نهيتُكم عن شيءٍ فاجتنبوه».

**«Мен силерге бир нерсени буйурсам, күчүңөр жеткенче аткаргыла, ал эми бир нерседен тыйсам, аны таштагыла».**

Демек, буйрукка итаат кылуу мүмкүнчүлүккө жараша, ал эми тыюуга келсек, аны таштоо милдеттүү жана эч кандай шартка байланбайт.

Жогоруда айтылган сөздөрдө Аллах түшүргөн динден башкасы менен өкүм жүргүзүүнү актоо үчүн айтылган бардык жүйөлөрдүн жараксыздыгына так далил бар. Жада калса, бир эле маселе боюнча болсо да. Анткени харамды таштоо “кудуретке ээ болуу” маселесине эч кандай тешеси жок жана Шариат харамдан баш тартууну ага байлаган эмес. Пайгамбарыбыз ﷺ жана сахабалар эң оор абалдарда да бекем турушкан, бирок «зарылдык» же «күчүбүз жетпейт» деген шылтоо менен харам ишке барышкан эмес.

Ошондой эле Пайгамбарыбыз ﷺ Бани Шайбан уруусунун нусрат сунушун четке какты. Алар дааватты бардык тарапка жайылтууну чектеп, арабдар менен гана чектелип, фарстарга жеткирбөөнү шарт кылышкан эле. Бул болсо дааваттын жалпы мүнөзүнө каршы болгон шарт болчу. Демек, бул окуя адамдар чыгарып алган мыйзамдар менен чектелген бийликти кабыл алуу батыл экендигине далалат кылат. Ал тургай бул «өзгөрүүгө биринчи кадам» деп көрсөтүлсө да, түпкүлүгүндө батылды бекемдөө жана Аллахтын хакимият укугун жоготуу болуп эсептелет.

«Баскычтап киргизүү» деген жүйө бүгүн айрым өкүмдөрдү ишке ашырып, айрымдарын кийин ишке ашырабыз дегенди билдирет. Бул болсо, башка айрым куфр өкүмдөрүн «убактылуу» аткарууга жол ачат. Мындай аракет батылды коздоп көрсөтүү жана ал убактылуу болбосо да, убактылуу деген шылтоо менен элди ага каршы чыгуудан “тоңдуруу” болуп калат.

Бул аз келгенсип, алар Исламдан иш жүзүндө дээрлик эч нерсе колдонушпайт, болгону айрым үй-бүлөлүк (ахуал шахсийя) маселелерин гана татбик кылышат. Бул болсо Батыштын чоң пландарынын уландысы болуп, Исламдын көпчүлүк өкүмдөрүн «светтик соттордун» колуна берүү, ал эми Шариат сотун үй-бүлөлүк маселелер менен гана чектөө максатын көздөйт. Натыйжада, мусулмандар талаш-тартыш маселелерин чечүү үчүн светтик сотторго кайрылууга мажбур болушат. Бул болсо алардын талаштарын Исламга

таянып чечүүгө тоскоол болуп, батыл мыйзамдардын үстөмдүгүн Ислам өлкөлөрүндө бекемдейт.

Мындан тышкары, бул Аллахтын Шариатын гана өкүм кылдыруу милдетин жана таагутту өкүмдар кылуудан баш тартууну талап кылган негизги акыйда принцибин тебелөө болот. Ал эми талаш-тартыштарда өкүм чыгаруучу мыйзамдык соттордун үстөмдүгүнө унчукпоо мусулмандардын жашоосун башкарууда «жогорку мыйзамдуулугун» таануу болуп эсептелет.

Бул абдан улуу негиз. Акыйда жана мыйзамдар жагынан кандайдыр бир жеңилдик берүү же соодалашуу таптакыр жаиз эмес. Ал тургай, ал мыйзамдарды четке кагуу мамлекеттин кечирээк курулушуна же ага жетүү жолундагы кыйынчылыктарга алып келсе да жаиз болбойт. Кээ бир исламий кыймылдар «баскычтап киргизүү» ураанын дээрлик элүү жылдан бери жайылтышты. Бирок, жахилият өкүмдөрүн кабыл алууга карай баскычтап баруу жана Ислам өкүмдөрүнөн акырындык менен алыстоонун өзүн гана көрдүк. Алар «кыйын вакыйлык», «акылдуулук», «жай басуу» деген шылтоолорду айтышты. Бирок Шариатты өкүм кылууга карай бир да кадам, бир да жемиштүү натыйжа көрүнгөн жок.

**Үчүнчү түшүнүк**: өзгөрүүдө Пайгамбарыбыз ﷺ колдонгон тарикат менен жүрүү тандоо эмес, ал – фарз.

Мисирде режим кулатылгандан кийин «Ихван» жамааты Шариатты өкүмдар кылууга даярдыгын көрсөткөн тирөөчтөргө ээ эместиги билинип калды. Натыйжада, алар медиа басымы астында «Биз Шариат менен өкүм кылууну каалабайбыз» деп айтууга мажбур болушту. Ошондой эле Тунисте «Ан-Нахда» кыймылынын багытын да көрдүк. Алар өздөрүнүн сөзү менен айтканда «саясий Исламды» дааваттан бөлүштү жана бийликке катышканда «улуттук демократиялык мамлекетке» көңүл бурушту. Алар Халифалыкка же Шариатты колдонууга багытталган ар кандай жолду четке кагышты.

Бул замандын чечүүчү учурлары бизге Пайгамбарыбыз ﷺ колдонгон өзгөрүү тарикатынан секирип өтүү исламий кыймылдарды катуу шамал айдап кеткен жалбыракка окшотуп, аларды Шариатка негизделген мамлекетти табигый жана зарыл түрдө жаратуучу жолдон адаштырып коёорун көрсөтүп берди.

Пайгамбарыбыз ﷺ колдонгон өзгөрүү тарикаты алгач сакофаттандыруу жана өзгөрүү уюшмасын куруудан башталып, андан соң фикирий жана саясий күрөш менен коомдо Ислам жөнүндө жалпы пикирди жаратуу, андан кийин бул жалпы пикир коомдун бийлик борборлоруна жетип, Исламий саясий долбоорго нусрат берүүгө өтүшү аркылуу мамлекетти орнотуу менен жыйынтыкталат.

Бул кадамдар өзгөрүү тарикатындагы шарттуу кадамдар болуп эсептелет жана аларды түздөн-түз Куран менен Сүннөттөн истинбат кылууга болот. Бул жөн гана тактикалык тандоо эмес, тескерисинче, Куран аяттарынан алынган так жана майда-баратына чейин баяндалган шаръий фарз амалдар. Бул нусустар өзгөрүү иштеринин бардык деталдарын камтыйт. Фикирий күрөштүн майда-баратына чейин баян кылып, аны мухкам аяттар менен азыктандырып турган, Меккедеги хак менен батылдын ортосундагы күрөштү башкарган жана багыттап турган. Ошондой эле улуу аяттар түшүп, фикирий жана саясий күрөштүн мазмунуна айланган.

Мындан тышкары, Пайгамбар ﷺдан саясий долбоорго нусрат берүүчү бийликти издеп талап кылууну буйруган. Бул жагдайды Аллах Таала Пайгамбардын ﷺ сабилин (тарикатын) сүрөттөп айтып берген:

﴿قُلۡ هَٰذِهِۦ سَبِيلِيٓ أَدۡعُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِۚ عَلَىٰ بَصِيرَةٍ أَنَا۠ وَمَنِ ٱتَّبَعَنِيۖ وَسُبۡحَٰنَ ٱللَّهِ وَمَآ أَنَا۠ مِنَ ٱلۡمُشۡرِكِينَ﴾

***“Айткын: «Менин Жолум ушул, Мен Аллахка даават кыламын. Мен жана мени ээрчиген адамдар анык-таасын далилге-ишеничке ээбиз.*** *(Ар кандай шериктен)* ***Аллахты аруулаймын.*** *(Анткени)* ***мен мушриктерден эмесмин”.*** (Юсуф: 108).

Бул аят далалатуль ишара (кыйыр маани) менен Пайгамбардын ﷺ дааваттагы тарикатынан баш тартууга эч бир жол берилбестигин түшүндүрөт:

﴿هَٰذِهِۦ سَبِيلِيٓ ... أَنَا۠ وَمَنِ ٱتَّبَعَنِيۖ﴾.

***“Менин Жолум”... “Мен жана мени ээрчиген адамдар”.***

Демек, биз Пайгамбарыбыз ﷺдын дааватындагы жана мамлекетти орнотуусундагы тарикатын ээрчибесек, аны четке кагып, башка жолдорго өтүп кеткен болобуз.

Тарикатка байланышкан өкүмдөр Сүннөттөн да алынат. Ушул иштерден башкасына өтүп кетүү жаиз эместиги усулий истинбаттан белгилүү болот. Анткени, бизге Пайгамбарыбыздын ﷺ сирасынан дал ошол иштерди бекем кармангандыгы жана кыйынчылыктарга карабай алардын альтернатива жолдорун такыр кабыл албаганы жетип келген.

Бул манхажды ээрчүү аң-сезимдүү элдик базага таянуу менен мамлекетти курууну камсыз кылат. Мындай мамлекет биринчи кризис учурунда эле бузулуп же кулап түшпөйт. Хизб ут-Тахрир ушул өзгөрүү манхажын карманганы чоң натыйжа берди, анткени исламий мамлекетти каалаган коомдук пикир дүйнө жүзүндөгү мусулмандар арасында, айрыкча Шам жергесинде кеңири жайылды. Мындан

тышкары, Шам мусулмандарында Шариатты колдонуу зарылчылыгына болгон табигый ишеним бар. Негизинен, «Сирия жана башка жерлердеги коомдук пикир Ислам менен өкүм кылууга даяр эмес» деген шылтоо менен куфр жана баасисттик түзүмдөр кулагандан кийин жаңы секулярдык бийликти куруу эмес, тескерисинче, мамлекетти дал ушул ишенимдин үстүнө куруу жана Шариатты колдонууга даяр элдик базаны пайдаланып ишке ашыруу зарыл.

**Төртүнчү түшүнүк**: курчоого жана үстөмдүккө каршы материалдык жана саясий даярдык зарыл.

Учурдагы вакыйлыктар көрсөткөндөй, колонизатор күчтөр кандай гана экономикалык жана саясий жактан көз карандысыз түзүм болбосун, пайда болгон алгачкы учурларынан тартып аны курчоого алышат. Максат — аны өз системасына киргүүгө мажбур кылуу. Ошондуктан жаңыдан пайда болгон исламий мамлекет эгерде өз ресурстарын камсыздоо, инфраструктурасын коргоо жана энергия менен транспорт ресурстарын көзөмөлдөө боюнча ачык-айкын пландарга ээ болбосо, ал милдеттүү шарттарга байланып берилүүчү карыздардын, чектөөчү келишимдердин жана сакофий көз карандылыктын курмандыгына айланат.

**Бешинчи түшүнүк**: толук альтернатива болбой туруп режимди кулатуу жетиштүү эмес.

Хакимди же режимди кулатуу – эгерде биринчи күндөн тартып эле ишке ашырууга даяр болгон толук шаръий альтернатива болбосо – чыныгы жеңиш болуп эсептелбейт. Мындай альтернатива — Шариатка негизделген конституция, башкаруу, экономика жана саясат системалары менен толук кандуу мамлекет болушу керек. Болбосо, пайда болгон боштук сөзсүз түрдө жаңы бир диктатордук режим менен толот, же эл аралык көзөмөл орнотулат, же мурунку режим жаңы жүздөр менен кайра жаралат.

Эски секулярдык капиталисттик түзүм болсо Үммөттүн иштерин камкордук менен башкарууга таптакыр ишке жарабагандыгын далилдеп берди. Ал элге оор жашоо алып келип, анын экономикалык, соттук, жазалоо жана башка системаларынын баары кыйраганын көрсөттү. Ошондой эле анын дүйнөлүк колонизаторлук системасы менен байланышта экендиги дагы айкын болду. Ошондуктан аны жаңы жүздөр менен кайра алып келүү вакыйлыкка эч кандай өзгөрүү киргизбейт. Ал болгону сырткы формадагы майда өзгөрүүлөр болуп, иш жүзүндө эч кандай таасир кылбайт жана Шариатты колдонууга бир кадам да жакындатпайт.

**Алтынчы түшүнүк**: «кемчиликтүү кудурет» жана анын жаңылыштыкты күчөтүүдөгү таасири.

Эгерде бирер исламий кыймыл даярдыктын жоктугунан, же мамлекетти курууга каршы тоскоолдуктарды жеңүүгө байланышкан стратегиялык пландардын жоктугунан, же эл менен жетекчиликтин биримдигин камсыздаган коомдук пикирди активдештирүүгө көңүл бурбагандыктан, же Үммөттү толук камтыган табигый колдоо базасын түзүүдө бардык Ислам өлкөлөрүндө даават жана өзгөрүү иштерин жүргүзүүдөгү шалаакылыктан, же Халифалык орногондо Үммөттү аны колдоого даярдоо иштерин таштап койгондуктан, же бул колдоону активдештирип, колонизатор мамлекеттерге басым кылып аларды багындыруучу туура план түзбөгөндүктөн Шариатты толук колдонууга жетишерлик күчкө ээ болбой туруп бийликке келсе, анда ал «кемчиликтүү кудуреттин» тузагына түшөт.

Мындай абалда алар секулярдык мыйзамдар менен өкүм кылууну «зарылдык» же «баскычтап киргизүү» деген жүйө менен улантууга аракет кылышат. Бирок, бул түпкүлүгүндө Үммөттү бир катачылыктан дагы да чоңураак катачылыкка алып өтүү жана Аллахтын өкүмүн орнотууну негизсиз кечиктирүү болуп эсептелет. Мындай бийлик ээлери Исламды колдонбогондуктан, коомдун иштерин Аллахтын Шариаты менен эмес, секулярдык конституция жана мыйзамдар менен башкарууга мажбур болушат. Бул болсо алардын өздөрүн же ошол мыйзамдарды чыгарган адамдарды Аллахтын ордуна «Робб» катары көрүшүн түшүндүрөт. Ошентип, алар Аллахка гана таандык болгон Хакимия - өкүм Чыгаруучу сыпатына шерик кошушкан болот.

Шарият боюнча эч качан жергиликтүү же эл аралык абалды, зарылдыкты (дарура), же «кудуреттин жоктугун» жамынып, куфрга чакырууну же куфр түзүмдөрүн жана мыйзамдарын колдонууну актоого болбойт. Бул эң чоң харам амалдардан. Исламга жалаа жаап, «зарылдыкка» же «кудуреттин жоктугуна» байланыштуу куфрду колдонууга уруксат бар деген доомат андан да чоңураак харам.

Бул жерде кандай зарылдык болушу мүмкүн? Карагыла, ондогон жылдарга созулган залим түзүмдү кулатууга күч, мүмкүнчүлүк жеткен, ошол күч менен армиясын да, жүз миңдеген кландык жана уруулук фракцияларын да жеңген бийликтен сыртта турган күч эми бийликке келген соң өзүн «күчсүзмүн, Исламды колдонууга алсызмын, куфрду колдонууга мажбурмун» деп жарыя кылып, ага ылайык мыйзам чыгарып баштайт. Анан ал «алсыздык» абалынан «бийликке жетүү» абалына чыкканда Үммөттүн душмандарынын ыраазылыгын алуу үчүн алардын «жакшы жүрүм-турум күбөлүгүнө» муктаж болуп, аларга жага турган аракет кылабы?!

«Дарура» түшүнүгү:

Ибн Абидин «Хашиясында» (5/45) мындай дейт: «Дарура – бул эгер адам харамды жасабаса, өзүнүн жанынан же бир дене мүчөсүнөн ажырап калам деп коркуусу».

«Чыгуу жолу жок» шарты:

Имам Карафи «Анварул-Бурук» (4/200) китебинде мындай дейт: «Эки зыяндын жеңилин тандоо укугу, экөөнөн тең толук кутулууга мүмкүнчүлүк болбогондо гана жаиз. Эгер экөөнөн тең кутулуу мүмкүн болсо, экөөнүн эч бирин кылууга болбойт».

Факихтердин көпчүлүк бөлүгү да зыянды анын өзү сыяктуу же андан чоң зыян менен кетирүүгө болбойт деген чечим чыгарышкан.

Ал эми бийликти куфр менен жүргүзүп туруп, ага «шаръий легитимдүүлүк» көйнөгүн кийгизүүдөн, аны коомго күч менен таңууланган «тышкы зордук» абалынан алып чыгып, шаръий көйнөк кийгизип туруп «ичтен кабыл алынган мыйзамдуу тандоо» абалына айландыруудан, анан аны элге кооз көрсөтүп, буга чейин ага каршы күрөшкөн элди алдоодон да чоң зыян барбы?!

Дарура шаръий жактан «коомдук» мүнөздө болбойт, ал жеке адамга гана тиешелүү, мисалы, өлүмтүк этин жеш сыяктуу.

Имам Шатиби мындай деген: «Зарылчылыктар харамдарды жетиштүү өлчөмдө гана мубах кылат».

Ошондой эле ал: «Рухсат эч качан туруктуу негизге айландырылбайт», - деген.

**Жетинчи түшүнүк**: аң-сезимдүү коомдук пикир — Ислам мамлекетинин туруктуулугунун кепилдиги.

Эгерде мамлекет убактылуу элдик туйгунун негизинде курулса, бирок Үммөт ичинде Исламий идеялар жана түшүнүктөр бекемделбесе, анда ал саясий жана диний легитимдүүлүгүн тез жоготот. Мындай шартта жетекчилик менен Үммөттүн аң-сезимдүү өз ара байланышынын ордуна күч колдонуучу түзүмдөргө таянууга туура келет. Башкача айтканда, ал өзгөрүүнү мыйзам менен таңуулаганга мажбур болот. Бул анын ички биримдигин алсыратат жана аны сырттан бузууга алда канча ачык кылат. Ал эми Ислам манхажы башынан тартып пикирлерди өзгөртүүгө негизделген. Ошондуктан өзгөрүүнүн булагы Үммөттүн өз ичинен чыгышы керек.

**Сегизинчи түшүнүк**: жаңы жетекчиликтин ичинен колонизаторлукту кайра жаратуу.

Эгер жаңы жетекчиликте тактикалык да, стратегиялык да көрөгөчтүк жана айкын план жетишсиз болсо, ири державалар аны өздөрүнүн эл аралык системасына тартат. Натыйжада ал шарттары жашыруун «миналанган» келишимдерге жана карыздарга кол коюп, экономикасын жана инфраструктурасын Батыштын

кызыкчылыктарына байлап коёт. Мындан тышкары, аны Исламга каршы келген коопсуздук жана сакофий саясаттарды таңуулоого аргасыз кылат. Ошентип, «жеңиш» сыяктуу көрүнгөн нерсе түпкүлүгүндө стратегиялык жеңилүүлөрдүн жана соодалашуулардын тизмегине айланып, өзгөрүүнү мазмунунан куру калтырат.

**Жыйынтык:** Ислам мамлекетин курууга арналган кандай гана долбоор болбосун, эгер ал ушул түшүнүктөрдү түшүнүүгө жана алардын шаръий жана тарыхый-коомдук зарылдыгын кабыл алууга негизделбесе, анда ал долбоор канчалык күчтүү көрүнбөсүн, баштапкы деминде эле алсыз жана туруксуз бойдон калат.

Пайгамбарыбыз ﷺ колдонгон тарикатты бекем кармануу, фикирий, коомдук жана материалдык даярдыктарды талап кылынгандай аткаруу жана Шариат менен өкүм жүргүзүүдө эч кандай соодалашууларга барбоо — мына ушулар гана пайдубалы бекем, үстөмдүккө баш ийбеген жана өзүнүн дааваттык милдетин дүйнөгө көтөрүп чыга ала турган Ислам мамлекетин куруунун кепилдиги болуп эсептелет. ❑

# САЯСИЙ ТҮШҮНҮКТҮН НЕГИЗДЕРИ ЖАНА САЯСИЙ БАГЫТТЫ АНЫКТОО (3)

(калктардын тарыхы, сапаттары, макулдашуусу жана күрөшү)

**Лукман Харзулла**

Тарыхты үйрөнүүдө изилдөөчү ага пайдалуу болгон нерсени айырмалап алып, пайдасыз нерсени четке кагышы зарыл. Бул айырмалоо изилдөөчүнүн максатына жараша болот. Эгер адабият жана көркөм сөз илимин көздөгөн болсо, ал өз үммөтүнүн акын-жазуучуларынын тарыхына сүңгүп кирет. Эгер көңүл ачуу үчүн болсо, элдердин уламыштарына кирип кетет. Эгер, курулай кызыгуу жетелесе, тарыхтагы чечилбес суроолорду казып баштайт. Бирок саясатчы андай жолдорго түшпөйт. Ал өзүнүн максатына ылайык багыт менен жүрөт, ал – кечээки саясатты изилдөө.

**Тарых:**

Элдердин, мамлекеттердин жана жетекчилердин тарыхы – бул иштерди көзөмөлдөөгө жана абалды өзгөртүүгө байланышкан окуялар тууралуу кабарлар. Өз учурунда булар саясий окуялар болгон, бүгүн болсо тарых болуп калды. Элдердин, мамлекеттердин жана жетекчилердин тарыхын изилдөө ар кыл тараптан пайдалуу. Жетекчилердин тарыхы саясатты иш жүзүндө жүргүзгөн саясатчыга жол көрсөтөт. Анткени ал окуялардын жүрүшүн өзгөрткөн, өлкөлөрүн кризистен чыгарган, үммөттөрүн азаптардан сактап калган же аларды көтөрүп чыгып дүйнөлүк деңгээлдеги мамлекеттер катарына жеткирген жетекчилердин иш-аракеттерине көз жүгүртөт. Бул болсо саясатчыга саясатта мүмкүн болгон нерсе вакыйлык экенин, ошондой эле саясатчынын колуна тийгенде ошол вакыйлык кандай абалга айланышы мүмкүн экенин көрсөтөт.

Мамлекеттердин тарыхы саясатчыга эл аралык тең салмактын өнүгүшү, эл аралык салттар менен мыйзамдардын пайда болушу, саясий багыттарды ишке ашыруу жана белгиленген саясаттарды аткаруу үчүн убакыттын өтүшү менен колдонулган таасирдүү куралдар боюнча тажрыйба берет. Ал эми элдердин тарыхын изилдөө саясатчыга элдердин, үммөттөрдүн абалдары, касиеттери жана ошол элдер көтөрүп жүргөн сапаттар менен байланышкан окуялар кандайча өөрчүгөнүн түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Азыркы дүйнөдөгү жетекчилер көп учурда өз тажрыйбаларын өз элдеринин тарыхый жетекчилеринен үлгү алышат. Ислам үммөтүндөгү жетекчилер өздөрүнүн берешендигин Пайгамбарыбыз ﷺдан жана анын артынан келген хулафаи рошидиндер Абу Бакр, Умар, Усман жана Али رضي الله عنهمдан алышкан. Ошондой эле

үммөттү жана мамлекетти мыкты багып-көзөмөлдөгөн халифалардан, мисалы, Харун ар-Рашид жана Сулайман Канунийден رحمهما الله үлгү алышкан.

Америкада болсо жетекчилер Америка мамлекетин куруп, анын бүтүндүгүн сактап, дүйнөдөгү биринчи державага айланган негиздөөчү жетекчилери Жорж Вашингтон жана Авраам Линкольндон өздөрүнүн өжөрлүгүндө жана багыттарында үлгү кылышат.

Орусия жетекчилери болсо, өздөрүнүн күч-кубатын жана саясий багыттарын тарыхый жетекчилерден, мисалы, Пётр I жана Екатеринадан алышат.

Демек, тарыхты изилдөө шабаб жетекчилерге үлгү көрсөтүүдө жана ошол үлгү-мисалдарды колдонуп берешендик менен күч-кубатка жетүүдө өтө маанилүү.

Биз бул изилдөөдө тарыхтан саясий түшүнүк жана саясаттарды түзүүдө пайдалуу болгон нерселерге көңүл бурабыз. Ошондуктан өз үммөтүбүздүн тарыхын да, жер жүзүндө таасирдүү болгон үммөттөрдүн тарыхын да изилдөөбүз зарыл. Бул изилдөөдө ар бир үммөттүн жалпы тарыхын толук эмес, тескерисинче, негизги пункттарын карап чыгуу зарыл. Бул төмөнкүдөй жүргүзүлүшү керек:

**Биринчиден:** ар бир үммөттүн баштапкы пайда болушунан тартып жалпы тарыхын изилдөө. Бул изилдөө аркылуу ошол үммөттүн башынан бери коштоп келген сыпаттарынын айкын сүрөтү ачылат. Бул болсо ошол үммөттүн ойгонуу мезгилинде да, чөгүү мезгилинде да биздин ага болгон көз карашыбызга таасир берет. Эгерде бир үммөттө жетекчилик, бекемдик, жоопкерчилик жана башкалардын да жоопкерчилигин көтөрүү сапаттары топтолсо, анда бул үммөт жок болуп кетпейт. Эгерде ал урунуп жыгылса да, бат эле кайра чогулуп, өз жолуна түшөт да, дүйнөнү өзүнүн тарикатында тарбиялап кете берет.

Ал эми, эгерде бир үммөттө айлакерлик, амалкөйлүк, башкалар менен күчтүү байланышты түзүү, досторду оңой табуу жана душмандарды нейтралдаштыруу сыяктуу сапаттар топтолсо, анда бул үммөт дүйнөгө балээ болот, ал өзүнүн пайдасын көздөп дүйнөгө азап менен согуштан башка эч нерсе алып келбейт. Эгерде бир элде айлакерлик менен кошо коркоктук жана ач көз амалкөйлүк сапаттары жыйналса, анда бул эл ага үстөмдүк кылган ар кандай мамлекет үчүн башаламандыктын булагы болот. Ошондуктан аны башкарган мамлекет ичинде эч качан жетекчилик орунга жол берилбеши зарыл.

**Экинчиден:** үммөттөрдүн тарыхындагы бурулуш учурларды изилдөө зарыл. Бул учурлар алардын тарыхында негизги өзгөрүүлөрдү жараткан жана ошол өзгөрүүлөр үммөттүн пайдасына же зыянына

болгонун, ошондой эле ошол учурларда дүйнөнүн абалы кандай болгонун изилдөө керек. Ушундайча саясатчы эл аралык абалдын өзгөрүшүн түшүнөт, бир үммөттүн көтөрүлүшүн жана экинчисинин кулашын алдын ала баамдай алат.

Мисалы, Худайбия келишими Ислам үммөтүнүн тарыхында бурулуш учур болгон, андан кийин дүйнөдөгү падышаларга каттар жөнөтүлгөн. Кадисия жана Ярмук салгылашуулары да мамлекеттин эл аралык деңгээлге чыгышында бурулуш учурлар болгон. Константинополдун фатх кылынуусу да ошондой. Ал эми, тескерисинче Петр Інин Усман мамлекети менен Азов деңизинин аймагындагы согушу Россия падышачылыгынын тарыхындагы бурулуш согуштардан болгон. Бул согушта Россия Крым татарларынын деңизден пайдалануусун тосуу максатында порт куруп, тоскоолдук кылган. Ошондой эле америкалык революция, анын артынан АКШнын пайда болушу жана эки дүйнөлүк согуш, мунун баары тарыхтагы бурулуш учурлар.

Мына ушундай бурулуш учурлар эл аралык абал жөнүндө, анын өзгөрүшү жана өзгөрүшүнүн себептери жөнүндө, айрым мамлекеттердин алсырашын жана башкаларынын күчтөнүшүн, ошондой эле мамлекеттер бири-бирине каршы курган саясий амалдарды жана тузактарды түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Тарых ар дайым өзүн кайталап турат, болгону ар бир жолу башкача кийим кийип чыгат.

**Үчүнчүдөн:** үммөттөрдү курчаган коркунучтарды, аларга каршы жүргүзүлгөн негизги согуштарды, алардын тарыхый душмандарын жана согуштарда душмандары пайдаланып келген алсыз жактарын изилдөө зарыл.

Мисалы, Россия Европаны тарыхый душманы катары гана көрүп келген. Бул тарыхый факт менен далилденет: Европа тарыхта Россияны үч жолу ири согуш менен басып кирген. Биринчиси, Улуу Түндүк согушунда Швеция падышалыгынын жетекчилиги алдында; экинчиси, Наполеондун жетекчилигиндеги Бородино салгылашында; үчүнчүсү, Экинчи дүйнөлүк согуш маалында Гитлер басып киргенде.

Бул үч жолу тең Россияга батыш дарбазасы аркылуу кол салынгандыгы көңүл бурдурган жагдай. Ошондуктан Россия үчүн батыш дарбазасын коргоо тагдыр чечүүчү маселе болуп калган. Дал ушул себептен улам АКШнын шыктандыруусу менен Украина НАТОго мүчө болууну талап кылганда Россия абдан катуу каршы чыкты, натыйжада 2022-жылы бул аймакта катуу чыңалуу башталып кетти.

**Төртүнчүдөн:** жакынкы тарыхты изилдөө зарыл. Анткени ал азыркы окуялар менен түз байланышта болот. Ошондуктан мамлекеттер жүргүзгөн саясий долбоорлорду изилдөө зарыл. Алар дагы эле ошол долбоорлорду улантып ийгиликке жетип жатабы же ийгиликсиздикке дуушар болуп токтотулдубу? Мунун барын дыкат изилдөө керек.

Белгилүү бир маселеге карата жасалган ар кандай талдоо тарыхты эске албастан жүргүзүлсө, ал жарым-жартылай гана талдоо болот. Маселенин бардык жактары анын тарыхы белгилүү болмоюн толук ачылбайт. Мисалы, Палестина маселесин караганда, аны англиялыктар максат кылып койгон күндөн тартып, андан кийин басып алуусу, яхудийлерге берилиши, Иордания менен Мисирге анын бөлүктөрү үстүнөн бийлик берилген учурлар, андан кийинки бир мамлекеттүү жана эки мамлекеттүү чечим долбоорлору, яхудийлердин Иордания менен болгон мамилелери, яхудийлердин Иорданияга болгон көз карашы, америкалыктардын "эки мамлекет" чечимине жетүү үчүн жүргүзгөн пландары 1950-жылы Палестинаны экиге бөлүү демилгесинен тартып, 1959-жылы "эки мамлекет" долбоорун кабыл алуусу, 1994-жылы Осло келишимин өз кызыкчылыгына бурушу, андан кийин 2020-жылдагы «Кылым келишимине» (Deal of the Century) жетиши, Араб тынчтык демилгесинен нормалдашууга, андан соң «тынчтыкка» өтүүсү, яхудийлердин Иордания менен Сауд Арабиясынын ортосундагы мамилеге болгон көз карашынын өзгөрүшү, Британия менен АКШ ортосундагы ишенимдин алмашуусу, АКШнын толук көзөмөлгө алышы, андан кийин америкалык эки партиянын бөлүнүп, ар бири яхудийлердин ичинде өз-өзүнчө тарапты колдошу, мунун баары тарыхый процесстер. Ушундайча, мындан кийинки ар бир жаңы окуянын контекстин түшүнүү мүмкүн болот.

Өтө маанилүү бир маселени байкап коюу зарыл, ал болсо – тарыхта болуп өткөн окуялар менен чыныгы фактылардын аралашып кетиши. Айрым окуялар белгилүү бир үммөт же мамлекет үчүн ошол учурдагы шарттарга байланыштуу болуп өткөн, ал эми тарыхый фактылар болсо шарттардан көз карандысыз болот. Ошондуктан фактыларды алуу, шарттарга байланган окуяларды болсо калтыруу керек.

Ислам Үммөтү кан төгүүчү үммөт эмес. Тарыхында ички келишпестиктерден улам каны төгүлгөн учурлар болгон күндө да, ошол келишпестиктердин вакыйлыгына кылдат көз чаптырсаң, алардын себеби пайда болгон шарттар менен абалдар же үммөттү аңдабай турган маалда адаштырып кеткен кирме топтор болгонун көрөсүң. Мунун мисалы – харижиттер менен болгон окуялар, Фатимий мамлекетинин түзүлүшү, карамиттердин Харамды ээлеп алышы.

Бирок булардын баары үммөттүн тарыхын өз нукурасынан чыгара алган жок.

Үммөт дүйнөгө өзүнүн мабдасын жеткирүү жоопкерчилигин тарых бою көтөрүп келген, мамлекет кулаганга чейин да ушундай абалда болгон. Эми болсо кайрадан өз мамлекетин тикелөө үчүн аракет кылууда. Демек, шартка байланган окуялар, б.а Ислам үммөтүнүн ички чатактарындагы кандуу окуялар тарых катары алынбайт. Ал эми тарыхый фактар Үммөттүн өз мабдасын жайылтуудагы жоопкерчилиги болуп эсептелет жана алар алынат.

Демек, таасирдүү болгон же келечекте таасирдүү боло ала турган үммөттөр тууралуу тарыхый сүрөттү түзүү саясатчы үчүн маанилүү иш. Ал саясий түшүнүк менен алектенүүнү каалайбы же саясат түзүүнү каалайбы, айырмасы жок.

**Элдердин сапаттары:**

Элдердин сапаттары тууралуу изилдөө саясий изилдөөнүн да, ошондой эле белгилүү бир эл же үммөткө байланышкан саясат түзүүнүн да ажырагыс бөлүгү.

Анткени белгилүү бир өлкөдөгү саясий лидерлер жүргүзгөн саясат алардын өздөрү көтөрүп жүргөн сапаттардан ажырабайт. Ал эми бул сапаттар лидер келип чыккан элдин табиятынан келип чыгат. Максаттарды тандоо да элдердин сапаттарынан бөлүнбөйт. Мисалы, башкаларга үстөмдүк кылууга умтулган элдин максаты өзүнө гана кам көргөн элдин максатынан таптакыр башкача болот. Ошол сыяктуу эле, башкалар үчүн жоопкерчиликти сезген эл саясий максаттарды өзүмчүлдүгү күчтүү элден таптакыр башкача аныктайт.

Элдердин сапаттары коюлган максатка жетүүдө колдонулган пландарга жана ыкмаларга да таасир берет. Мисалы, зулумдукту жек көргөн эл менен зулумга көнүп калган элдин жүрүм-туруму бирдей болбойт, ал тургай алардын максаты бир болгон күндө да.

Дүйнөдөгү биринчи мамлекет тарабынан элдерге жана мамлекеттерге карата жүргүзүлгөн саясат сөзсүз түрдө элдердин сапаттарын эске алуу менен белгилениши керек. Маселен, Ислам мамлекети Шам жана Африка жерлерине кеңейгенде согуштук жол менен алды, ал эми Индонезияга болсо Исламды мусулман соодагерлер алып кирип, ал жерде кеңири жайылды. Демек, мамлекет эки башка элге алардын табиятын эске албай бир эле ыкманы колдонсо, натыйжасы бирдей болбойт, балким ийгиликсиздикке да алып келиши мүмкүн.

Ошондой эле немис эли менен афган элинин айырмасы чоң. Америка Германияны көп жылдар бою басып турду, бирок немистер ага каршы таш да ыргыткан жок. Бирок АКШ Афганистанга киргенде,

жыйырма жыл бою тынчтык көрбөй, акырында ар-намысын жоготуп, маскара абалда чыгып кетүүгө аргасыз болду. Ошондуктан саясат түзгөн саясатчы элдерге байланыштуу саясатты белгилөөдө алардын сапаттарын сөзсүз эске алышы зарыл.

Мына ушуну Пайгамбарыбыз ﷺ бизге үйрөттү. Худайбия күнү курайштар ага ар түрдүү элчилерди жөнөткөндө, ал ар бирине өзүнө ылайык ыкманы колдонгон. Курайштар ахабиштерди жөнөткөндө, алардын башында Хулейс ибн Алкама аль-Кинани турган. Ал Кинанадан чыккан Абд Манат уулу Харистин уруусунан болгон ахабиштердин башчысы жана Курайштын союздашы болчу. Пайгамбарыбыз ﷺ аны көргөндө: «Бул Кудайга сыйынуучу элден, ага курмандыктарды жибергиле, көрсүн», - деди.

Хулейс ибн Алкама өрөөндөн курмандыкка арналган малдардын моюнундагы тагы менен агылып келе жатканын, узакка өз ордуна жетпей кармалып тургандыктан жүндөрү да түшүп калганын көргөндө, Пайгамбарыбыз ﷺга жетпестен, көргөнүнө урмат кылып кайра курайштарга кайтты. Ал аларга болгонун айтып бергенде, алар ага: «Отур, сен бадавий арабсың, эч нерсени билбейсиң», - дешти. Ошондо Хулейс ачууланып: «Эй, курайш жамааты! Аллахка ант, биз силер менен бул үчүн союздашкан эмеспиз жана бул үчүн келишим түзгөн эмеспиз. Аллахтын үйүнө Аны улуулап келген кишини тосуу мүмкүнбү?! Хулейстин жаны Анын колунда болгон Затка ант, силер Мухаммад жана ал келген нерсеге жол ачып бересиңер же болбосо мен ахабиштерди силерден жүз бурдуруп кетем!», - деди. [«Сийра ан-Набавия», Ибн Хишам].

Элдердин сапаттарын алардын тарыхын изилдөө аркылуу түшүнүүгө болот. Бул жерде алардын тарыхын майда-чүйдөсүнө чейин окуу эмес, негизги бурулуш учурларын кароо жетиштүү. Тактап айтканда, алардын ойгонуу тарыхына, кулашына, душмандары менен болгон мамилесине, ошондой эле башынан өткөргөн кризистерге кылдат назар салыш керек. Ушул этаптарды изилдөө аркылуу элдердин жалпы сапаттары чыгарып алынат.

Элдердин сапаттары алардын жеринин табиятынан да байкалат. Деңиздерге, соода жана транспорт жолдоруна, балык уулоого ачык аймактарда жашаган элдерде ошол жердин шартына жана жалпы кесибине ылайык мүнөздөр калыптанат. Ошондуктан англичандар башка элдер менен мамиле түзүүдө жана байланышууда эң жөндөмдүү болуп, ошондой эле эң айлакер жана амалкөй элдердин бири болуп эсептелишкен.

Ал эми, арабдар чөлдөр менен бийик тоолордун ортосунда катаал шарттагы жерде жашашкан. Алардын жашоосу оор болгон, тамагы

кургак болгон. Жашоодогу кыйынчылыктарга дуушар болуп жашашкан. Бирок алардын кеңири чөлдөрү ой-көрөңгөсүн да кеңейтип, Аллах аларды кыйын жашоодон соодага жетеледи. Натыйжада алар башка элдер менен байланыш түзүү жөндөмүн да, кайраттуулугун да бириктиришти. Алар эки жүздүүлүккө көнбөгөн жана жалганды жек көргөн эл болгон.

Пайгамбарыбыз ﷺ алар жөнүндө Бану Шайбан уруусунан жардам сурап чыкканда мындай деген: «Эй, Абу Бакр! Жахилият доорунда кандай гана улуу ахлак бар! Ал сыпаттар аркылуу Аллах Таала алардын биринин зомбулугун экинчисинен тосот жана алар өз ара мыкты мамиле курушат». (Далаил ан-Нубува, Байхакий).

Демек, жердин табияты жана элдин жалпы кесиби элдик сапаттардын себептеринен болуп, тарых болсо ага далил болуп эсептелет.

**Макулдашуу жана күрөш:**

Тарыхта комдор да, мамлекеттер да бири-биринен обочолонуп жашашкан эмес. Эгер тарыхый коомдор менен мамлекеттер ушундай тыгыз мамиледе жашап келишкен болсо, анда бүгүнкү заманда мамлекеттердин башкалардан өзүнчө жашоосу андан да кыйын, айрыкча башкалар менен алака түзүүгө мажбур болгон мамлекеттер үчүн.

Биз бул изилдөөнү дүйнөнүн жыш токойлорунда бүгүнкү күнгө чейин обочолонуп жашаган айрым уруулар менен коомдордон тышкары алып барабыз. Анткени алар да чындыгында өздөрүнө окшогон уруулардан өзүнчө жашашпайт: бири-бири менен согушат, өз ара кызыкчылыктарын коргошот. Бирок аларды биз талкуудан тыш калтырабыз, себеби алардын эл аралык аренага таптакыр таасири жок.

Бул дүйнөдөгү мамлекеттер таасир этүүчү же таасир алдында калуучу болот. Ошондуктан дүйнөдөн обочолонуп жашоону чечкен коомдор да таасир этүүчү мамлекеттердин ач көздүгүнөн сөзсүз таасирленет.

Дүйнөдөгү мамлекеттер башкалар менен алака түзүүгө эки түрткү менен барат: үстөмдүк үчүн же колониялаштыруу үчүн. Үстөмдүккө болгон түрткү улуттун үстөмдүгү, же этностун үстөмдүгү, же мабданын үстөмдүгү болсун, баары ушул алкакка кирет. Ал эми колониялаштыруунун түрткүсүнө мамлекеттердин ресурстарын жана байлыктарын аскердик баскынчылык аркылуу же саясий жана экономикалык келишимдер аркылуу эксплуатациялоо кирет.

Бул эки түрткү эл аралык аренадагы оюнчуларды келишимге же каршылыкка түртөт.

Үстөмдүк түрткүсү Гитлер колдонгон курал болгон. Ал арийлердин үстөмдүгүн көтөрүп чыгып, Европаны басып алуу үчүн согуштарды жүргүзгөн. Ал Дания жана Норвегия тарапка жылганда Швециядан келип турган темир жүктөрүн коргоо максатын көздөгөнү менен, анын жалпы багыты өз расасынын үстөмдүгүн орнотуу болгон. Демек, бул түрткү аны түздөн-түз каршылыкка алып барган.

Ислам мамлекети болсо өзүнүн жерлерин кеңейтүүдө, байлык жана ресурстарды көздөбөстөн, Ислам мабдасынын үстөмдүгү менен жүргөн. Египет менен Шамды фатх кылуу кандай болсо, Араб жарым аралындагы кедей жерлерди фатх кылуу да ошондой болгон. Демек, үстөмдүккө болгон түрткү башка үстөмдүк менен узакка жарыша албайт, болгону убактылуу келишим түзөт да, кайра өзүнүн мабдасын, расасын же улутун үстөм кылуу үчүн күрөштү улантат.

Колониялаштыруу түрткүсү – бул жийиркеничтүү түрткү. Ал күчтүүлөр алсыздарды эзүүгө, кул кылууга, алардын жер байлыктарын өз пайдасына тартып алууга жетелейт. Ушундан улам Батыш капиталисттик мамлекеттери дүйнөнүн Ислам өлкөлөрүн жана Африканы колония кылган доордо бардык башка түрткүлөрдөн жогору коюп, согуштарды жана каршылыктарды дал ушул колониялаштыруу үчүн жүргүзүшкөн.

Мисалы, Франция Нигерди колония кылып, нигерлик балдарды уран кендеринде иштеткен. Ал уран Францияга ташылып, ал жакта атомдук реакторлорду иштетүүгө жумшалган. Ошол реакторлор Францияны электр жарыгы менен камсыз кылып турган учурда нигерликтер кен казууда өлүп, түн киргенде жарыксыз калышкан.

Ошондой эле колониялаштыруу түрткүсү Бельгия падышасы Леопольд IIни Африкадагы Конго Республикасын басып алып, он миллиондой африкалыктын өмүрүн кыйышына жетелеген. Мындан тышкары, кул соодасы да европалыктар үчүн кечээ эле кадыресе көрүнүш болчу.

Ал эми үстөмдүк түрткүсү менен козголгондордун ортосундагы кармаш мамлекеттерди өз чек арасынан ашкан согушка алып келет. Натыйжада тараптардын бири моюн сунмайынча, согуш уланат. Жыйынтыгында күчтүүсү жеңип чыгып, алсыздын үстүнө өзүнүн үстөмдүгүн орнотот.

Бирок улуттук чек аралар ыйык нерсе катары кабыл алынгандан бери мындай түрдөгү кармаш эл аралык деңгээлде жек көрүлүп калды. Ошондуктан мамлекеттер бул эл аралык багытты айланып өтүү үчүн элдик референдумдарга таянган. Мисалы, Австрияда Германия менен биригүүгө болгон элдик көз караш күчтүү болгон, андан соң Аншлюс деп аталган процесс аркылуу Австрия Германияга кошулган. Ошо

сыяктуу эле, Россия Украинанын чыгышындагы жикчил кыймылдарды колдоп, андан кийин өзүнчө «республикалар» деп жарыяланган Донецк менен Луганскты тааныды. Андан соң бул республикалар Россиядан Украина тарабынан болгон «чабуулдардан коргоону» суранышты. Бул көрүнүш орустар үчүн абдан маанилүү болгон, себеби аларды эл аралык мыйзамды бузган тарап катары көрсөтпөө үчүн ушундай саясий айла-амал колдонулган.

Каршылык бир багыттагы тараптардын ортосунда да чыгат. Бул белгилүү бир мамлекеттин өз аймагында жана дүйнөдө үстөмдүк кылууга умтулушунан, ошондой эле байлыктар үчүн болгон күрөштөн келип чыгат.

Батыштагы капиталисттик мамлекеттер мусулман өлкөлөрүндө катуу тирешүүгө барышкан. Анын натыйжасында Америка Англиянын эски колонияларындагы таасирин жок кылып, үстөмдүгүн орнотууга жетишти. Бул аймактарда чыр-чатакты тутантып, агенттерди жок кылуу аркылуу болду. Маселен, 2015-жылы Америка Саудиянын Йеменге каршы соккуларын уюштуруп, ошол убакта америкалыктардын багытына кирип кеткен хусийлерге бийлик үстөлүнө отурууга шарт түзүп берди. Ошентип, алар Али Абдулла Салихти жана анын тарапкерлерин жок кылып, бийликти өздөрүнө каратып алышты. Ошондой эле Америка Ирактын ичинде согуш отун тутантып, аны Англиянын көз карандылыгынан чыгарып, анын байлыктарына ээ болду.

Бирок мамлекеттерди каршылыкка түрткөн кызыкчылыктары аларды келишимге да алып келет. Маселен, 1961-жылы Америка өз кызыкчылыгы үчүн Советтер Союзу менен детант (жылуу мамиле) баскычына өттү. Себеби ал башка чоң мамлекеттердин амбицияларын чектөөнү көздөгөн. Бирок кызыкчылыгы бүткөндө ал 1979-жылы бул келишимди таштады.

Ошондой эле душманчылыкка негизделген кагылыш менен атаандаштыкка негизделген кагылыштын айырмасын байкоо зарыл. Анткени Европа мамлекеттери Америка менен кагылышканда алардын кагылышы дүйнөнүн олжолоруна болгон атаандаштык түрүндө болот. Себеби Европа өзүн да, Американы да бир эле баалуулуктарга жана бир эле маданий багытка ээ деп эсептейт жана Америка Европадан келип чыккан “туунду” катары каралат. Ошондуктан алар бир фронт болуп, башкаларга каршы биригишет да, өз ара атаандашат. Ал эми Россия менен Европанын ортосундагы кагылыш атаандаштык менен эмес, душмандык менен болот. Бул душманчылык ушул эки фронттун ортосунда тарыхый болуп келген.

Кагылыш жана макулдашуу маселесин изилдөө дүйнөдө таасирдүү мамлекеттер үчүн зарыл же аларга байланыштуу маселелер үчүн зарыл. Ошондой эле бул изилдөө ири мамлекет болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ элдер жана үммөттөр үчүн зарыл. Ал эми башкаларды изилдөөнүн эч кандай мааниси жок.

Тарыхта кагылышуу жана макулдашуу мамлекеттерди жалпы таанылган салттарды кабыл алууга, андан кийин болсо бардык тараптар урматтаган мыйзамдарды кабыл алууга жеткирген. Ошондой эле бул кагылышуу жана макулдашуу мамлекеттерди союздарды, альянстарды түзүүгө жана эл аралык конференцияларды өткөрүүгө да түрткү берген.

[уландысы бар]. ❑

# ТРАМПТЫН ТЫШКЫ ЖАҢЖАЛДАРДЫ ЧЕЧҮҮ ЫКМАСЫ

**Ахмад аль-Хатвани**

Трамптын администрациясы тышкы жаңжалдарды жөнгө салууда тышкы өнөктөштөргө муктаж эмеспиз деген идеяга басым жасайт. Бул Трамп MAGA («Америка кайрадан улуу мамлекет болсун», «Америка – биринчи орунда») деп жайылткан ураандарынан келип чыгат. Демек, алар эл аралык өнөктөштөргө таянбай эле, маселелерди өз алдынча чече алабыз деп эсептешет. Башкача айтканда, башкаларды жардамга тартпай көйгөйлөрдү чечүүдө өз алдынча үстөмдүк кылууну каалашат. Ошондуктан алардын жаңжалдарды жөнгө салуудагы стили көбүнчө башка тараптарды четтетүүчү, өнөктөштөрдүн катышуусун жокко чыгарган мүнөзгө ээ болуп калды.

Бул болсо АКШнын тышкы саясаты үчүн жаңы көрүнүш, анткени мындай ыкма мурун, а түгүл Трамптын биринчи мөөнөтүндө да болгон эмес. Маселен, азыркы Трамп администрациясы Британия менен Норвегия кирген Судандын «төрт тараптуу комитетинин» ролун расмий түрдө жокко чыгарды. Ал комитет Трамптын биринчи мөөнөтүндө бар болгон жана Байден администрациясы учурунда да ишин уланткан. Ошондой эле, Армения менен Азербайжандын көйгөйлөрүн чечүүгө беш жылдан ашуун убакыттан бери жоопту болгон жана курамына Россия менен Франция кирген Минск тобунун ролун да бузду. Ал эки мамлекеттин ортосундагы тынчтык сүйлөшүүлөрүн бул мамлекеттерге кайрылбай эле, жада калса кеңеш же сылыктык үчүн да кайрылбастан, өз алдынча жүргүздү.

Акыркы тышкы жаңжалдарда Трамптын администрациясы эл аралык өнөктөштөрдү толук көз жаздымда калтырууда активдүүлүк көрсөттү. Россия менен Украина ортосундагы жаңжал маалында алар Европа мамлекеттерин таптакыр этибарга алышкан жок. Трамп европалыктар менен кеңешпестен, Аляскада Путин менен жеке жолугушуу өткөрдү.

Франция менен Британия болсо негизги Европа мамлекеттерин жана Европа комиссиясын өздөрү менен кошо Украина тарапка тартууга аракет кылышты. Алар өздөрүн чоң европалык блок катары Америка менен бирге Россияга каршы сүйлөшүүлөргө катышууну каалашты. Бирок Трамп аларды четтетип, Путин менен сүйлөшүүлөрдү өз алдынча жүргүзүүдө өжөрлүктү көрсөттү.

Ал тургай, айрым орусиялык аткаминерлер да Европа мамлекеттеринин, өзгөчө Британиянын Украина маселесине кийлигишүүсүн жактырбай калышты. Алардын ролун ачык эле

«Россия менен Америка ортосунда жүрүп жаткан сүйлөшүүлөрдү бузууга багытталган аракет» деп сыпатташты.

Мындан тышкары, маалыматтарга караганда, Британиянын премьер-министри Стармер Украина президенти Зеленскийди Трамп менен кантип жолугушуу, кантип өзүн алып жүрүү боюнча машыктырган. Натыйжада Зеленский мурдагыдай аскердик кийимде эмес, классикалык кара костюм-шым кийип чыкты жана эки мүнөттүн ичинде Трампка алты жолу ыраазычылык билдирди.

Бул мисалдардан айкын көрүнүп тургандай, АКШнын тышкы саясатындагы жаңжалдарды жөнгө салуудагы биринчи өзгөчөлүк – аларды чечүүдө өз алдынча үстөмдүк кылуу жана эл аралык күчтөрдү жакындатпоо. Америка администрациясы муну өз күчү менен эле ишке ашыра алабыз деген ишенимден улам кылат жана өнөктөштөргө муктаж эмеспиз деп эсептейт.

Ал эми бул саясаттын экинчи өзгөчөлүгү – жаңжалды башкаруунун акысы катары тараптарды уятсыздык менен кысымга алып, коркутуу аркылуу эң чоң материалдык пайда табуу. Маселен, Руанда менен Конгонун жаңжалын жөнгө салууда америкалык компаниялар Конгонун чыгышындагы майда электроника өндүрүшүнө зарыл болгон сейрек кездешүүчү металл кендерине кирүү мүмкүнчүлүгүн алышты. Ошондой эле, Индия менен Пакистандын жаңжалын жөнгө салуу жөнүндө келишимге кол коюлгандан кийин америкалык компанияларга Пакистандын зор мунай запастарын өздөштүрүүгө жана иштетүүгө жол ачылып, мындан тышкары АКШ менен Пакистан ортосунда чалгын кызматтары боюнча кызматташтык күчөтүлдү. Ал тургай Пакистандын өкмөтү эмес, түз эле армиясы АКШ–Пакистан саясий мамилелерин башкарууга жооптуу кылынды. Өкмөт болсо болгону Трампты Нобель сыйлыгына көрсөтүү милдетин аткарды.

Ал эми Таиланд менен Камбоджанын жаңжалын жөнгө салууга келсек, ал Малайзияда малайзиялык ортомчулук менен кол коюлган жана Трамп эки мамлекеттин ортосундагы согушту токтотуп койдук деп жарыялады. Мунун акысына америкалык компаниялар эки өлкөдөн тең ири соода келишимдерин алып чыгышты. Камбоджа болсо Трампты Тынчтык боюнча Нобель сыйлыгына көрсөтөрүн жарыялады.

Азербайжан–Армения жаңжалына байланыштуу болсо, эки мамлекеттин президенттери кол койгон тынчтык келишими аркасынан «Зангезур коридору» «Трамп коридоруна» айланды. Түркия Азербайжанды Нахчыван автономиялуу республикасы аркылуу өз аймагына туташтырууну пландаган бул коридорго Иран менен Россия каршы чыгып келген. Бирок Армения аны АКШга жүз жылга ижарага

берүүгө макул болду. Натыйжада ал дүйнөдөгү эң маанилүү соода жолдорунун бирине айланып, Россия, Кытай жана Ирандын аймактагы жол жана долбоор куруу аракеттерин токтотуп салды. Түркия болсо бул долбоорду ойлоп тапкан тарап болгондугуна карабай, АКШнын ири соода жана геосаясий долбоорун ишке ашыруучу куралга гана айланды. Азербайжан президенти Ильхам Алиев бул тууралуу мындай деди: «Трамп алты айга жетпеген убакытта керемет жаратты».

Трамптын бул ири материалдык ийгиликтеринен тышкары, бул келишим Арменияны орустун таасиринен жана Россия–Кытайга таандык Шанхай уюмунан алысташына алып келди. Ошондой эле Азербайжан да америкалык таасирге баш-оту менен киргизилип, көз карандылыгы бекемделди.

Ал эми Россия–Украина согушуна келсек, Америка мурунтан эле Украинадан бардык аймактарында сейрек кездешүүчү металлдарды казып чыгаруудагы кирешелердин жарымын америкалык компанияларга берүү боюнча макулдук алган.

Демек, азыркы Трамп администрациясынын көз карашында кризистерди чечүүдөгү АКШнын өз алдынчалыгы жана материалдык пайдага жетүү – АКШнын тышкы саясатындагы жаңжалдарды жөнгө салуунун эң негизги өзгөчөлүктөрүнө айланды. Бул ыкма эл аралык блокторду ыдыратууга, Кытайды курчоого жана аны Россиядан обочолонтууга, Европаны алсыратууга жана АКШны эл аралык аренада үстөмдүк кылган жалгыз күч катары калтырууга өбөлгө түздү.

Америка Россия Советтер Союзу эмес экенин жана Батышка эч кандай коркунуч туудурбашын жакшы түшүнүп калды. Украинадагы сазга үч жыл бою баткандыгы анын аскердик жактан АКШга салыштырмалуу алсыз экендигин дагы бир ирет көрсөттү. Ошондуктан аны менен күрөшүүдө НАТО сыяктуу альянска муктаждык жок. Мунун натыйжасында америкалыктар мындай чечимге келишти – натыйжа бербеген жана кереги жок альянс үчүн Америка казынасынан акча коротууга зарылдык жок. Ошондой эле Америка европалыктар өтө эле алсыз экенин түшүнүп, алар Россия менен согушту өз кызыкчылыктары үчүн АКШнын колу менен жүргүзүүгө аракет кылып жатышканын аңдады. Демек, Америка аларды каржылоону татыксыз көрүп, олуттуу эл аралык оюнчу катары эсептебей калды. Ошондуктан аларды эл аралык аренадагы абалдан четтетүү керек. Бул жагдай айкын түрдө 2025-жылдын 18-августунда өткөн Вашингтон жыйынында көрүнүп калды. Анда Британия, Франция, Германия, Италиянын лидерлери, Европа комиссиясы, НАТОнун өкүлдөрү жана Украина президенти Зеленский катышышкан. Алардын баары устатынын алдында отурган

окуучулардай көрүнүштү. Трамп болсо аларды тең атаандаш катары эмес, кемсинтип мамиле кылды: катар-катар жыгач отургучтарга угармандар сыяктуу отургузуп, жолугушууну ортосунан үзүп, Путинге телефон чалды. Муну атайылап алардын көзүнчө жасап, өзүнө керектүү нерселерди угузду жана алардын канчалык начар, алсыз жана маанисиз экенин көрсөттү.

Демек, бул жыйын алар америкалыктар үчүн мындан ары эл аралык аренадагы негизги оюнчулар эмес экенин расмий жарыялоосу сыяктуу болду. Акыркы жүз жылда алардын америкалык «калканга» таянуусу аларды ушул абалга б.а алсыздыкка жана кордукка алып келди. А түгүл алар Украинанын коопсуздугуна өз алдынча кепилдик бере алышпайт.

Мына ушинтип, бүгүн дүйнө үч аскердик күчтөн турат: Америка, Россия жана Кытай. Бирок аскердик жана экономикалык жактан дүйнөлүк деңгээлдеги чыныгы эки гана мамлекет калды – Америка менен Кытай. ❑

## ҮММӨТ ТИРҮҮ ЖАНА ӨЛБӨС КАЛЫПТА… ТӨРӨЛҮҮ АЛДЫНДА СӨЗСҮЗ ТОЛГОО БОЛОТ

**Абдульмахмуд аль-Амири – Йемен вилаяты**

Ислам үммөтүнө келген жарака жана бөлүнүү кокустук эмес, ал үммөттүн башы болгон Халифалык кулатылган катуу соккунун натыйжасы эле. Акыбетте саясий түзүлүш кыйрады, башкаруу органдары токтоду, бөлүктөрү талкаланды. Үммөт жерге жыгылган дөө сыяктуу болуп калды, көздөрү мелтиреп, саамайлары чөгүп калды. Көптөгөн наадан жана чыккынчы адамдар бул дөө түбөлүккө өлдү деп ойлошту. Бирок чынында үммөттүн жүрөгү дагы эле согуп турат, ал токтогон жок, өлгөн жок.

Халифалыктын кулатылышы тарыхтагы жөн гана өтүп кеткен окуя эмес, ал биздин Пайгамбарыбыз ﷺдын элчилик миссиясынан бери Ислам үммөтүнө келген эң кооптуу саясий кырсык болду. Анын жоктугу Ислам өкүмдөрүнүн токтотулушу, Шариаттын бийликтен четтетилиши, үммөттүн биримдигинин бөлүнүшү жана үммөттүн мойну колонизатор кафирлерге тапшырылышы дегенди билдирет.

**Ал кантип кулатылды?**

Усманий халифалык акыркы кылымында алсырап калганы менен, ал дагы эле мусулмандарды бир туугандык роясы астында жыйнаган акыркы саясий калкан болгон. Ал мусулмандарды Аллахтын Шариаты менен башкарды жана алардын жерлерин коргоду. Бирок XX кылым башталганда Британия жана Франция баштаган куфр күчтөрү ички агенттеринин жардамы менен бул мамлекетти бөлүп-жарууга киришти. Алардын эң кооптуу куралы Мустафа Кемал болду. Ал – Аллахтын жана бүтүндөй адамзаттын каргышы тийсин – Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин жок кылуу долбоорун ишке ашырды. Ал Түрк армиясынын башчысы болуп жарыяланып, “жалган куткаруу” кампаниясын жүргүзгөндөн кийин халифага каршы чыкты жана 1924-жылдын 3-мартында Түркия парламентинин чечими менен Халифалыкты расмий түрдө жойду. Ага каршы чыккан ар кандай адам камакка алынып, сүргүнгө айдалды.

**Усман Халифалыгынын кулатылышынын себептери**

Биз айтабыз, Халифалыкты англиялыктардын агенти Мустафа Кемалдын колу менен расмий түрдө жоюу жөн гана саясий чечим эмес эле, ал үммөттүн түзүлүшүн силкинткен хазарий зилзала болду. Анткени куфр күчтөрү Ислам денесиндеги өлүмгө алып келүүчү жаракаларды пайдаланып, ага каршы жашыруун кутум уюштурушкан. Мамлекеттин ички алсыздыгы, институттарынын ыдырашы,

башкаруудагы коррупциянын жайылышы, саясий жана шаръий ижтихаддын жоктугу, мамлекеттин кадрдык сапаттарга эмес, жеке берилгендиктерге таянуусу, баары кошул-ташыл болуп Халифалыкты кулатууга жол ачты.

**Ал эми бул себептердин эң көрүнүктүүлөрү төмөнкүлөр:**

1 – Исламды түшүнүүнүн алсыздыгы:

Мусулмандардын өз динин түшүнүүсү алсырады. Концепциялар реалдуулуктан ажырап, Ислам жашоо системасы эмес, жалаң гана ибадаттардын жыйындысы болуп калды. Ислам амалий колдонмосу жок, назарий акыл насааттардын топтому болуп калды. Мусулмандар Исламды мамлекетти камтыган дин катары сезбей калышты. Фикх болсо даарат жана ибадат маселелерине гана чектелип, бийлик, экономика жана коомдук жашоо каалоого жана салтка ташталган. Ошентип, Ислам элдин көзүндө идеалдуу, бирок жашоодон бөлүнгөн идея болуп калды. Бул кемчилик Исламды мусулмандардын турмушунда жалаң жеке адамдын ырым-жырымдарына айлантты. Ал саясий, экономикалык жана коомдук системаны башкаруучу дин болбой калды. Натыйжада өкүмдөр жашоодон жоголду, Шариат колдонулган көрүнүштөр кескин кыскарды.

2 – Батыштын сакофий чабуулунун мусулман жерлерине кириши:

Батыш ок чыгарган жок, тескерисинче китептерди, түшүнүктөрдү жана программаларды иштеп чыгып, мусулмандын акылын айнытып салды. Ал өзүнүн хазаратын акылга таянган, ал тургай Исламдан алынган деп жайылтты, демократия болсо Исламга каршы келбейт деп үгүттөдү! Айрым ойчулдар бул нерсеге алданып, үммөт өзүнүн акыйдасынан акырындык менен ажырай баштады, бирок аны прогресс деп ойлоду. Батыш өзүнүн акылын жана баалуулуктарын киргизип, өзүнүн ойгонушу Ислам хазаратынан алынган деген элес берди. Батыш улутчулдук, демократия жана секуляризм сыяктуу баалуулуктарды жайылтып, мусулмандардын көбү аларды басып алган колонизаторлордун куралдарын өздөрү коргоп калышты. Ал эми негизги Батыш мамлекеттери болгон Британия, Франция, Россия Усман халифалыгын бөлүп-жаруу үчүн план түзүп, козголоңчул кыймылдарды колдоп, ар бир боштукту пайдаланып, Халифалыкты ичинен алсыратты.

3 – Агенттердин жана тыңчылардын ролу:

Алардын эң көрүнүктүүсү – Мустафа Кемал. Ал «реформа жана жаңылануу» деген ат менен 1924-жылы Халифалыкты расмий түрдө кулатуу үчүн колдонулду. Чынында болсо, ал Батыштын долбоорун аткаруучу агент эле.

4 – Саясий иштин аскерлештирилиши:

Үммөт менен биргеликте иш алып баруунун ордуна, айрым фракциялар жана жетекчилер бийликке жетүүнүн жолу катары аскерий күчтү колдонууга өтүштү. Бул шаръий өлчөмдөрдүн кулап калышына жана бөлүнүүлөрдүн тереңдешине алып келди. Байъаттын мааниси жоголду, бийликтин шаръий шарттары ишке ашпай калды. Ошентип, үммөт алсырап, анын мухасаба кылуу жана нусрат берүү ролу четке сүрүлүп, төмөндөй баштады.

5 – Вилаяттардын Халифалык борборунан бөлүнүп чыгышына кайдыгерлик кылуу:

Халифалардын Шамда жана Андалусияда болгондой, айрым вилаяттардын борбордон бөлүнүп кетишине жол бериши акырындап Ислам саясий биримдигинин ыйыктыгынын жоголушуна алып келди. Бул болсо «улуттук мамлекет» сакофий түшүнүгүнүн пайда болушуна жол ачты. Батыш 1924-жылы Халифалык расмий кулатылгандан кийин аны толук бекемдеп алды. Натыйжада үммөт кожоюнсуз калды, аны бириктирген мамлекетсиз жана коргогон армиясыз калды.

6 – Валийлерге ашыкча ыйгарым укуктарды берүү жана алардын кеңейиши:

Валийлерди көзөмөлсүз кеңири ыйгарым укуктар менен камсыздоо алардын бийликке болгон көз артуусун күчөтүп, өз алдынча чечим чыгарып, борборго каршы чыгышына алып келди. Натыйжада вилаяттар чакан мамлекеттерге айланды. Мамлекет бүтүндүгү урады, сахна Ислам душмандарына кийлигишүүгө, көзөмөлдөөгө жана акырында кулатууга даяр болду. Бийликке жана кеңейүүгө болгон ашкере кумар аларды көз карандысыз падышадай мамиле кылышына алып келди. Ошентип, халифанын кадыры жоголду.

7 – Аскерий жетекчиликке байланышкан Исламий түшүнүктөрдү колдонуу жана сакофий түшүнүктөргө кайдыгер кароо:

Айрыкча Усман фатхтарында аскерий кеңейүүгө көңүл бурулуп, үммөттү Исламдын сакофий жана саясий долбооруна тарбиялоо четке сүрүлдү. Натыйжада Ислам дааватын көтөрүүнүн максаты көмүскөдө калды.

8 – Ижтихад эшигинин жабылышы:

Мамлекет жана коом маселелеринде ижтихад токтоп калды. Акыл Ислам чегинде жаңы ой жүгүртүүдөн жана чыгармачылыктан ажырады.

9 – Илим жана өнөр жайда артта калуу:

Европа алдыга жылып жаткан учурда Усман мамлекети артка кетти. Натыйжада кемчилик сезими жана ички жеңилүүчүлүк тереңдеди.

10 – Жерлерди каршылыксыз жоготуу:

Душмандар Ислам мамлекетинен Иранды, Балканды, Жазираны жана башка аймактарды бөлүп алууга батынды. Бирок олуттуу жоопболгон жок. Натыйжада мамлекеттин образы ички жана тышкы дүйнөдө солгундады.

11 – Үммөттүн жалпы аң-сезимин бурмалоо жана миссионердик чабуулдун жайылышы:

«Инсаният, билим берүү жана жардам» деген ураандардын алдында насроний миссионерлер үммөт арасына кирип, фитнаны жайды. Алар үммөттүн уулдарын өз динине жана үммөтүнө каршы жалдаш үчүн батышчыл идеяларды, европалык билим берүү системасын, либералдык жана демократиялык түшүнүктөрдү жайды. Халифалык болсо «артта калуу жана зулумдук» катары көрсөтүлдү.

12 – Улутчул козголоңдордун күчөшү:

Араб, түрк, күрт, армян сыяктуу улутчул козголоңдор көтөрүлүп, «өз алдынчалык» жана «эркиндик» деген ураандар менен бөлүнүүчү кыймылдар түзүлдү. Акыйда биримдигинин ордуна кан жана улут байланышы коюлду. Бирок алардын чыныгы максаты Халифалыкты бөлүп-жаруу болду.

13 – Яхудийлердин жана сионизмдин кирип келиши:

Яхудийлер бөлүп-жаруу долбоорун каржылоо, пландаштыруу жана толук европалык колдоого ээ болуу аркылуу Ислам дүйнөсүнө кирип келди. Алар ички кулатуу куралы катары колдонулду.

14 – Ошол убактагы Исламга негизделген мабдаий саясий партиянын жоктугу:

Мусулмандар кулоону токтотууга же дароо кайра курууга аракеттенген аң-сезимдүү саясий долбоорсуз калышты.

15 – Айрым жергиликтүү жетекчилердин чыккынчылыгы:

Алардын эң көрүнүктүүлөрүнүн бири – (Шариф) Хусейн. Ал «Улуу араб көтөрүлүшү» деп аталган нерседе Британия менен союздашып, ага «Араб падышалыгын түзүп беребиз» деген жалган убада берилген. Натыйжада ал Халифалыкты кулатуучу негизги балталардын бири болуп калды.

16 – Биринчи дүйнөлүк согуш:

Усман мамлекети Германия тарапта согушка кирип жеңилди. Бул анын мурасын бөлүштүрүүгө жана Халифалыкты толук жок кылууга чоң шылтоо болду. Халифалыкты кулатууда Британия түздөн-түз эң чоң ролду ойноого жетишти. Ал улутчул кыймылдарды колдоп, агенттерди жайгаштырып, Батыштын улутчулдук жана «жарандык мамлекет» идеяларын жайды. Британия тышкы иштер министри Лорд Керзон Халифалык кулатылгандан кийин парламентте ушул белгилүү сөзүн айтты: «Биз Түркияны кыйраттык, эми ага кайра турууга

мүмкүнчүлүк жок, анткени биз анын руханий күчүн – Халифалыкты жана Исламды – жок кылдык».

**Халифалык кулатылгандан кийин… Ким чыккынчылык кылды, ким адаштырды?**

Халифалык мамлекет кулатылгандан кийин кафир колонизаторлорго үммөттү бузууга жана саясий картасын өз кызыкчылыктарына ылайык кайра түзүүгө эшик ачылды. Тарых жана документтер менен далилденгендей, улутчул жана «улуттук» кыймылдар бул кылмышта найзанын башы болушкан. Алар үммөттүн биримдигин жана ар-намысын коргоонун ордуна, чет элдиктерге кызмат кылышты, үммөттү бөлүп-жарып, «эркиндик» жана «өз алдынчалык» деген ат менен Исламга каршы күрөш жүргүзүштү!

Саясий таватур аркылуу аныкталгандай, бул кыймылдар – араб, фарс жана түрк улутчулдары, ошондой эле «улуттук көз карандысыздык» чакырыгын көтөргөндөр – колонизатордун куралы гана болгон. Алар анын пландарын аткарып, бөлүнүүнү күчөтүп, Исламга эч кандай тиешеси жок түзүмдөргө мыйзамдуулук берген. Халифалыкты жоюунун артындагы жашыруун сырлар Исламга жана мусулмандарга каршы эл аралык жана жергиликтүү кутумдун масштабын ачып берет жана болгон окуя жөн гана саясий алмашуу эмес, тескерисинче Исламды түп-тамырынан жок кылууга багытталган пландуу процесс болгонун көрсөтөт.

Алардын эң маанилүү сырларынын бири:

1 – Улуттук кийимдеги агенттерди жаратуу:

Британия башында турган Батыш Халифалыкты түздөн-түз өзү жойгон жок, тескерисинче Мустафа Кемал сыяктуу «улуттук» кейиптеги адамдарды жаратып, аларды «эркиндик жана көз карандысыздык» чапаны менен ороп, түпкүлүгүндө Исламий башкарууну жок кылуу долбоорун ишке ашыртты. Британия сахнанын артында туруп, ал жана анын тарапкерлери анын куралы болуп беришти. Британия архивдик документтери алардын ортосундагы координацияны жана берилген толук колдоону ырастайт. А түгүл бүгүнкү күндө Батыштын айрым саясатчылары: «Биз Халифалыкты мусулмандардын колу менен жок кылдык» деп ачык моюнга алышууда.

2 – Батыштын улутчул жана секулярдык кыймылдар менен союз түзүшү:

Ислам биримдигин талкалоо үчүн түрк жана араб улутчулдугу жайылтылды. Халифалык бириктирип турган болсо, улутчулдук бөлүп-жарды. Бул кыймылдарга акча, маалымат каражаттары жана машыгуулар аркылуу колдоо көрсөтүлдү. Ошентип, Ислам

тарыхындагы эң чоң каргашалуу окуя – улуттук жана улутчулдук кейиптеги жийиркеничтүү куралдар аткарган шайтандын планынын натыйжасы болду. Үммөт майдаланган мамлекеттерге бөлүндү, бириктирүүчү мамлекет болсо лидерсиз, долбоорсуз жана ар-намыссыз бөлөк-бөлөк түзүмдөргө айланды.

3 – Саясий чабуулдан мурун фикирий чабуул:

Халифалык түшүнүгү мусулмандардын акылында жок кылынып, андан кийин гана расмий жоюлду. Дин менен мамлекетти бөлүү идеясы жайылды. Жихад, шура жана Халифалык түшүнүктөрү бурмаланды. Натыйжада мусулмандар алардын баалуулугун түшүнбөй калышты.

4 – Жоюунун убактысын так аныктоо:

Биринчи дүйнөлүк согушта Усман мамлекети алсырап, аймактары басылып алынып, Лозаннадагы кордоочу келишимге мажбурлангандан кийин, 1924-жылдын 3-мартында Халифалыкты жоюу жарыяланды. Бул мусулмандардын алсыздыгын пайдалануу менен ишке ашырылды

5 – Аалымдардын унчукпай калышы жана чыккынчылыгы:

Аалымдардын көбү унчукпай коюшту, же колдоп беришти, же болбосо майда маселелер менен алектенип калышты, ошол эле учурда Исламдын башы алынып жатты. Аалымдардын аз гана бөлүгү каршы чыгышты, бирок алар сүргүнгө айдалды же өлтүрүлдү.

6 – Халифалык жоюлгандан кийин Исламды кысымга алуу жана булактарын жок кылуу:

Мустафа Кемал шаръий мектептерди жапты, мечиттерди музейге айлантты, азанды араб тилинде айтууга тыюу салды, Куранды латын ариби менен жаздырды, ачык эле хижабды жок кылды жана Шариатты Швейцария мыйзамы менен алмаштырды!

7 – Үммөт кайрадан ойгонушунан коркуу:

Батыш Ислам эч качан өлбөй турганын билет. Ошондуктан Халифалыкты жок кылып, ага иштегендер менен күрөшүү зарыл болгон, болбосо ал кайрадан жаңы башталыш чекитине айланып калмак. Бүгүнкү күндө да алар Халифалык тууралуу сөздүн өзүнөн титирешет.

Халифалыкты кайтаруу үчүн бир нече кыймылдар чыккан, бирок баары ийгиликсиз болду. Себеби алар үммөттү Ислам тарикатынан тышкары – улутчулдук, улутчул-мекенчилдик, секуляризм, демократия аркылуу – тирилтүүгө аракет кылышты. Бирок мунун баары али өлө элек «тирүү кишинин мурасын бөлүштүрүүгө» окшойт!

Негизи, тарикат биринчи орунда турат. Аллахтын өкүмүнө таянбаган ар кандай иштин баасы жок. Хадис шарифте Аиша энебиз رضي الله عنها риваят кылат:

قال رسول الله ﷺ: «كُلُّ عَمَلٍ لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ» ( رواه مسلم )

**«Биздин буйругубузга ылайык болбогон ар кандай амал кайтарылат»**. (Муслим риваяты).

Бул пайгамбарлык ачык эреже, кандайдыр бир иштин сырткы көрүнүшү пайдалуу же таң каларлык болбосун, Исламга шариат жана манхаж катары негизделбеген болсо, анын ийгилик эшиктери жабылат дегенди түшүндүрөт. Бул – эч кимге жагынбаган тараза. Үммөт өз иштерин, аракеттерин, долбоорлорун, а түгүл ниеттерин ушул тараза менен өлчөп турат.

Эгер биз улутчулдук, мекенчилдик же регионалдык өзгөрүү кыймылдарынын кылган иштерине чынчыл назар салсак, адашуунун себеби бир гана натыйжаларда эмес, баштапкы негиздеринде жана ыкмаларында да бар экенин көрөбүз. Бул кыймылдар Аллахка ихлас кылган эмес жана Ислам акыйдасы негизинде иш алып барышпаган. Алар колонизатор жараткан, батышчылдар жасалгалаган жат ойлордон келип чыккан.

Ошентип, алар сазга батып алып, ошол сазды өзгөртүүнү каалашты, бирок өздөрү анын ичинде чөгүп жаткан эле. Бул кыймылдар жөнүндө сөз башка пикирге урмат көрсөтүү же алардын аракеттерин оңдоо максатында эмес, ачык адашууну, тарикаттагы акылсыздыкты жана бул дүйнөдө да, акыретте да жаман акыбетинин коркунучун көрсөтүү үчүн айтылууда. Балким, алардын жолунда жүргөн айрым адамдар адашканын түшүнүп, кайра туура жолго кайтып, кеч болуп калардан мурун жаңылыштыктан баш тартышар. Анткени дал ошолор капиталисттик түзүмдүн өмүрүн узартуу үчүн аны көтөрүп чыгышкан жана көтөрүп жатышат.

Кээ бир Исламий кыймылдардын мүчөлөрү жакшы ниетте айрым аракеттерди кылышканы менен, манхаждагы бузулуу, жахилийа режимдерине тайгаланып кирүү же кафир эл аралык түзүмдүн куралдарына аралашуу алардын көбүн компастан ажыратты. Натыйжада бул кыймылдар пайда болуп, манхаж жана түшүнүк жагынан бөлүнүп кетишти:

- Реформалык кыймылдар. Алар турмушту түп-тамырынан өзгөртпөстөн, болгону жакшыртууга умтулушту.
- Суфий жана ибадатчы кыймылдар. Саясаттан бөлүнүп, өзүнчө обочолонуп калышты.

- Жихадчы кыймылдар. Катачылыктар менен беттешти, бирок саясий долбоордон куру калышты.
- Конституциялык кыймылдар. Тагут системаларына аралашып кетишти.
- Төңкөрүшчү кыймылдар. Аң-сезимдүү саясий идеянын жоктугунан көздөгөн өзгөрүүнү ишке ашыра алышкан жок.
- Мурасчы кыймылдар. Мисалы, салафия жана «Ихя ат-тураас» коомчулугу.

Биз бүгүн жашап жаткан бул вакыйлык түп-тамырынан өзгөрүүнү гана талап кылат. Чындыгында, үммөт ичинде иштеп жаткан жана 1950-жылдары Азхар аалымы шейх Такийюддин Набаханий رحمه الله негиздеген Хизб ут-Тахрирден башкасы тайылууларга туш болду. Партия Пайгамбарыбыз ﷺдын Ислам мамлекетин куруудагы тарикатын табанний кылып, саясий аң-сезимди калыптандырууга, жамаъий сакофий тарбияга жана күч ээлеринен нусрат талап кылууга басым жасады. Бирок, ал зомбулукка барган жок жана учурдагы куфр түзүмдөрүнө кирген жок.

Ал эч кандай соодалашууга же багынып берүүгө барган жок. Партия өз жолунда Пайгамбарыбыз ﷺдын ушул сөзүн амалий ураан кылып алды:

قال رسول الله ﷺ: «يَا عَمِّ لَوْ وَضَعُوا الشَّمْسَ فِي يَمِينِي وَالْقَمَرَ فِي شِمَالِي عَلَى أَنْ أَتْرُكَ هَذَا الْأَمْرَ حَتَّى يُظْهِرَهُ اللَّهُ أَوْ أَهْلِكَ فِيهِ مَا تَرَكْتُهُ».

**«Ава, эгер мага бул ишти ташташ үчүн оң колума күндү, сол колума айды коюшса да, Аллах аны жеңишке чыгармайынча же мен анын жолунда өлмөйүнчө аны таштабаймын».**

Саткын режимдер олуттуу Исламий иштин жүзүн бурмалоого аракет кылып, дин өңүндө «колго үйрөтүлгөн» кыймылдарды чыгарышты. Алар режимдерди жарнамалап, чыныгы өзгөрүүгө тоскоол болушту, ал тургай акыйкатка чакыруучулар менен күрөшүштү. Бирок Хизб ут-Тахрир өз мабдасында бекем туруп берди: өзгөргөн жок, өңүн алмаштырган жок, шамал канчалык катуу урса да ийилген жок. Ал өзүнүн мыйзамдуулугун режимдерден эмес, жалгыз Исламдан алды.

Ошондуктан, эгер кандайдыр бир иш «Аллахтын жана Анын Элчисинин ﷺ буйругуна» ылайык болбосо, ал кайтарылат. Демек, баштапкы чекит да, компас да, жол да – таза Исламий метод болушу керек. Эми, жетишет, адашып, ийри жолдордо жүргөндү токтоткула. Анткени ойгонуу аракеттери адашуу менен колонизаторлук багыттын ортосунда чабылып келди. Үммөттүн башына Халифалык кулатылгандагы каргаша заматта келген жок, тескерисинче ага чейин

көптөгөн аракеттер жасалган, бирок баары ийгиликсиз болду. Негизги себеп болсо бирөө эле: туура фикранын, түз жолдун жана шаръий саясий аң-сезимдин жоктугу.

Шейх Такийюддин Набаханий рахимахуллах “Хизбий уюшуу” китебинде мындай дейт: “XIII хижрий, XIX миладий кылымдан баштап ойгонуу үчүн бир нече кыймылдар жүзөгө келди. Алар өзүнөн кийинкилерге кайра урунууда күчтүү таасир калтырган болсо да, бирок, ийгиликсиз урунуулар болду”.

Мунун себептерин мындай түшүндүргөн:

– Белгиленбеген анык эмес фикрат негизине курулушу.
– Туура тарикатты карманбоо.
– Аң-сезимге ээ болбогон адамдардын ишке киришүүсү.
– Туура шаръий робытанын жоктугу.

Айрым Исламий кыймылдар Исламды бузулган реалдуулукка ылайыктап чечмелөөгө аракет кылышты жана аны акыйкат менен өзгөртүүнүн ордуна, жүйө издеп азыркы түзүмдөрдү сактап калууга аракеттеништи.

Ошондуктан жалпы Исламий ишти түп тамырынан кайра кароо зарыл болуп калды, бул жыргалчылык эмес, муктаждык. Чыныгы Ислам душманы болсо Халифалыктын кайрадан бийлик сахнасына кайтып келишин жакшы түшүнүп турат. Муну Нетаньяхунун «Жер Ортолук деңиздин жээгинде Халифалыкты каалабайбыз» деген сөзү ачык көрсөтүп турат. Андан мурунку Ислам душмандары да ушундай билдирүүлөрдү жасашкан. Батыш лидерлеринин, айрыкча бул арамзанын Халифалык кайрадан орношуна каршы ачык жана кескин сөздөрү алар Исламдын бирдиктүү саясий күч катары кайтып келишинен канчалык коркуп жатышканын даана көрсөтөт.

Жакында эле бул арамза мындай деди: «(Израил) өзүнүн түндүк же түштүк чек арасында, же Батыш жээкте Исламий Халифалыкка эч качан жол бербейт. Өкмөтүм бул маселе боюнча артка кайтпайт жана багынбайт». Бул анын биринчи жолу айткан сөзү эмес. Батыштын башка лидерлери да Халифалыктын кайтып келишинен коркууларын мурда да билдиришкен.

Мисалы, 2005-жылы Британиянын мурунку премьер-министри Тони Блэр мындай деген: «Бир кыймыл (Израил) мамлекетин жок кылууга, Батышты Ислам дүйнөсүнөн чыгарып салууга жана бүткүл Ислам үммөтүнө Шариат менен өкүм жүргүзгөн бирдиктүү Ислам мамлекетин – Халифалыкты орнотууга умтулууда».

Ошондой эле 2002-жылы декабрда Россия президенти Владимир Путин мындай деген: «Эл аралык терроризм Россияга согуш

жарыялады, анын максаты – айрым жерлерди бөлүп алып, Исламий Халифалыкты негиздөө».

Бул байма-бай айтылып жаткан лидерлердин билдирүүлөрү Исламий Халифалык Батыштын аймактагы кызыкчылыктарына чыныгы коркунуч туударарын жана үммөттү бир роянын астында кайра бириктириши мүмкүн экенин, бул болсо анын күчүн жана эл аралык аренадагы таасирин арттырарын түшүнүп тургандыгын чагылдырат.

Ал эми Батыштын бул коркуулары Халифалык идеясы алыстагы кыял эмес, тескерисинче, мусулмандар ишке ашырууга аракет кылып жаткан, алардын даңктуу тарыхына жана улуу дининин таалимдерине таянган реалдуу долбоор жана Роббинин фарз буйругу экенин тастыктайт. Аллах Таала момун пенделерине жардам берерин убада кылып айткан:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ﴾

***“Аллах силерден ыйман келтиргендерге жана жакшы амалдар кылгандарга халифа кылууну убада кылды”.*** (Нур: 55).

Ошондуктан Батыштын Халифалык долбоорун токтотуу аракеттери ийгиликсиз болот. Анткени Аллахтын иродасы бардык эрктерден жогору жана Исламий үммөт аң-сезимин кайрадан калыбына келтирип, уйкудан ойгонуп, биримдигин камсыз кылууга, өзүнүн даңкын жана урматын кайтарууга багыт алды. Үммөт эгерде фикратты, тарикатты жана робытанын маңызын билбесе, өз мамлекетинде Исламды татбик кылуу үчүн көзү ачык, аң-сезимдүү аракет кылбаса, ийгиликсиз болот. Биздин ойгонушубуз улутчулдук түзүмдөр аркылуу да, адаштыруучу чакырыктар аркылуу да эмес, Ислам аркылуу жана Пайгамбарыбыз ﷺдын мамлекет куруудагы тарикаты аркылуу гана болот.

Жашыруун эмес, улутчул жана мекенчил кыймылдар колонизатордун куралдары жана үммөттүн боорундагы бычак болуп эсептелет. Халифалык кулатылган күндөн тартып бөлүнүүнүн кылычы үммөттүн денесин тытып келе жатат. Бул кокустук да эмес, тагдырдын буйругу да эмес, тескерисинче, колонизатор күчтөр атайын ойлонулган кутум аркылуу ишке ашырган, анда улутчул жана мекенчил кыймылдар мусулмандардын ынтымагын талкалоодо жана аларды бириктирген мамлекетин бөлүп-жарууда эң чоң ролду ойногон.

Көптөгөн калыс изилдөөчүлөр жана тарыхтын купуя беттеринен кабардар болгон адамдар бул кыймылдар жөн гана колонизаторлук өндүрүш болгонун, алардын максаты саясий Исламды жок кылуу жана

анын ордуна улутчулдукка жана жасалма чек araларга негизделген бурмаланган альтернатива сунуштоо болгонун белгилешет. Алар мекен орнотушкан жок, тескерисинче душманга кызмат кылып, үммөттү жабыркаткан кызматчы түзүмдөрдү тургузушту.

Ошентип, үммөттү азат кылабыз жана жетектейбиз деп доомат кылган бул кыймылдар Батыш куфру жараткан бийликке ыраазы болушту. Алар үммөттүн боорундагы бычактан башка эч нерсе болгон жок. Мусулмандардын биримдигинен алыстап, Халифалыкты кайра кайтарууга аракет кылгандардын баарына заалым башкаруучулардын буйругу менен каршы чыгышты. Натыйжада наадандык, бузукулук жана көз карандылык жайылды…

Бир кылымдан ашык убакыттан бери мусулман жерлеринде толук бийлик жүргүзүп, Батыштын куфр сакофатынан азыктанып келе жаткан булардын абалы кандай? Батыш куфру аларды кандай көрүп жатат? Алар үммөт үчүн эмне беришти? Жана өздөрүнүн чыныгы энеси болгон Халифалыкты жоготкондон кийин эмне жоготушту?

Кыскача жооп:

1 – Алардын элдер арасында эң төмөн даражага түшүрүлүшү:

Батыш куфру бул картон мамлекеттердин бардыгын «үчүнчү дүйнө өлкөлөрү» катары классификациялады. Алар ойгонууга жараксыз, экономикасы кыйраган, илимий жана өнөр жай өндүрүшүндө начар, хазарий келечеги жок жана ойгонуу долбоору жок өлкөлөр катары каралды. Башкача айтканда, алсыздык жана кордукту башынан кечирип, көз карандылыктын айланасында айланып, эч качан чыныгы ойгонуу долбооруна ээ боло алышкан жок.

2 – Улуу чыккынчылык:

Бул режимдер эч качан үммөттүн душмандары менен согушкан эмес, тескерисинче яхудий түзүмүн коргоп, аны үммөттүн мал-мүлкү менен колдоп, Аллахтын китебине жана Анын Элчисинин ﷺ Сүннөтүнө таянып даават көтөрүп чыккан жана каршылык көрсөткөн ар бир адам менен күрөшүштү. Душмандар менен согушуунун ордуна аларга кызмат кылышты. Бул картон мамлекеттердин бирөөсү да үммөттүн душмандарына каршы чыныгы согушка кирген эмес. Алардын армиялары кыймылга келсе, анда тактыны сактап калуу үчүн, же элдерин басуу үчүн, же болсо куфрдун таасирин кеңейтүү жана мусулмандарды дагы да бөлүп-жаруу менен аяктаган жасалма согуш спектаклдери үчүн гана чыккан. Бул биз бүгүн көзүбүз менен көрүп жаткан вакыйлык. Анын эң чоң далили – яхудий түзүмүнүн Газада кылып жаткан толук курчоосуна жана геноцидине карата алардын уятсыз унчукпай олтуруусу.

3 – Ислам булактарын жок кылуу:

Алар чыныгы өзгөрүүгө чакырган дааватчылардын баарына каршы бекем тосмо болушту. Шариятты орнотууга багытталган ар бир Исламий ишти жамандап, шайтандык иш катары көрсөтүштү. Саясий жана коомдук бузукулукту – ахлак менен диндин бузулушун – мыйзамдаштырышты. Натыйжада намазды таштагандардын, зекет бербегендердин саны өстү, ачык жүрүү жана бузукулук деңгээли жогорулады, ар кандай күнөөлөр жайылып, Ислам өз жеринде бөтөн болуп калды. Ал эми «ортолук» жана «салттуу» деген ураандардын алдында Ислам менен күрөш жүрдү.

4 – Экономикалык кыйроо жана каржылык бузукулук:

Алардын экономикаларын риба карыздар кыйратты. Жумушсуздук күчөдү. Үммөттүн байлыктары уурдалып, Батыш банктарына кайтарылгыс кылып чыгарылды. Өндүрүш жок, өзүн-өзү камсыз кылуу жок, чыныгы өнөр жай жок, болгону уят жана шылдыраган көз карандылык калды. Валюталар кыйрады, жумушсуздук жайылды, карыздар көбөйдү, коомдук байлыктар уурдалды. Үммөттүн ресурстары болсо колонизатордун кызыкчылыктарына тонолду.

Үммөт эгерде бул башкаруучуларды жана бул кыймылдарды четке кагып, Ислам долбооруна кайтып келмейинче, өз ордуна кайра кайтып келбейт. Ислам чыныгы ихластуу жана аң-сезимдүү жетекчиликтин алдында кайтуусу зарыл. Аллах Таала мындай деп айткан:

﴿قُلۡ هَٰذِهِۦ سَبِيلِيٓ أَدۡعُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِۚ عَلَىٰ بَصِيرَةٍ أَنَا۠ وَمَنِ ٱتَّبَعَنِيۖ﴾

***“Айткын: «Менин Жолум ушул, Мен Аллахка даават кыламын. Мен жана мени ээрчиген адамдар анык-таасын далилге-ишеничке ээбиз”.*** (Юсуф сүрөсү: 108).

5 – Коомдук байланыштын ыдырашы:

Алар жамааттык жана регионалдык фитналардын отун тутантышты. Үммөттүн катмарлары арасына күмөн саноо жана бири-бирине ишенбестикти жайышты. Мунун баарын элди эмес, түзүмдү коргоо үчүн иштеген кысымчыл коопсуздук түзүмдөрү аркылуу кылышты.

6 – Батышка толук моюн сунуу:

Баары Батыш колонизаторлугунун калканы астында иштеп, анын чечимдерине жана буйруктарына баш ийишти. Үммөттүн тагдырын Бириккен Улуттар Уюму жана Эл аралык Валюта Фонду сыяктуу кафир уюмдарга байлашты. Бүгүн мусулмандарды кордогон, алардын жерлерин бөлүп-жарып, темир жана от менен башкарган рувайбиза жетекчилер көзөмөлдөшөт. Алар элди оор азапка салды, урматтуу инсандарды кууп, акыйкатчыларды жана динге нусрат кылгандарды камакка алды. Өлкөлөрдү куфр мамлекеттеринин сахнасына

айлантышты. Мусулмандар өлгөндөрдүн жана куулуп-качкандардын арасындагы сандарга айланып калды. Алар «үчүнчү дүйнө» деген ат менен классификацияланып, Эл аралык Валюта Фонду жана башында Америка турган куфрдун буйругуна баш ийүүгө мажбур болушту. Мусулмандар элдердин жана мамлекеттердин арасында ордун жоготушту. Ал эми алардын мамлекети кылымдар бою дүйнөдөгү биринчи мамлекет болуп келген эле.

Ошондуктан Батыш Халифалык кулатылгандан кийин жараткан бул партиялар жана түзүмдөр – зыяндуу мамлекеттер. Алар ойгонуу уругу боло албайт жана Ислам башкаруусуна очок боло албайт. Алардын түп-тамырынан жулуп салынуусу жана урандылары үстүндө Пайгамбарлык минхажы негизиндеги экинчи рашид Халифалык орнотулуусу зарыл. Анткени жалгыз ошол гана үммөттү бириктирүүгө, сый-урматты кайтарууга, адилеттикти ишке ашырууга жана алсыздарга жардам берүүгө кудуреттүү.

Халифалык кулатылгандан кийин келип чыккан каргаша натыйжалардын эң көрүнүктүүлөрү төмөнкүлөр:

1 – Үммөттүн 50дөн ашык алсыз улуттук түзүмдөргө бөлүнүшү:

Сайкс-Пико чек араларынын алдында баш ийип, Исламий үммөттүн биримдиги ыдырап, анын күчү алсырады жана чет элдик кийлигишүүлөргө ачык болуп калды.

2 – Ислам менен башкаруунун жок болушу жана батыштык мыйзамдардын үстөмдүгү:

Бардык шаръий өкүмдөр токтотулуп, зулум, бузукулук жана кан төгүү эч кандай эсеп-кысапсыз жайылды.

3 – Мусулмандардын байлыктарынын тонолушу жана жерлеринин тепселениши:

Палестинадан тартып Иракка, Сирияга, Йеменге чейин… өзгөчө мунай жана кен байлыктары талап-тонолуп, алардын байлыктары Батыш долбоорлорун каржылоо үчүн колдонулду. Ал эми үммөт жакырчылык жана жетишсиздикте кыйналып калды.

4 – Исламий инсандыкты жоготуу:

Улутчул жана мекенчил секулярдык фикир үстөмдүк кылып, «аль-вала валь-бара» түшүнүктөрү жоголду.

5 – Аллахтын жибине байланбоонун натыйжасы:

Мусулмандар бөлүнүп-жарылып кетишти. Ал эми Аллах Таала бизди биримдикке чакырып мындай деген:

﴿وَٱعۡتَصِمُواْ بِحَبۡلِ ٱللَّهِ جَمِيعٗا وَلَا تَفَرَّقُواْ﴾

***«Бардыгыңар Аллахтын жибине байлангыла жана бөлүнбөгүлө!».*** (Али Имран: 103).

6 – Саясий эгемендүүлүктүн жоголушу:

Мусулман жерлериндеги бул картон мамлекеттер саясий жана экономикалык чечимдеринде Батышка көз каранды болуп, элдеринин кызыкчылыгына кызмат кылган көз карандысыз чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн жоготушту.

7 – Палестинанын жоголушу.

8 – Мусулман аялдын Ислам берген укуктарынан ажырашы:

Аял эксплуатацияга жана дискриминацияга туш болуп, соодага коюлган товарга айланды.

9 – Чыныгы аалымдардын жана дааватчылардын ролу четке сүрүлүшү жана сарай аалымдарынын көтөрүлүшү:

Бул үммөттүн адашуусуна алып келди.

10 – Исламды жайылтуу жана ага даават кылуудагы үммөттүн ролунун жоголушу:

Исламий үммөт Исламды тараткан жана даъват кылган абалдан чыгып, башкадан кабыл алуучу абалга түштү.

Халифалык кулатылгандан кийин жоготкон нерселерибиз өтө көп, аны бул жерде баарын саноо мүмкүн эмес. Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّهُمۡ يَكِيدُونَ كَيۡدٗا ١٥ وَأَكِيدُ كَيۡدٗا ١٦ فَمَهِّلِ ٱلۡكَٰفِرِينَ أَمۡهِلۡهُمۡ رُوَيۡدَۢا ١٧﴾

***“Албетте айла-амалдарды кылышат. Мен да бир «айла-амал» кыламын. Ошондуктан, сен аларга бир аз убакыт мөөнөт бергин!”.*** (Тарик: 15–17).

Ошондуктан мусулмандар үчүн бул түзүмдөргө ишенүүгө же алардын ураандарына алданууга болбойт. Алар ар дайым айыптоо позициясында турушу керек жана аларды четке кагуу зарыл. Мусулман болсо жалгыз Ислам долбооруна – Пайгамбарлык минхажындагы рашид Халифалык долбооруна гана байланышы керек. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَيَنصُرَنَّ ٱللَّهُ مَن يَنصُرُهُۥٓۚ﴾

***“Албетте, Аллах Өзүнүн** *(динине)* **жардам бергендерди үстөм кылат. Шексиз, Аллах Күчтүү, Кудуреттүү”.*** (Хаж: 40).

Демек, ар бир кайраттуу мусулман үчүн шаръий жана саясий фарз – Пайгамбарыбыз ﷺ баштагандай Пайгамбарлык минхажындагы рашид Халифалыкты кайра тикелөө үчүн чын дилинен иштөө.

Үммөт бүгүн баштан кечирип жаткан бул толгоо – Халифалыктын кайра төрөлүшүнө даярдык гана. Биз баштан кечирип жаткан бул азап – Аллахтын өзгөрүү Сүннөттөрүнүн бир бөлүгү. Ошондуктан, эй Ислам үммөтүнүн уул-кыздары! Аллахтын жардамынан үмүтүңөрдү үзбөгүлө. Силердин өлгөнүңөрдү жарыялаган сөздөргө ишенбегиле.

Тескерисинче ойгонгула, башты денеге кайра байлоого аракет кылып жаткан даватчылардын катарына кошулгула. Ошондо Халифалык кайра тикеленет, урмат кайра кайтып келет жана Аллах Өзүнүн чынчыл кулдарына берген жеңиш убадасын ишке ашырат:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ﴾

***“Аллах силерден ыйман келтиргендерди жана жакшы амалдарды кылгандарды жер жүзүнө халифа кылууну убада кылды”.*** (Нур 55)

﴿إِنَّا لَنَنصُرُ رُسُلَنَا وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ﴾

***«Албетте, Биз пайгамбарларыбызга жана ыйман келтиргендерге жардам беребиз».*** (Гафир: 51).

﴿وَإِنَّ جُندَنَا لَهُمُ ٱلۡغَٰلِبُونَ﴾

***“Чынында, жеңишке ээ боло тургандар – биздин аскерлер”***. (Саффат: 173). ❑

# ЖИХАД АМИРИ КАНТИП ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРИ БОЛУП КАЛДЫ?

**Юсуф Арслан**
**Хизб ут-Тахрирдин Афганистан вилаятындагы маалымат бөлүмүнүн мүчөсү**

Тышкы иштер министрлиги тышкы саясатты уюштуруучу мекеме катары жаңы көрүнүш болуп эсептелет. Анын келип чыгышы XVII кылымдагы Европага таандык. Бул мекеме Ислам дүйнөсүнүн саясий түзүлүшүнө Усман Халифалыгынын артка кеткен мезгилинде кирип келип, мусулмандардын тышкы саясатка болгон көз карашын түп-тамырынан өзгөрттү. Бул макаланын максаты – Исламдагы тышкы саясаттын максаттары, анын ичинде дааватты көтөрүп чыгуу жана зулумга кабылгандарга жардам берүү сыяктуу милдеттер азыркы маанидеги тышкы иштер министрлиги аркылуу ишке ашпай тургандыгын түшүндүрүү. Анткени бул мекеме башынан эле улуттук мамлекеттин секулярдык режимине кызмат кылуу жана «улуттук кызыкчылыктарды» камсыз кылуу үчүн негизделген.

Азыркы түшүнүктөгү тышкы иштер министрлиги алгач Францияда 1626-жылы түзүлгөн. Андан мурун Европада тышкы иштерди падышанын сарайы же чиркөө башкарган, аларды жеке кызыкчылыктар, диний себептер же бийлик умтулуусу жетектеген. Бирок улуттук мамлекеттердин пайда болушу жана улутчулдук менен секулярдык идеялардын жайылышы менен өкмөттөргө тышкы мамилелерин жүргүзүү үчүн туруктуу, расмий жана уюшкан аппарат зарыл болду. Ошондон тартып, тышкы иштер министрлиги «улуттук кызыкчылыктарга» кызмат кылуу, эл аралык система менен иштөө, келишимдерди түзүү жана саясий-экономикалык кызыкчылыктарды коргоо үчүн түзүлдү.

Ал эми Ислам мамлекети болсо тышкы саясатын Ислам акыйдасына жана Исламдын бүткүл дүйнөлүк рисалатына негиздеген. Тышкы саясат халифанын негизги милдеттеринин бири болгон. Анын максаты колонизаторлор белгилеген чек араларды коргоо эмес, Ислам дааватын жайылтуу, ага тоскоол болгон тоскоолдуктарды жоюу жана дүйнөдө Исламдын бийлигин орнотуу болгон.

Ал эми улуттук мамлекеттин заманбап түзүмү саясий түшүнүктөрдү географиялык чек аралар менен чектеп койду. Ошондой эле согуш түшүнүгүн да чектеп, аны «жерди коргоо» менен гана байланыштырды. Ошондуктан согуш үчүн жооптуу адам «жихад амири» эмес, «коргоо министри» деп аталды. Ал эми Исламда жихад

коргонуу менен гана чектелбейт, анын өзөгү динди ачык көрсөтүү, фитнаны жоюу жана акыйкатты орнотуу үчүн баштапкы фарз болуп эсептелет. Бул Пайгамбарлардын рисалаты болгон жана аны Ислам үммөтү мурастап алган. Пайгамбарыбыз ﷺ дааватты көтөрүүнү тышкы саясатынын негизине койгон жана жихадды анын жолу кылып алган. Аллах Таала айткандай:

﴿وَقَاتِلُوهُمْ حَتَّى لَا تَكُونَ فِتْنَةٌ﴾

***«Тээ фитна токтоп, дин толугу менен Аллахка таандык болгонго чейин алар менен согуша бергиле!».*** (Бакара: 193).

Пайгамбарыбыздын ﷺ мамлекеттеги саясаты, газаваттары, падышаларга жазган каттары, халифалардын саясаты, мунун баары бул өзгөрүлгүс түпкү негизди айкын көрсөтүп турат. Ал негиз – Ислам үммөтү Халифалыкты тикелеп, тышкы саясатын даават жана жихад аркылуу Исламды жайууга негиздеши керек, ошондо гана адамзатка жол көрсөтүп, аны туура жолго салат.

XVI кылымда Усманий халифалык «Раис-ул-Куттаб» же «Раис Эфенди» деген ат менен биринчи расмий тышкы иштер органын негиздеген. Бул Усман Халифатынын артка кете башташы менен дал келет. Бул органды Халифаттын карамагында жашаган, бирок Исламга берилбеген грек насроний нукобалары башкарган. Ал кезде бул мекеменин борбордук мааниси жок болчу, ал негизинен тышкы кат алышуулар менен гана алектенген. XVII кылымга келгенде ал акырындык менен кеңейе баштаган.

XIX кылымда европалык «ойгонуу доорунун» таасири астында Усман мамлекетинде Батыштын жолун жолдоп кеткен жаңы интеллигенттер катмары пайда болду. Алардын катарына Мустафа Рашид Паша, Али Паша, Фуад Паша жана Мидхат Паша сыяктуулар кирген. Алардын аракети менен европалык үлгүдөгү Тышкы иштер министрлиги негизделип, батыштык түзүмдөрдөн үлгү алынып, «Танзимат доору» (1839–1876-ж.ж.) деп белгилүү болгон жаңы этап башталды.

Ушул мезгилде, тактап айтканда 1836-жылы, Усман мамлекетинде алгачкы расмий Тышкы иштер министрлиги «Назарат харижийе» деген ат менен түзүлүп, аны биринчи болуп Мустафа Рашид Паша жетектеген. Ал жөн гана министр болуп тим болбостон, «Гүлхане фарманынын» негизги автору болгон. Бул буйрук Танзимат доорунун башталышын белгилеген. Мустафа Рашид Паша жаңы көз караштарды кармап, Франция менен Британиядагы дипломатиялык кызмат учурунда батыштык либералдык идеялардан катуу таасирленген.

Мидхат Паша болсо бул агымдын эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болуп эсептелет. Ал конституциялык түзүлүштүн алгачкы жактоочуларынын бири болуп, 1876-жылы Усман конституциясынын негиздөөчүлөрүнүн катарында болгон. Бул «реформаторлор» Усман мамлекетинин түзүлүшүнө батыштык либералдык баалуулуктарды киргизүүгө умтулушкан. «Танзимат доорунун» эң көрүнүктүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – жихад мамлекеттин тышкы саясатынан иш жүзүндө четтетилип, анын ордуна дипломатия жана Батыш менен «улуттук кызыкчылыктар» негизинде мамиле куруунун киргизилиши болду.

Ушул эле мезгилде Батыш үлгүсүндө башка да министрликтер түзүлгөн, мисалы, Ички иштер министрлиги, Адилет министрлиги, Билим берүү министрлиги, Каржы министрлиги. Ошондой эле заманбап бюрократиялык түзүлүш киргизилген. Бул түзүлүш бүгүнкү күнгө чейин Ислам өлкөлөрүндө сакталып турат.

1876–1909-жылдары Халифалыкты жетектеген Султан Абдулхамид II бул «реформаларга» катуу каршы чыгып, мамлекеттеги Исламдын ролун кайра жандандырууга аракет кылды. Бирок салттуу аалымдар мындай артка кетүүнүн түпкү чечимин таба алышкан жок, алар ар кандай өзгөрүүгө каршы турушту. Ошол эле учурда, конституциялык кыймылга чет элдик таасир жана тышкы колдоо көрсөтүлүп, бул багыттын улантылышына шарт түзүлдү.

Айта кетчү нерсе, бул реформалар сырттан караганда Усман мамлекетин сактап калууну максат кылгансып көрүнгөнү менен, чындыгында аны сактап кала алган жок. Тескерисинче, Усман халифатынын кыйрашынын жана анын ордуна секулярдык республиканы орнотуунун жолун даярдап берди.

Машрутия кыймылы эң жогорку чекке «Жамъият Иттихад ва Тараккый» (Биримдик жана Өнүгүү комитети) жана Мустафа Кемал (Ататүрк) сыяктуу инсандардын чыгышы менен жетти. Ал 1924-жылы Халифалыкты түп-тамыры менен жок кылып, секулярдык Түрк Республикасынын түзүлгөнүн жарыялады. Бул өзгөрүш Түркия менен гана токтоп калган жок, анын таасири башка мусулман өлкөлөрүнө да жетти.

Иранда Усман конституциясынан жана Батышты ээрчиген ойчулдардан таасирленген ирандык машрутиячылар 1906-жылы Конституция жана парламент түзүштү. Башында машрутияга берилген аскер болгон Реза Шах Пехлеви бийликке келгенден кийин мамлекетти жаңылоонун негизги жактоочуларынын бирине айланды. Ал Иранды жаңылоо саясатын автократияга, мамлекеттин борборлоштурулушуна, фарсы улутчулдугуна жана аалымдарды

саясаттан четтетүүгө негиздеди. Мамлекеттик мекемелерди европалык үлгүдө кайра уюштуруп, Британиянын жана батышты үлгү көргөн элитанын колдоосу менен Иранды секулярдык мамлекетке айлантуу жолуна түштү. Батыш таасирине суугарылган бул кыймыл Иран коомун бүгүнкү күнгө чейин Батыш баалуулуктарынын сазына батырып келүүдө.

Афганистанда болсо XX кылымдын жыйырманчы жылдарында Аманулла хан түрк тажрыйбасынан шыктанып, падышалык түзүмдү реформалоого жана жаңы мыйзамдар менен алмаштырууга аракет кылды. Бул багытта эң чоң таасир тийгизген инсандардын бири Махмуд Тарзи болгон. Ал Усман Халифатынын аймагында көп жыл жашап, ал жердеги реформатордук кыймылдан катуу таасирленген. Афганистанга кайтып келгенден кийин журналдарды басып чыгарып, жаңычыл идеяларды жайды. Тарзинин Аманулла хан жана айрым жетекчилердин ой-пикиринин калыптанышына чоң салымы болгон. Махмуд Тарзи Афганистандагы машрутия кыймылынын фикирий негиздөөчүсү болуп эсептелет. Ал аркылуу Афганистанда мамлекеттик мекемелерди, анын ичинде Тышкы иштер министрлигин Батыш үлгүсүндө түзүү процесси башталган. 1919-жылы Махмуд Тарзи Афганистандын алгачкы расмий тышкы иштер министри болуп дайындалды. Ушундан тартып өлкөдө тышкы саясатты «секулярлаштыруу» процесси системалуу түрдө башталды.

Азыркы түзүлүшүндөгү Тышкы иштер министрлиги – секулярдык мекеме. Анын максаты улуттук мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо, эл аралык мамилелерди уюштуруу жана дүйнөлүк күчтөр менен – душман же дос болушуна карабастан – мамиле жүргүзүү. Бул мекеме улуттук мамлекеттердин дүйнөлүк түзүмүнө жана либералдык баалуулуктарга кызмат кылуу үчүн иштелип чыккан. Ошондуктан, Ислам өлкөлөрүндөгү тышкы иштер министрликтери Газа маселеси сыяктуу кризистерде эч кандай амалий кадамга барбастан, жөн гана оозеки айыптоочу билдирүүлөр менен чектелгени таң калычтуу эмес.

Азыркы Тышкы иштер министрлиги Батыш түшүнүктөрүнүн негизинде курулгандыктан, аны адатта Батыш баалуулуктарына жакын, Исламий тереңдиктен алыс, соодалашуу жана кызыкчылыкты алга коюу логикасы үстөмдүк кылган адамдар жетектеши табигый көрүнүш. Бул багыт жаңы пайда болгон жок, Усман Халифатындагы алгачкы тышкы иштер органы Исламга байланышы жок грек насроний нукобалары тарабынан башкарылган. XIX кылымда аны Рашид Паша сыяктуу батышка ыктаган инсандар жетектеди. Ал эми бүгүнкү күндө Ислам дүйнөсүндөгү тышкы иштер министрликтерин Ислам өкүмдөрүнө баш ийбеген, тескерисинче кызыкчылыктарды мабаий

принциптерден жогору койгон, Исламий максаттарды куру кыял ураандар же саясий тоскоолдуктар катары көргөн адамдар башкарып жатышат.

Демек, Ислам өлкөлөрүндө азыркы учурдагы тышкы иштер министрликтери Усманий Халифалыктын артка кетүү доорунун туундусу жана батыштык секулярдык ой-жүгүртүүнүн түздөн-түз натыйжасы. Алар Исламдын дааават жана жихад аркылуу динди көтөрүп чыгууга негизделген тышкы саясаттын ордуна келген. Натыйжада үммөттүн тышкы саясаты дүйнөлүк рисалаттан жеңилген дипломатия, экономика багытындагы келишимдерге жана улуттук чек аралар менен чектелген мамилелерге айланды.

Үммөт өзүнүн Исламий тышкы саясатынын түпкү негизине кайтып, Халифалык мамлекетинин алкагында жихаддын ролун кайра жандантмайынча, Тышкы иштер министрлиги Исламий багытты ишке ашыра албайт, ал тургай ишке ашырууну каалабайт! Алардын жетекчилери сакал, чалма, Исламий наамдар менен көрүнгөн күндө да, бул чындык өзгөрбөйт. ❑

# «ӨНҮГҮҮ ЖОЛУ ДОЛБООРУ» ЖАНА «TIR» СИСТЕМАСЫ: ИНВЕСТИЦИЯ КӨРҮНҮШҮНДӨГҮ ЭКОНОМИКАЛЫК БАСКЫНЧЫЛЫК ДОЛБООР

**Баха аль-Хусайни**

Ирак өкмөтү бүгүн «Өнүгүү жолу долбоорун» ишке ашырууга шашылууда. Ал Фао портун Булуң жана Ирак аркылуу Түркияга жана Европага туташтырат. Ошол эле учурда, эл аралык автоунаа аркылуу жүк ташуулардын «TIR» системасы да киргизилип жатат. Бул долбоорду экономикалык ойгонуу жана Ирактын хазарий ролун кайра жандандыруучу соода түйүнү катары сунушташууда. Бирок, иш жүзүндө бул долбоор Ирактын ресурстарына жана географиялык жайгашуусуна Батыш–Түркия–Булуң өлкөлөрүнүн үстөмдүк тутумунун бир бөлүгү гана болуп, элдин эркинен жана чыныгы кызыкчылыгынан алыс эл аралык ролдордун, коридорлордун жана энергиянын бөлүштүрүүсүнө кызмат кылууда.

**Биринчи суроо:** өнүгүү жолу долбоору жана «TIR» системасы деген эмне?

- Өнүгүү жолу долбоору – Фао портунан башталып, түштүк жана борбордук вилаяттардан (Басра, Зи Кар, Бабыл, Багдад…) өтүп, түндүктө Ниневия аркылуу Захого, андан Түркияга жана Европага чыгуу үчүн курула турган автоунаа жолу жана темир жолу.
- «TIR» системасы – БУУ жана Эл аралык транспорт уюму (IRU) көзөмөлдөгөн эл аралык бажы системасы. Ал жүктөрдүн өтүшүн тездетет, ар бир мамлекетте текшерүүнү токтотот. Бирдиктүү мөөр жана электрондук байкоо аркылуу ишке ашат. Анын көзөмөл каражаттары:

(TIR-EPD) платформасы – бажыга алдын ала маалымат жөнөтүү;

Ирактын «Урук» платформасы – жүк ташуучу унааларды көзөмөлдөө;

Спутник аркылуу байкоочу GPS түзмөктөрү.

**Экинчиден:** долбоордун чыныгы табияты жана колониялык өлчөмдөрү.

Сыртынан караганда:

Европадан Булуңга чейин жүктөрдү жеткирүү убактысын 60–80%га кыскартуу.

Жүк ташуу чыгымдарын 38%га төмөндөтүү.

Инвестициялар, жумуш орундарын түзүү жана инфраструктураны өнүктүрүү.

Чындыгында:

Ирактын эгемендигин тышкы күчтөрдүн кызыкчылыктарына байлоо:

Түркия жүктөрдү өз аймагы аркылуу Европага өткөрүп, геосаясий артыкчылыкка ээ болот.

Булуң өлкөлөрү Иранга жана Суэц каналына көз карандылыгын токтотот.

Батыш ресурстарга деңиз коопсуздугуна муктаж болбой, кургактагы ыкчам жолду камсыздайт.

Ирак – борбор эмес, жөн гана өтмөк жол:

Долбоор өнөр жайды да, айыл чарбасын да өнүктүрбөйт, Иракты жөн гана транзит коридоруна айлантат.

Өлкөнүн өндүрүштүк кубатын өнүктүрүүгө улуттук көз караш жок.

Чет элдик компаниялардын үстөмдүгү:

Жолду куруучу жана тейлөөнү жүргүзүүчү компаниялар Түркия, Кытай жана Булуң өлкөлөрү.

Иштетүү боюнча келишимдер ондогон жылдарга Батыш уюмдарынын жана Дүйнөлүк Банктын көзөмөлүндө түзүлгөн.

Элдик жана үммөткө таандык эркти четке кагуу:

Долбоор үммөттүн алдына коюлган эмес.

Ал шаръий көзөмөлгө да, саясий мухасабага да баш ийбейт.

**Үчүнчүдөн:** коопсуздук жана саясий боштуктар.

Коопсуздугу начар аймактар (Ниневия – Анбар – чек аралар):

Курал-жарак контрабанда коркунучу, куралчан уюмдардын аракеттери, туруксуздук коркунучу.

Борбордук мамлекеттин айрым вилаяттардагы көзөмөлүнүн чабалдыгы.

Эгемендикке тышкы көзөмөл:

Түркия долбоорду Ниневияда жана чек араларда таасир куралы катары пайдаланууга аракеттениши мүмкүн.

Булуң өлкөлөрү инвестиция деген көрүнүштө экономикалык жактан кирип барууга умтулат.

Ачык-айкындуулуктун жоктугу:

Элге жарыяланган келишимдер жок.

Кирешелердин багыты белгисиз, аларды мамлекеттик терең түзүмдөр аркылуу уурдоого шарт бар деп күтүлүүдө.

**Төртүнчүдөн:** кирешелерди ким башкарат?

Өтмөк акысы, бажы салыктары жана камсыздандыруу төлөмдөрү Каржы министрлигине, Бажы комитетине жана Чек аралар комитетине түшөт. Бирок бул каражаттар белгилүү бир саясий жана административдик коррупциянын шартында башкарылат.

Элдин же улуттук инфраструктуранын пайдасына жумшаларына эч кандай кепилдик жок.

**Бешинчиден:** долбоорго карата шаръий позиция.

«TIR» системасы жана анын келишимдери Батыштын жана БУУнун үстөмдүгү астында. Алар болочок Ислам мамлекети түзүлгөн учурда сооданы шариат өкүмдөрүнө ылайык көзөмөлдөөгө болгон мүмкүнчүлүктү жоготот.

Долбоор Иракты өзүнүн ички мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланбаган, экономикалык көз каранды мамлекетке айлантат. Бул Исламдагы экономикалык жана саясий көз карандысыздык принциптерине каршы келет.

Үммөт чечим кабыл алуу процессине катышкан эмес. Чыныгы бийлик үммөттө эмес, чет элдик күчтөрдө жана компанияларда. Бул болсо «бийлик үммөттүн колунда» деген негизге каршы келет.

**Шаръий чечим:** Пайгамбар ﷺдын минхажындагы рашид Халифалык низому.

Чыныгы экономикалык ойгонуу жана Ирактын байлыктарын жана географиялык жайгашуусун туура пайдалануу өлкөнү колонизаторлук долбоорлорго байлоо аркылуу эмес, тескерисинче төмөнкүлөр аркылуу ишке ашат:

Жер байлыктарын кафир колонизаторго кызмат кылдыруу үчүн эмес, Исламдын пайдасына иштеткен рашид Халифалык мамлекетин куруу.

Үммөттү сырткы муктаждыктан куткарып, өзүн-өзү камсыздоо планынын негизинде транспорт, өнөр жай жана айыл чарба тутумун түзүү.

Батышка болгон саясий жана экономикалык көз карандылыктан бошотуу, ар бир долбоорду шаръий көзөмөлгө баш ийдирүү.

Долбоорду жүк ташуучу жолго айланып, үстөмдүккө кызмат кылган функционалдуу мамлекеттин эмес, өзүнүн улуу миссиясын көтөргөн үммөттүн долбооруна айлантуу.

Эй, Ирак мусулмандары!

Экономикалык ураандарга алданып калбагыла. Өлкөңөрдү «өнүгүү» же «инвестиция» деген аталыш менен сатууга макул болбогула. Байлыгыңарды жана жайгашкан ордуңарды Исламий долбоорго кызмат кылдырууну талап кылгыла. Эгемендикти саткан жана Батыш, Түркия жана Булуң өлкөлөрү менен силердин эсебиңерден келишкен башчыларды жана алардын агенттерин жоопко тарткыла.

Чыныгы ойгонуу да, эгемендик да, ар-намыс да Аллахтын Шарияты менен өкүм жүргүзгөн жана үммөттү бардык эксплуатациядан,

кордуктан жана көз карандылыктан коргогон Халифалык мамлекетинде гана болот.

﴿إِنِ ٱلۡحُكۡمُ إِلَّا لِلَّهِۚ﴾

***«Өкүмдарлык Аллахка гана таандык».*** (Юсуф: 40). ❑

## ТҮШҮНҮКТӨР ӨЗГӨРГӨНДӨ ЖҮРҮМ-ТУРУМДУН ӨЗГӨРҮШҮ: АЛЬ-ХАНСАА МИСАЛЫНДА

**Райан Иса**

Ислам – улуу дин, бүтүндөй өкүмдөрдөн, ибраттардан, тартиптерден жана мыйзамдардан турат. Ал адамдарды оор жана төмөн абалдан бийиктикке, урматка, сыймыкка көтөрүп, майда-барат нерселерден жогору кармайт. Бүгүнкү темабызда ошол абдан көп мисалдардын ичинен бирине гана токтолобуз, ал — Исламдын алгачкы доорунда мусулмандардын жашоосунда көрүнгөн улуу мисалдардын бири.

Ислам даваты биздин Пайгамбарыбыз жана сүйүктүүбүз Мухаммад ﷺга түшкөндө эркектерге гана чектелген эмес эле. Тескерисинче, аялдар да ошол берекелүү даваттын борборунда болушкан. Алар Аллах Тааланын сөзүн улук кылуу үчүн өз өмүрлөрүн да аяшкан эмес. Мунун эң көрүнүктүү мисалы Сумайя бинт Хайяттын шахид болуусу. Ал Исламда абдан кыска убакыт өткөргөнүнө карабастан, Ислам жолунда биринчи шахид аял болгон.

Ошондон улам биз бул улуу диндин урматын жана жалпы адамзатты камтыгандыгын түшүнөбүз. Ар бир адам Исламга киргенде, Абу Бакр ас-Сыддык, Умар ал-Фарук, Усман Зуннурейн жана Али аль-Каррар رضي الله عنهمдай сахабалардын эң мыктылары сыяктуу эле жоопкерчиликти мойнуна алат.

Ушул негизде биз бүгүн Ислам тарыхында чоң из калтырган улуу сахаба аялдын өмүр баянына токтолобуз. Ал — Хансаа Тумадир бинт Амр бин Харис. Аны Пайгамбарыбыз ﷺ «Арабдардын эң мыкты акыны» деп сыпаттаган. Умар رضي الله عنه аны көргөн сайын андан айрым ырларын окуп берүүсүн суранып турган, анткени анын поэзиясы өтө кооз жана жеңил, жүрөккө уруксатсыз эле кирип барган тунук суудай болгон. «Ханса» деген сөз араб тилинде «бугу» дегенди билдирет.

Хансаа хижраттын сегизинчи жылында, Мекке фатх болгондон кийин өзүнүн уруусу «Бани Сулеймдин» делегациясы менен келип, Исламды кабыл алды. Аллах Тааланын жардамы менен анын Исламы жакшы болду. Пайгамбарыбыз ﷺ анын ырларын угуп, ага: «Айта бер, эй Хансаа», - деп койчу.

Хансаа өзүнүн эки агасы Сахр менен Муавиянын артынан көп ыйлашы менен белгилүү болгон. Алар Исламдан мурунку жахилият доорунда өлтүрүлгөн. Хансаа бул тууралуу өтө көп ырларды жазып,

бул тема анын поэзиясында Исламга киргенден кийин да басымдуу болуп калган.

Анын Сахр агасын жоктогон ырларынан:

قذى بعينكِ أمْ بالعينِ عوَّار
أمْ ذرَّفتْ إذْ خلتْ منْ أهلها الدَّارُ
كأنّ عيني لذكراهُ إذا خَطَرَتْ
فيضٌ يسيلُ علَى الخدَّينِ
تبكي لصخرٍ هي العبرَى وَقدْ ولهتْ
وَدونهُ منْ جديدِ التُّربِ أستارُ
تبكي خناسٌ فما تنفكُّ مَا عمرتْ
لها علَيْهِ رَنينٌ وهيَ مِفْتارُ
تبكي خناسٌ علَى صخرٍ وحقَّ لهَا
إذْ رابهَا الدَّهرُ أنَّ الدَّهرَ ضرَّارُ

Көзүңө чаң кирдиби, же көзүң оорудубу,
Же үйүң ээсиз калгандыктан жаш төктүңбү?
Көзүмө анын элеси келген сайын,
Жүзүмдөн мөлтүрөп булак сымал жаш төгүлөт.
Сахр үчүн ыйлап жатам, жүрөгүм алай-дүлөй,
А анын үстүн жаңы топурак каптап жатат.
Хансаа эч качан токтобойт, өмүр бою
Ага болгон жоктоосу, азасы үзүлбөйт.
Хансаа Сахрды ыйлап жоктойт, ал ага татыктуу,
Анткени доор аны кыйнады, доор чындап катаал.

Ушул абалы үчүн анын айрым уруусундагы адамдар халифа Умар ибн аль-Хаттаб رضي الله عنهга даттанышкан. Алардын айтымында, анын минтип агасын көп жоктоп ырдап жүргөнү Аллахтын өкүмүнө сабыр кылбай жатканын билдирип турат дешкен.

Алар (уруусунун айрым адамдары) айтышат: Хансаа бир иши менен жолго чыгып, Мадинага келгенде жанында өз уруусунан адамдар болгон. Алар Умар ибн аль-Хаттаб رضي الله عنهга кирип: «Бул Хансаага насаат айтсаңыз, жакшы болмок. Себеби анын ыйы жахилият доорунда да, Исламда да узакка созулду», - дешти. Ошондо Умар رضي الله عنه туруп, анын жанына барып: «Эй, Хансаа», - деди.

Ал башын көтөрүп: «Эмне каалайсыз, эмнени ниет кылып келдиңиз?», - деди.

Умар رضي الله عنه: “Сенин көзүңдү ушунча азапка эмне салды?», - деп сурады.

Ал: «Мудардын улуу жетекчилерин жоктоп ыйлап жатам», - деди.

Умар رضي الله عنه: “Алар жахилият доорунда өлүшкөн, алар тозоктун отуна отун болуп калышат», - деди.

Хансаа: «Атам менен апам сиз үчүн садага болсун! Дал ошол сөзүңүз менин кайгымды дагы да күчөттү», - деди.

Умар رضي الله عنه: "Кандай ырларды окуп жүрөсүң, мага айтчы», - деди.

Ал болсо: «Бүгүнкүгө чейин айткан ырларымды сизге айтып бербейм. Бирок азыр айтып чыкканымды угузайын», - деп, айрым саптарын окуп берди.

Умар رضي الله عنه адамдарга: "Аны калтыргыла, ал өмүр бою кайгылуу бойдон өтөт», - деди. Умар ага тыюу салган жок, инкар кылган жок. Тескерисинче, назиктик жана мээримдүүлүк менен мамиле кылды.

Бул Хансаанын жахилият доорунда жана Исламдын алгачкы мезгилинде агаларына болгон абалы эле. Бирок Ислам акырында анын жүрөгүнүн эң түпкүрүнө чейин кирип, динди жана жашоосунун максатын түшүнүп калды.

Ошондуктан ал шашылыш түрдө араб жарым аралынан тышкарыдагы мусулмандардын алгачкы жеңиштерине катышты. Өзүнүн уулдары менен бирге Исламдын арстандарынын бири — Саъд ибн Абу Ваккас رضي الله عنه жетекчилиги астында Иракты багындырып фатх кылууга жөнөдү.

Согуш алдындагы түндө ал өзүнүн төрт уулуна мындай деди: «Эй, уулдарым! Силер өз ыктыярыңар менен Исламды кабыл алдыңар, өз каалооңор менен хижрат кылдыңар. Аллахка ант ичем, силер бир эле эркектин уулдары болгондой эле, бир эле аялдын уулдарысыңар. Мен силердин атаңарды алдаган эмесмин, таякелериңерди уят кылган эмесмин, тукумуңарды бузган эмесмин, тегиңерди каралаган эмесмин. Аллах Таала кафирлер менен согушкан мусулмандар үчүн канчалык чоң сыйлык даярдап койгонун жакшы билесиңер».

«Билип койгула, түбөлүктүү үй убактылуу үйдөн жакшыраак. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱصۡبِرُواْ وَصَابِرُواْ وَرَابِطُواْ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ لَعَلَّكُمۡ تُفۡلِحُونَ ٢٠٠﴾

***«Эй, момундар, сабыр кылгыла жана сабыр-такаат кылууда*** *(кафирлерден)* ***бийик болгула, ошондой эле ар дайым даяр тургула! Аллахтан корккула,*** *(ошондо)* ***мүмкүн нажат табасыңар!».*** (Али Имран: 200).

Эртең, эгер Аллах кааласа, аман-эсен турсаңар, душманыңар менен салгылашка баатырлык менен баргыла, Аллахтын жардамы менен Анын душмандарына каршы тургула. Согуш толкуну катуу көтөрүлгөнүн, жалын ыргытып, ар тарапты от каптаганын көрсөңөр, анын отуна түздөн-түз киргиле, катуу согушка аралашкыла жана

алардын жетекчисин бутага алгыла. Ошондо силер олжого жана улуулукка жетесиңер, түбөлүк турак жайга – Жаннатка киресиңер».

Анын уулдары бул осуятты кунт коюп угушту да, согушка кирип кетишти. Баары Кадисия согушунда шахид болушту. Алардын эч бири кайра Хансаага кайтып келген жок.

Уулдарынын шахид болгон кабарын укканда Хансаа агасы Сахрды жоктогондой сыздаган жок, үрөйү учуп, кайгыга баткан жок. Тескерисинче, ал сабыр кылып: «Аллахка хамд болсун, Ал мени балдарымдын шахид болуусу менен урматтады. Роббимден мени алар менен Өзүнүн ырайым жайында бириктирүүсүн үмүт кылам», - деди.

Ошондон кийин Умар ибн аль-Хаттаб رضي الله عنه анын төрт уулунун ар бирине берилчү падышалык үлүштү (ар бири үчүн эки жүз дирхам) өмүрүнүн аягына чейин берип турду. Хансаа да ошол абалда көз жумду رضي الله عنها.

Мына ушинтип Ислам анын түшүнүктөрүн, ой жүгүртүүсүн жана өлүмгө болгон мамилесин өзгөрттү. Анткени өлүм – эч ким кача албаган нерсе. Бирок, тарыхта Хансаа өзүнүн бир күндө жоготкон уулдарын, боор этиндей болгон төрт баласын жоктоп бир да ыр айткан эмес.

Ошондуктан биз айтабыз, эгер мусулман адамдын ишенимин, жүрүм-турумун жана жашоодогу позицияларын Исламдын ой-пикирлери жана түшүнүктөрү өзгөртпөсө жана анын вакыйлыгына таасир кылбаса, ошол мусулман динди түшүнбөгөнүн билдирет. Ал Исламды жашоонун жол-жобосу жана Аллахтын ыраазылыгына жетүү жолу катары кабыл алган эмес. Ал эми Аллахтын ырайымы менен Бейишке кирүү – бул, Аллахка касам, улуу жеңиш!

Аллахым, Сенин бардык нерсени камтыган ырайымың менен, Сенин жоомарттыгың жана кең пейилдигиң менен бизге ырайым кыл, бизди Мырзабыз жана Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ менен, анын сахабалары رضي الله عنهم менен бирге Өзүңдүн кечирим жана ырайым жайыңа чогулт! Оо, эң ырайымдуулардын ырайымдуусу! ❑

## Сирия бийлиги менен яхудий түзүмүнүн расмий жолугушуулары

29/07/25. Аль-Жазира. Франциянын борборунда 24-июлда АКШнын демилгеси менен Сирия өкмөттүк делегациясы менен яхудий түзүмүнүн делегациясынын жолугушуусу болуп өттү. Бул 2000-жылдан берки эң биринчи жана эң жогорку деңгээлдеги жолугушуу болуп эсептелет. Жолугушуу Сириянын түштүгүндөгү кырдаалдын курчушуна, башкача айтканда яхудий түзүмүнүн тынымсыз жана күчөп жаткан кийлигишүүсүнө байланыштуу өткөрүлдү.

Сирия делегациясын тышкы иштер министр Асад аш-Шайбани жетектеп барды, курамында ТИМдин жана чалгын кызматтарынын өкүлдөрү болду. Ал эми яхудий түзүмүнүн делегациясын стратегиялык иштер министри Рон Дермер жетектеди.

Маалымат булактарына ылайык, бул мындай деңгээлдеги жолугушуулардын эң алгачкысы болуп саналат. Андан мурунку окшош жолугушуу Сириянын мурунку тышкы иштер министри Фарук аш-Шара менен яхудий түзүмүнүн тышкы иштер министри Эхуд Барактын ортосунда АКШда Вашингтондун ортомчулугу менен өткөн тынчтык сүйлөшүүлөрүндө болгон.

Париж жолугушуусуна чейин Сирия менен баскынчы түзүмдүн ортосунда кыйыр байланыштар болгону, андан соң 12-июлда Азербайжандын борборунда түз жолугушуу өткөнү яхудий тараптын маалымат каражаттары аркылуу тастыкталган.

**Аль-Ваъй:** Америка күрөшкө катышкан айрым жихадий топторду жетектөө аркылуу Сирия революциясынан мурунку эки кулун – Хафиз менен Башарды – колдонуу аркылуу жетишкен пайдалардан да көбүрөөк натыйжага жетишти.

## Сирия муфтийи шейх Билал ар-Рифаи жума хутбасында Жан-Жак Руссонун теориясын ээрчүүгө жана үммөттү «мекенге» берилгендикке чакырды!

Шейх Билал Усама ар-Рифаи жума хутбаларынын бирinde Исламий саясий долбоор дүйнөлүк державалардын күчтүү душмандыгы жана айла-амалдары себептүү өз максатына жетпей калганын айтып: «Жакшылыктардын ичиндеги эң мүмкүн болгонун кабыл алышыбыз керек», - деди. Анын айтымында, бул «мекенге берилгендик» долбоору жана Сирия да ушул долбоорго кирет!

Ал дагы: «Шам эли радикалдуу көз караштарды жакшы көрүшпөйт, алар нерселерге акырындык менен жетүүнү же ал тургай жарандык долбоорго кирүүнү жактырышат», - деди. Андан соң ал жума хутбасында чогулгандарга Жан-Жак Руссо тууралуу, анын долбоору

тууралуу, Ислам Руссонун идеялары жана «жарандык» түшүнүгү тууралуу эмне дей турганын айтып берди.

Ошондой эле, ал «жарандык» түшүнүгүн кайрадан изилдеп чыга турган, аны Ислам менен шайкеш келтирүү мүмкүнбү же жокпу деген маселе боюнча «шаръий-саясий-укуктук кеңешти» түзүүгө чакырды. Анан ал: «Улуу державалар макул болгон жарандык түшүнүгүн биздин өлкөдө бекемдөө бул кан төгүүнү токтотот», - деп сөзүн жыйынтыктады.

**Аль-Ваъй:** мечиттердин минбарларынан жана жума хутбаларында адамдарга Исламды жана анын өкүмдөрүн үйрөтөт делген кишилердин оозунан Батыш хазаратынын негиздерине, т.а адашкан Батыш жашоо таризине чакырык ташталышы – бул үммөт уулдарынын арасында Батыштын акыйдавий жана сакофий баскынчылыгынын таасири канчалык тереңдеп кеткендигинин айкын далили. Бул көрүнүш Сирияда кылмышкер режим кулагандан кийин бийликке келгендердин аклий жакырдыгын да көрсөтүп турат.

## Аун Лареджаниге: Биз ички иштерибизге ар кандай кийлигишүүнү четке кагабыз

13/08/25. Франс 24. Ливандын президенти Жозеф Аун Ирандын Жогорку улуттук коопсуздук кеңешинин катчысы Али Лареджани менен жолугушууда өлкөнүн «ички иштерине ар кандай кийлигишүүнү» четке кагарын билдирип, өкмөттүн «Хизбулланы» куралсыздандыруу чечимине каршы чыккан ирандык билдирүүлөрдүн «пайдасы жок» деп атады.

Лареджанинин Бейрутка сапары өткөн аптада өкмөт армияга жылдын аягына чейин Тегеран акча жана курал менен колдоп келген шия уюмун куралсыздандыруу боюнча иш-аракет планын даярдоону тапшыргандан кийин болду. Бул кадам Америка Кошмо Штаттарынын кысымдары жана (Израил) Ливанда жаңы кеңири аскерий чабуулду башташы мүмкүн деген кооптонуулардын шартында кабыл алынды. Айрыкча бир нече айга созулган кыйратуучу кагылышуудан кийин «Хизбулла» алсыраганы белгиленүүдө.

Аун: «Курал көтөрүп, тышкы күчтөргө таянууга жол берилбейт», - деди. Бул тууралуу Ливан президентинин администрациясы билдирип, Аун ирандык аткаминер менен жолугушууда мындай деди: «Биз ички иштерибизге ар кандай кийлигишүүнү четке кагабыз». Ал муну менен: «Ливан эч качан башка өлкөнүн ишине кийлигишпейт жана анын өзгөчөлүгүн урматтайт, анын ичинде Иранды да. Ошондуктан Ливан

да эч кимдин анын ички ишине кийлигишүүсүн кабыл албайт», - деп кошумчалады.

**Ал-Ваъй:** Америка адаттагыдай эле, айланасына топтолгондорго көңүл бурбайт. Ирандын Америкага Афганистанда, Иракта жана Шамда көрсөткөн чоң кызматтарына, миллиондогон мусулмандын каны төгүлүшүнө катышканына карабастан, Америка анын таасирин талкалап, аймактагы кызыкчылыктары бүткөндөн кийин мурунку абалына кайтарып салды. Натыйжада, кечээ эле Ирандан чочулаган тараптар бүгүн ага каршы чыгууга даяр турган абалга келди.

## Ирак парламентинде мушташ

05/08/25. Аль-Айн аль-Ихбария. Ирак парламентинин жыйынында абал курчуп, «Федералдык кызмат кеңешинин» мүчөлөрүн дайындоо боюнча добуш берүү маалында бир катар депутаттардын ортосунда мушташ чыкты. Натыйжада жыйын күтүүсүздөн токтотулду.

«Аль-Айн аль-Ихбариянын» Багдаддагы кабарчысынын маалыматына ылайык, (шиалык) «Координациялык алкактын» депутаты Алаа аль-Хайдари менен (суннийлердин) «Азм» партиясынын депутаты Раъд ад-Дахлукинин ортосунда добуш берүүнүн тартиби жана талапкерлер боюнча талаш чыгып, ал катуу оозеки кайым айтыштан кол көтөрүүгө чейин жеткен.

Парламенттеги маалымат булактар «Аль-Айн аль-Ихбарияга» билдиргендей, парламент төрагасынын биринчи орун басары жана «шиа фракциясы» жетекчилеринин бири Мухсин аль-Мандалави мушташка байланыштуу жыйынды токтотууга аргасыз болгон. Залда эки депутаттын ортосундагы жаңжал башаламандык жана тартипсиздик жараткан.

Маалыматка ылайык, парламент имаратында жайгашкан бешмирка курд коопсуздук күчтөрү Хайдари менен Дахлукинин ортосундагы урушту токтотууга кийлигишкен.

**Ал-Ваъй:** Америка 2003-жылы Иракты басып алгандан бери анын коомдук түзүлүштөрү менен саясий агымдарын Иран менен өз ара таасир талашында колдонуп келе жатат. Акыры, бул тараптар, билсе да, билбесе да, америкалык пландардын аткаруучуларына айланууда — кээде «шиа» аты менен, кээде «суннийлердин укуктарын коргоо» деген ураан менен. Бул саясий топтор болсо өздөрүн колонизаторлорго жеңил минип жүрүүчү аттай кылып берип, бири-бирине каршы мушташтан башка нерсени билбей калган.

## Сиси режими яхудий түзүмүнөн газ импорттоону эки эсеге көбөйттү

Мисирдин премьер-министри Мустафа Мадбули “Нью Мед Энержи” компаниясы менен яхудий түзүмүндөгү Левиафан кенинин шериги ортосунда түзүлгөн келишим 2019-жылы кол коюлган келишимди 2040-жылга чейин узартуу болуп эсептелерин билдирди. Ошондой эле, ал бул келишим Мисирдин Палестинаны колдогон позициясына таасир этпей турганын белгиледи.

Бул бир нече күн мурун яхудий маалымат каражаттары жана яхудий энергетика министри кабарлаган, Каир менен «Нью Мед Энержи» ортосундагы 35 миллиард долларлык газ жеткирүү келишимине байланыштуу Мисирден чыккан алгачкы расмий билдирүү болду. Яхудий энергетика министри Эли Коэн ал келишимди «өлкөнүн тарыхындагы эң ири келишим» деп атаган.

Мадбули мындай деди: «Нью Мед Энержи компаниясы менен Левиафан кениндеги келишимди узартуу тууралуу жарыяланган маалымат айланасында талаш-тартыш болду. Чынында бул келишим 2019-жылдан бери бар. Биз макулдашкан жалгыз нерсе — аны 2040-жылга чейин узартуу. Алар өндүрүш көбөйөт деп күтүшүүдө, ошондуктан бул көбөйгөн көлөм Мисирдин газ системасына киргизилсин дешүүдө. Анткени Мисир мамлекети аймактык энергетикалык борбор катары эсептелет».

Ошондой эле, ал бул келишим Газа кризиси башталгандан бери Мисирдин «так жана күчтүү позициясына» таасир кылбаганын, Палестина маселесин жоюу же палестиналыктарды жеринен көчүрүү аракеттерин өлкө ар дайым четке какканын баса белгиледи.

Каир бул газды жергиликтүү муктаждыктардын бир бөлүгүн жабуу үчүн колдонуп, ал эми белгилүү бир көлөмүн Идку жана Думьяттагы суюлтулган газ станцияларынан Европага жана Азияга кайра экспорттойт.

**Ал-Ваъй:** премьер-министр Мадбули элди алдоого бекер эле аракет кылууда. Чынында ал өзүн гана алдап жатат. Мисир режиминин Исламга жана Палестина элине кылган кыянатчылыктарын китептерге жазып чыкса бүтпөйт. Алардын эң алгачкысы — яхудий түзүмүн таанып, аны жок кылууга аракет кылуунун ордуна аны менен келишим түзүүсү.

## Эки кайраттуу жигит Мисирде коопсуздук борборундагы офицерлерди туткундап, Газадагы кыргынды токтотууну талап кылышты

Каир. аль-Кудс аль-Араби. Социалдык тармактарда эки жаш жигиттин полиция бөлүмүнө кирип барып, офицерлерди туткунга

алып, Рафах чек ара өткөрмө пунктун ачууну талап кылган видеосу тарагандан бир нече саат өткөн соң, Ички иштер министрлиги бул окуяны төгүндөдү.

Видеодо Хелуандын «15 Май» районунда жашаган, мурда 6 айга түрмөгө кесилип, кийин бошотулган Мухсин Мухаммад Мустафа жана анын таякеси Ахмад аш-Шариф көрүнөт. Экөө полициянын аль-Маасара бөлүмүндөгү улуттук коопсуздук башкармалыгы жайгашкан төртүнчү кабатка кирип барышканын айтышкан.

Жигиттер улуттук коопсуздук кызматкерлерин болжол менен 5 сааттай кармап турушканын жана бийликке Газадагы элди ачарчылыктан куткаруу үчүн Рафах чек арасын дароо ачуу талабын койгонун билдиришкен.

Видеодо жигиттердин бири темир эшиктин артында камалып турган кишиге кайрылып: «Мен үйгө кайтып барбай турганымды билем», - деп айтат. Ал эми эшиктин артындагы кызматкер андан чыгып кетүүгө уруксат берүүсүн өтүнүп, ага эч кандай зыян жетпейт деп ишендирүүгө аракет кылган.

Бир нече саат өткөндөн кийин коопсуздук кызматындагы булак бул видеону «жасалма» деп мүнөздөдү. Ички иштер министрлигинин расмий баракчасында аты аталбаган бул булактын сөздөрү жарыяланып, анда «бул окуя тууралуу тараган материалдардын чындыкка эч кандай тиешеси жок» деп айтылды. Ошондой эле, булактын айтымында, коопсуздук органдары аны даярдап, жайылткандарды камакка алышкан.

Маалымат булагы «Ихван» жамааты фактыларды бурмалоого жана ушак-айыңдарды таратууга аракет кылып, өлкөдө өкүм сүрүп жаткан туруктуулукту бузууну көздөп жатат деп айыптады. Ал эми, бул абалды Мисир эли жакшы түшүнөрүн кошумчалады.

Ички иштер министрлигинин төгүндөөсүнөн кийин «Телеграм»дагы айрым каналдарда бул окуяны жасаган эки жигиттин үн баяны менен видеосу жарыяланды. Анда алар эч кандай уюмга же саясий түзүлүшкө тиешеси жок экенин, тескерисинче, өздөрүн «Умар ибн аль-Хаттаб менен Амр ибн аль-Астын урпактары» деп аташкан.

Алардын бири бул операциянын максаты «Мисирдин улуу элинин өлүп бараткан жанын кайра жандандыруу жана Газадагы тууганарыбызга жасалып жаткан кыргынды токтотуу» экенин айткан. Видео ал окуяга чейин, жума күнү 2025-жылдын 25-июлунда жазылган жана анда операция жүргүзүлөрүн жана видео жарыяланганда экөөнү камакка алышары мүмкүн экенин билдирген.

Операцияга «Хадид 17» («Темир 17») деген аталыш берилген жана аны колдогон социалдык тармактагы баракчалар аркылуу билдирүү жарыяланган.

**Ал-Ваъй:** Үммөткө карата бардык караңгылыкка жана көптөгөн кыянатчылыктарга карабастан, анда жакшылык дагы эле бар. Себеби ар бир кыянаттын артында үммөттүн биримдигине ишенген жана бардык тоскоолдуктарга карабай чынчылдык менен аракет кылган көптөгөн ихластуу адамдар бар. Бирок алар өз ара аракеттерин уюштуруп, күч-кубаттарын натыйжалуу пайдалана турган долбоорго муктаж. Ошондо гана алар жалпы жана түпкү өзгөрүүнү ишке ашырып, үммөткө Аллахтын шариатынын үстөмдүгүндө кайрадан бийлигин кайтарып бере алышат.

## Саудия тышкы иштер министри: Палестина мамлекети түзүлмөйүнчө яхудий түзүмү менен эч кандай мамиле болбойт

Саудиянын тышкы иштер министри Фейсал бин Фархан анын өлкөсү Палестина мамлекети түзүлмөйүнчө (Израил) менен мамиле кылбай турганын ырастады. Ал: «Жаңжалды бүтүрүп, Палестина мамлекетин түзүүгө убакыт келди», - деп баса белгилеп. Ал: «(Израил) менен Палестинанын ортосундагы тынчтык — регионалдык толук тынчтыкка жетүүнүн негизги жолу», - деп эсептеди.

Бул сөздөрдү ал БУУнун Нью-Йорк шаарындагы имаратында өткөн Палестина маселесин тынчтык жолу менен чечүү жана “эки мамлекет” чечимин ишке ашыруу боюнча жогорку деңгээлдеги эл аралык конференциянын алкагында өткөрүлгөн маалымат жыйынында айтты. Бул тууралуу Саудиянын «Аль-Ихбария» телеканалы кабарлады.

**Аль-Ваъй:** Сауд үй-бүлөсү Ислам үммөтүнүн аң-сезиминин көтөрүлүшүнөн коркууда. Анткени бул аң-сезим Палестинанын толук бошотулушунан жана бардык мусулман жерлеринин яхудийлердин жана Батыштын агенттеринин, анын ичинде Сауд үй-бүлөсүнүн кол астынан бошотулушунан башкасына ыраазы болбойт. Ошондуктан алар шашылыш түрдө Батышка жалдырап, Палестинанын кичинекей бөлүгүндө яхудий түзүмүнө саясий жана аскерий жактан баш ийген жарым жартылай мамлекетти кабыл алдырууга аракеттенүүдө.

## Ливандагы Румия түрмөсүндө сириялык туткун Усама ал-Жаъур каза болду

13-августта Хомс облусунун Кусейр шаарынан чыккан сириялык туткун Усама ал-Жаъур Ливандын Румия түрмөсүндө каза болгону жарыяланды. Түрмөдөгү булактардын айтымында, ал катуу камак шарттарына жана атайылап медициналык жактан көңүл бурулбай коюлгандыктан ден соолугу начарлап, өмүрү кыйылды.

Жаъур Ливанда Сирия революциясын колдогону жана ага катышканы үчүн камакка алынган. Чынында болсо, ал Ливанга 2012-жылы Кусейр шаары (Хомс облусу) толугу менен басылып, анын тургундары көчүрүлгөндөн кийин качып келген. Шаарды Ливандын «Хизбулла» уюму басып алган болчу.

Камакка алынгандан кийин ал Ливандын ар кандай коопсуздук бөлүмдөрүнө которулуп, оор кыйноолорго туш болгон. 2019-жылы Ливандын соту аны өмүр бою абакка кескен. Ушундан кийин ал катуу кыйноого дуушар болуп, акылынан ажыраган. Натыйжада аны өзүнчө камерага камап, дарыланбай ден соолугу начарлап, акыры өлүмгө дуушар болду.

**Аль-Ваъй:** бул – Аллахтан коркууну да, инсандын кадырын да, ахлакый кыйматтарды да эске албаган мамлекеттердеги эзилип калган, адамдардан эч бир жардамчысы жок, зулум көргөндөрдүн абалы. Алар өздөрүнүн мыйзамдарын жана кол койгон «адам укуктары» менен «туткундун укуктары» тууралуу келишимдерди да сыйлашпайт. Мунун баарына кошумча, Ливандын жийиркеничтүү жамааттык бөлүүгө негизделген түзүмдөгү улутчул жана тайпачылык каражаттар саясатчылардын, коопсуздук жана сот жооптууларынын чечимдерине үстөмдүк кылат.

Бул абалдан чыгуу – адамдарга динине, мазхабына же тегине карабай адилеттүү камкордук кылган Аллахтын Шариатын орнотуу аркылуу гана мүмкүн.

## Кытай уйгурларга каршы геноцид кылмышын күчөтүүдө!

Кытай жакында Чыгыш Түркстанды басып алуусун чыңдоо жана акыркы жылдары башталган «Шинжанды башкаруу чаралары» деп аталган иштер боюнча изилдөөлөрүн күчөтүү маселесин талкуулоо үчүн жыйын өткөрдү. Бул жыйын ушул аптада Үрүмчү шаарында «Уйгур автономдук районунун коомдук илимдер ассоциациясы» жана Шинжан университети тарабынан уюштурулду.

Кытайдын Чыгыш Түркстандагы «Тяньшань» маалымат агенттигинин кабарына ылайык, 20-августта Үрүмчүдө Кытай коммунисттик партиясынын Борбордук комитети уюштурган «Шинжанды башкаруу чаралары» деп аталган жылдык назарий жыйын

өттү. Жыйында Кытай коммунисттик партиясынын Борбордук комитетине караштуу Биримдик бөлүмүнүн сегизинчи кеңсесинин орун басар директору Хуо Ляньхэ Кытай режиминин Чыгыш Түркстанды башкаруу жана көзөмөлдөө иш-аракеттери тууралуу баяндама жасады. Ошондой эле бир катар кытайлык эксперттер «сакофий азыктандыруу» жана башка темалар жөнүндө сөз кылышты.

Кыргызчага котормосу:

Баяндамада айтылгандай, бул жыйынга даярдык жүрүп жаткан учурда Кытай менен Чыгыш Түркстандагы университеттер, партиялык мектептер жана изилдөө борборлору ачык илимий макалаларды кабыл алышкан. Жалпысынан «Шинжанды башкаруу чаралары» деп аталган темага байланыштуу 590 илимий макала тапшырылып, алардын ичинен 57си жыйында талкуулануууга тандалды. Ошондой эле бул макалалардын авторлоруна ардак грамоталары тапшырылды.

Акыркы убактарда Кытай Чыгыш Түркстандагы баскынчылыгын жана уйгур мусулмандарга каршы геноцид кылмышын теориялык жактан негиздеп чыңдоо боюнча олуттуу иш жүргүзүүдө. Акыркы айларда бир нече илимий-изилдөө борборлорун түзүп чыкты. Алардын арасында 1-августта Шинжандагы өндүрүш жана курулуш бөлүгүнүн бешинчи дивизиясына караштуу Шуанси шаары Шинжан социалдык илимдер академиясы менен стратегиялык кызматташуу келишимин түзүп, «Шинжан социалдык илимдер академиясынын бешинчи дивизияга караштуу чек ара аймактарын башкаруу институтун» негиздеди. Ал эми ушул жылдын апрелинде Шинжан полициясынын саясий жана укуктук университети Шинжан полициясынын окутуу борборунда «Шинжанды мыйзам аркылуу башкаруу институтун» ачты.

**Аль-Ваъй:** Кытай Чыгыш Түркстандагы уйгур мусулмандарын кыргын кылган системалуу кылмыштарына илимий жана академиялык түс берүүгө аракеттенүүдө. Эгерде мусулмандар өздөрүнө таандык мамлекетке ээ болуп, өз маселелерин көтөрүп чыкса, Кытай тарыхта сейрек кездешкен мындай тайманбас кадамга барат беле?!.❑

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## АСР СҮРӨСҮ АЛКАГЫНДА ОЙ ЖҮГҮРТҮҮЛӨР

**Расим Абу Маъмун Хатир**

﴿وَٱلۡعَصۡرِ ١ إِنَّ ٱلۡإِنسَٰنَ لَفِي خُسۡرٍ ٢ إِلَّا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلۡحَقِّ وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلصَّبۡرِ ٣﴾

***“Аср** (убагы)**на ант болсун,** (бардык) **инсан зыян–бактысыздыкта. Жалгыз ыйман келтирген жана жакшы иштерди кылган, бир-бирлерине Ак** (жолун) **осуят кылган жана бир-бирлерине** (мына ушул Ак Жолунда) **сабыр–чыдамдуулук кылууну осуят кылгандар гана** (нажат табуучулар болушат)**”.*** (Аср: 1–3).

Бул Меккеде хижраттан мурун түшүрүлгөн сүрө. Үч аяттан турат. Ошентип, ал «Кавсар», «Наср» сыяктуу эң кыска сүрөлөрдүн бири болуп саналат. «Аср» сүрөсү деп аталганы — Аллах Тааланын «аср»га, башкача айтканда убакытка же анын бир бөлүгүнө касам ичкени себеп.

Бул сүрө аз аяттуу, кыска бөлүмдүү болгону менен, маанилери абдан терең жана мол. Өз түзүлүшүндө абдан күчтүү, сөздөрүндө өтө таасирдүү. Исламдын жолун жана багытын камтып, диндин негиздерин жана таяныччтарын ачып көрсөтүп, Куран илимдеринин жана максаттарынын баарын өз ичине алган. Бул — ижаздын (аз сөздөр менен көп маанилерди жеткирүүнүн) чокусу жана эң кооз баяндоолордун бири. Бул сүрөдө адам баласынын бактысы же бактысыздыгы, ийгиликке жетүү же зыян тартуу себептери так көрсөтүлгөн.

Имам Шафий رحمه الله мындай деген:

«لو ما أنزل الله حجة على خلقه إلا هذه السورة لكفتهم».

«Эгерде Аллах Таала Өзүнүн пенделерине далил катары ушул сүрөдөн башка эч нерсени түшүрбөгөндө да, бул сүрө алар үчүн жетиштүү болмок».

Бул сүрө тууралуу тафаккур кылганда төмөнкү натыйжаларга келебиз:

1–

﴿وَٱلۡعَصۡرِ﴾ – бул касам. Бирок Эгебиз эмне үчүн касам ичет? Башкаларды ишендирүү үчүнбү? Албетте жок. Анткени Аллах – Хак, Ал хакты гана сүйлөйт. Демек, Аллах Таала бизге айтып жаткан

нерсесине көңүл бурушубуз, анын маанилүүлүгүн баса белгилөө үчүн касам ичет. Бул сүрө дал ушул кызыктуу жана көңүл бурдурган ыкма менен башталган. Куранда касам – бул тактоо жана бекемдөө ыкмаларынын бири. Касамдан кийин сөз кылынган нерсе өзгөчө маанилүү экенине далалат кылат.

Аллах Таала асрга касам ичкен. Анткени ал абдан маанилүү жана улуу. Асрда көптөгөн ажайып нерселер бар: бир үммөт кетет, экинчиси келет; Кадар аткарылат, белгилер көрүнөт; ал эми аср өзү өзгөрбөйт – түн артынан күн келет, күндү түн сүрүп чыгарат.

2–

ٱلۡإِنسَٰنَ сөзүндө “Аль” артикли истигрокту (жалпылоону) билдирет. Башкача айтканда, ар бир адам зыян-бактысыздыкта. Ак же кара, бай же кедей, араб же ажам, айырмасыз, баары зыянга дуушар.

Сүрөдө адамдар эки топко бөлүнөт: жоготууга учурагандар жана Аллах Таала өзгөчөлөп истиснаа кылып кутулгандар.

3– Аллах Тааланын: لَفِي خُسۡرٍ – “инсан зыян-бактысыздыкта” деген сөзү, адам зыянга толук малынган, ал ар тараптан курчап турганын билдирет. Бул жөн гана «адам зыян тартуучу» дегенден да күчтүү мааниге ээ.

«Зыян» пайдага карама-каршы түшүнүк, анын мааниси – жок болуу, кем болуу жана акыреттеги азапка ташталуу. Бул жердеги зыяндын мааниси – тозокко кирүү, Кудуреттүү Аллахтын каарына калуу, бейишке кирбей калуу жана Аллахтын ыраазылыгына жетпөө.

لَفِي خُسۡرٍ дегенде “лам” да “фи” да тактоочу маанини берет. Бул болсо анын зыянга толук чөмүлгөнүн, ар тараптан курчалып турганын билдирет. Демек, ал кутулуш жолун издөөгө милдеттүү.

Ошентип: кафир да, мунафык да, мушрик да, муртад да – зыян тартуучулар. Аллах Таала мындай дейт:

﴿وَمَن يَتَّخِذِ ٱلشَّيۡطَٰنَ وَلِيّٗا مِّن دُونِ ٱللَّهِ فَقَدۡ خَسِرَ خُسۡرَانٗا مُّبِينٗا﴾

***“Кимде-ким Аллахты таштап, шайтанды дос тутса, анда ал ачыктан-ачык зыян кылган болот”.*** (Ниса:119).

﴿وَخَسِرَ هُنَالِكَ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***“... жана ошондо кафирлер зыян көрүүчү болушат”.*** (Гафир: 85).

﴿وَمَن يَبۡتَغِ غَيۡرَ ٱلۡإِسۡلَٰمِ دِينٗا فَلَن يُقۡبَلَ مِنۡهُ وَهُوَ فِي ٱلۡأٓخِرَةِ مِنَ ٱلۡخَٰسِرِينَ﴾

***“Кимде-ким Исламдан башка динди кааласа, анда,*** *(анын «дини» Аллахтын алдында)* ***эч качан кабыл алынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучу-өкүнүүчүлөрдөн*** *(болот)****”.*** (Али Имран: 85).

4– Андан соң Аллах Таала мындай дейт:

﴿إِلَّا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ وَعَمِلُوا۟ ٱلصَّٰلِحَٰتِ وَتَوَاصَوْا۟ بِٱلْحَقِّ وَتَوَاصَوْا۟ بِٱلصَّبْرِ﴾

***“Жалгыз ыйман келтиргендер жана жакшы иштерди кылгандар, бир-бирлерине Ак*** *(жолун)* ***осуят кылган жана бир-бирлерине*** *(мына ушул Ак Жолунда)* ***сабыр–чыдамдуулук кылууну осуят кылгандар гана*** *(нажат табуучулар болушат)****”.*** (Аср: 3).

Бул – бардык адамдарды камтыган жалпы зыяндан истиснаа жолу менен чыгарылган топ. Алар – ыйман келтирип, солих амалдарды аткарып, бир-бирлерине Хак Жолду осуят кылгандар жана сабыр-чыдамдуулук кылууну осуят кылгандар.

Демек, сүрөдөгү «إلا» сөзү куткаруучу шартты көрсөтүүдө. Ал шарттар төмөнкүлөр:

1. Ыйман келтирүү – Аллах Таала буйруган нерселердин баарына ишенүү.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓا۟ ءَامِنُوا۟ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ وَٱلْكِتَٰبِ ٱلَّذِى نَزَّلَ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ وَٱلْكِتَٰبِ ٱلَّذِىٓ أَنزَلَ مِن قَبْلُ وَمَن يَكْفُرْ بِٱللَّهِ وَمَلَٰٓئِكَتِهِۦ وَكُتُبِهِۦ وَرُسُلِهِۦ وَٱلْيَوْمِ ٱلْءَاخِرِ فَقَدْ ضَلَّ ضَلَٰلًۢا بَعِيدًا﴾

***“Эй, момундар, Аллахка, Анын пайгамбарына жана ошол пайгамбарына түшүргөн Китебине, ошондой эле мурун түшүргөн Китептерине ыйман-ишенимиңер толо болсун. Кимде-ким Аллахка, Анын периштелерине, Китептерине, пайгамбарларына жана Акырет Күнүнө ишенбесе, демек, ал абдан катуу адашат”.*** (Ниса: 136).

2. Солих амал.

Бул — Аллахка жана пенделерге тиешелүү болгон бардык жакшы иштердин жыйындысы. Солих амал — Аллахтын буйруктарын аткаруу жана шаръий тыюулардан алыс болуу.

﴿ٱلصَّٰلِحَٰتِ﴾ деген сөздөгү “аль” да истигрок (жалпылык) үчүн колдонулган. Башкача айтканда, ал бардык солих амалдарды камтыйт жана үч негизги сфераны өз ичине алат:

1. Кулдун Роббисине болгон мамилеси: ишенимдер жана ибадаттар (мисалы: намаз, орозо, дуа).

2. Адамдын өзүнө болгон мамилеси: кийим-кече, тамак-аш жана башка адеп-ахлакка тиешелүү иштер.

3. Адамдын башка адамдарга болгон мамилеси: муамалаларды жана жаза-чараларды өз ичине камтыйт.

Солих амал — ыймандын жемиши. Ал имандан бөлүнбөйт жана анын эң кооз, эң берекелүү натыйжаларынын бири болуп саналат.

Бирок амалдын Аллах Таала алдында кабыл болушу үчүн эки шарт милдеттүү:

А. Амал Аллахтын ыраазылыгы үчүн ихлас менен жасалууга тийиш.

Пайгамбарыбыз ﷺ айтты:

«إنما الأعمال بالنيات، وإنما لكل امرئ ما نوى»

**«Амалдар ниетке жараша. Ар бир адам кандай ниет кылса, ошого жараша болот».** (Бухари жана Муслим).

Ошондой эле:

«إِنَّ اللَّهَ لا يَقْبَلُ مِنْ الْعَمَلِ إلا مَا كَانَ لَهُ خَالِصًا وَابْتُغِيَ بِهِ وَجْهُهُ»

**«Аллах амалдын Ал үчүн ихлас кылынганын жана Анын жүзүн** (ыраазылыгын) **издегенин гана кабыл кылат»**. (Насаи риваяты).

Б. Амал Сүннөткө ылайык болушу керек.

Аллах Таала мындай деди:

﴿ ٱلَّذِى خَلَقَ ٱلْمَوْتَ وَٱلْحَيَوٰةَ لِيَبْلُوَكُمْ أَيُّكُمْ أَحْسَنُ عَمَلًا ۚ وَهُوَ ٱلْعَزِيزُ ٱلْغَفُورُ ﴾

***“****(Эй инсандар, Ал)* ***силердин кайсы бириңер жакшыраак амалдарды кылуучу экениңерди сыноо үчүн өлүм жана тирүүлүктү жараткан Зат. Ал Кудуреттүү жана Кечиримдүү”.*** (Мүлк: 2).

Имам Разий رحمه الله мындай деген:

«أن يكون أخلص الأعمال وأصوبها؛ لأن العمل إذا كان خالصًا غير صواب لم يُقبَل، وكذلك إذا كان صوابًا غير خالص، فالخالص أن يكون لوجه الله تعالى، والصواب أن يكون على السنة».

«Амал эң ихластуусу жана эң туурасы болушу керек. Эгер амал ихлас менен болсо да, туура (Сүннөткө ылайык) болбосо, кабыл болбойт. Ошондой эле туура болсо да, ихлас болбосо кабыл болбойт. Ихлас – бул бир амалдын Аллахтын жүзү (ыраазылыгы) үчүн гана жасалышы. Туурасы болсо — Сүннөткө ылайык болушу».

3 – Хак Жолуна осуятташуу وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلۡحَقِّ

«Тавасый» — бул өз ара насаатташуу, бири-бирине кеңеш берүү дегенди билдирет.

Пайгамбарыбыз ﷺ айтты:

«الدين النصيحة» قالوا: «لمن يا رسول الله؟» قال: لله ولكتابه ولرسوله ولأئمة المسلمين وعامتهم». (رواه البخاري ومسلم).

**«Дин — бул насыйкат»**. Сахабалар: «Ким үчүн, эй Аллахтын Элчиси?”, - деп сурашты. Ал айтты: **«Алла үчүн, Анын Китеби үчүн, Расулу үчүн, мусулмандардын жетекчилери жана жалпысы үчүн».** (Бухари жана Муслим риваяты).

Али ибн Абу Талиб رضي الله عنه айткан:

«المؤمنون نَصَحَة والمنافقون غَشَشَة».

«Момундар — насаат берүүчүлөр, мунафыктар болсо – алдоочулар».

Хак Жолуна осуятташуу — бул солих амалдардын бир бөлүгү. Бирок Аллах Таала аны сүрөдө өзгөчө атап өткөн. Анткени анын мааниси абдан чоң жана адамдар көңүл буруулары зарыл. Айрымдар «Жеке өзүң ыйман келтирип, солих амалдарды аткарып жатсаң болду, башкалар сен үчүн маанилүү эмес» деп ойлошу мүмкүн. Бирок бул сүрөдө башкаларды да Хакка чакыруу жана насааттaшуу куткарылуу шарты катары көрсөтүлгөн.

4– Сабыр-чыдамдуулукка осуятташуу وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلصَّبۡرِ

Биз кандай Хакка осуятташууга муктаж болсок, ошондой эле ошол Хак үстүндө сабыр кылууга да муктажбыз. Сабыр кылууга осуят – бул Аллахка ибадат кылууда сабыр кылуу, Аллахка күнөө кылуудан алыс болууда сабыр кылуу, Аллах Тааланын оор кадаарына (балээ, сыноо, кыйынчылыкка) сабыр кылуу.

Аллах Таала сабыр кылууга осуятты Хакка осуят кылуудан өзүнчө атап өткөн. Анткени сабырдын мааниси абдан чоң жана анын жемиши — зыяндан кутулуу.

Сүрөдө Хакка осуят кылуудан кийин сабыр кылууга осуяттын келиши Хакка чакыруу сабырды талап кылат дегенди билдирет. Чындыгында, дааватчылар жана ондоочулар (мусулмандарды Хакка чакыргандар) таагуттар жана алардын жардамчылары тарабынан азапка, зулумга жана тоскоолдуктарга туш болушат. Демек, алар дааватты көтөрүүдө сабыр кылууга, жеткен зыянды көтөрүүгө милдеттүү. Хак жолу атыр гүлдөр менен төшөлгөн жол эмес, ал тоскоолдуктарга, тикендерге жана тосмолорго толгон жол. Аны туруктуулук менен басып өтүү үчүн чырайлуу сабыр жана күчтүү азимат керек.

Бул сүрөдө амр бил-маарууф жана нахи аниль-мункар (жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруу) милдетинин маанисине да ишарат бар. Анткени бул милдетти аткарган адам көп учурда адамдардан зыян көрөт. Ошондуктан алар үчүн сабыр кылууга осуят кылуу зарыл. Бул тууралуу Лукман өз уулуна айткан:

﴿يَٰبُنَيَّ أَقِمِ ٱلصَّلَوٰةَ وَأۡمُرۡ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَٱنۡهَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ وَٱصۡبِرۡ عَلَىٰ مَآ أَصَابَكَۖ إِنَّ ذَٰلِكَ مِنۡ عَزۡمِ ٱلۡأُمُورِ﴾

***“Эй, уулум, намазды толук аткар, жакшылыкка буюр жана жамандыктан кайтар, ошондой эле, өзүңө келген*** *(балээлерге)* ***сабыр кыл! Албетте, мына ушул иштердин максатка көбүрөөк дал келүүчүсү”.*** (Лукман: 17)

Жыйынтыктап айтканда, биринчи эки нерсе (иман жана солих амал) – адамдын өзүн толук кылат. Акыркы эки нерсе (Хакка жана сабыр кылууга осуят) – башкаларды толук кылат. Бул төрт нерсени

кемчиликсиз аткарган адам гана зыяндан кутулат жана улуу жеңишке жетет. ❑

## УЛУУ САХАБА МУСАБ ИБН УМАЙР РОЗИЯЛЛАХУ АНХУ

**Абдул-Махмуд ал-Амири – Йемен Мунис Хамид**

Жаркыраган сахабалардын ысымдарынын арасында Мусаб ибн Умайрдын ысымы курмандыктын жана бекем туруктуулуктун символу катары көзгө урунуп турат. Мусаб дааваттын алгачкы баскычтарында анын чырагын көтөргөн жигит болгон. Ал Меккенин эң жакшы жигиттеринин бири эле, сулуулугу, жагымдуу жыты жана молчулук жашоосу менен белгилүү болгон. Андыктан сахабалар رضي الله عنهم мындай дешкен: «Меккеде Мусаб ибн Умайрдай молчулук жашоодо жашаган кишини көргөн жокпуз».

Бул улуу сахаба жашыруун дааваттын башында эле Пайгамбарыбыз ﷺдын чакырыгынан таасирленип, Исламды кабыл алган. Ал өзүнүн коомдук абалына карабай Исламды тандады. Анын апасы Хунас бинт Малик муну катуу каршы алып, аны Пайгамбарыбыз ﷺ менен жолугушуудан тыйыш үчүн үйүнө камап салган. Бирок бул камактан ал динге дагы да бекем туруп, андан да күчтүү ыйман жана чечкиндүүлүк менен чыкты.

Биринчи Акаба байъатынан кийин Пайгамбарыбыз ﷺ аны Исламдын Мадинадагы биринчи дааватчысы жана элчиси кылып жиберди. Ошентип, Мусаб ал жерде мусулмандардын алгачкы коомунун пайдубалын түптөөдө алдыңкы рол ойноду. Анын колу аркылуу Исламды кабыл алган эң көрүнүктүү инсандардын арасында Асад ибн Зурара, Сад ибн Муаз жана Усайд ибн Худайр бар. Алардын баары кийин Ислам мамлекетинин пайдубалын көтөргөн улуу инсандарга айланышты.

Бул сахаба Бадр согушуна катышып, Ухуд согушунда мусулмандардын ливасын (желегин) көтөргөн. Ал жерде абдан күчтүү эрдик көрсөтүп, Пайгамбарыбызды ﷺ коргоп жатып шахид болду. Ливасын бекем кармап турганда анын эки колу кесилип кетти. Желек жерге кулап бара жатканда аны башка сахабалар көтөрүп алышты. Анын тохир денеси табылганда

толук кепин табылган жок. Башын жабышса буттары ачылып, буттарын жапса башы ачылып калчу.

Ишеним адамдын жолун өзгөртүп, молчулук жашоодо мүлктү коргоодон, мабда үчүн курмандык жолуна алып чыгышы мүмкүн. Жигиттер болсо дааваттагы чоң жоопкерчиликтерди көтөрүп, Исламий жашоонун кайра кайтып келишине себеп боло алышат.

Мусаб رضي الله عنه мунун даана мисалы жана өрнөгү. Жакшы сөз жүрөктөрдү ачып, өзгөрүүнү каалагандар үчүн өзгөрүүнү жаратышы мүмкүн. Мусабдын өмүр баяны жөн гана бир сахабанын тарыхы эмес, ал – туруктуулуктун, чындыкка берилүүнүн жана терең ихластын үлгүсү. Ал кыска өмүр сүрдү, бирок ал өмүрү толук берекет жана таасир менен өттү.

Чындыгында ал Исламдагы биринчи элчи болуп, бул диндин башталышында чыныгы өзгөрүүдө алдыңкы саптагылардын бири болду. Андыктан жүрөгүбүздө ыймандын шооласын жандырып, рояны Мусаб көтөргөндөй көтөрөлү. Жашообузду рахат, күндөрүбүздү отургуч эмес, минбар кылалы.

Сен ушул замандын Мусабы бол! Анткени үммөт сени али да күтүп турат…. ❑

# ГАЗА ФИТНАСЫ

Аллах Таала айтты:

﴿الٓمٓ ١ أَحَسِبَ ٱلنَّاسُ أَن يُتۡرَكُوٓاْ أَن يَقُولُوٓاْ ءَامَنَّا وَهُمۡ لَا يُفۡتَنُونَ ٢ وَلَقَدۡ فَتَنَّا ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡۖ فَلَيَعۡلَمَنَّ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ صَدَقُواْ وَلَيَعۡلَمَنَّ ٱلۡكَٰذِبِينَ ٣﴾

***“Алиф, Лам, Мим. Адамдар «Ыйман келтирдик» дешээри менен гана, сыноо кылынбастан таштап койулууларын ойлоштубу?! Акыйкатта болсо биз алардан мурдагы** (ыйман келтирген бардык) **кишилерди сынаган элек го!! Анан** (ушул сыноонун жардамында) **албетте Аллах** («ыйман келтирдик» деп) **чын сүйлөгөн кишилерди да, жалганчы адамдарды да анык билет”.*** (Анкабут: 1–3).

Ибн Касир (рахимахуллах) бул аяттын тафсиринде мындай дейт:

Аллахтын ***“Адамдар «Ыйман келтирдик» дешээри менен гана, сыноо кылынбастан таштап койулууларын ойлоштубу?!*”** деген сөзү истифхам инкарий (суроо берүү аркылуу четке кагуу) болуп эсептелет. Мааниси: Албетте, Аллах Таала Өзүнүн момун кулдарын алардын ыймандарына жараша сөзсүз сыноодон өткөрөт. Пайгамбарыбыз ﷺдан сахих хадисте келгендей:

«أَشَدُّ النَّاسِ بَلَاءً الْأَنْبِيَاءُ ثُمَّ الصَّالِحُونَ، ثُمَّ الْأَمْثَلُ فَالْأَمْثَلُ، يُبْتَلَى الرَّجُلُ عَلَى حَسَبِ دِينِهِ، فَإِنْ كَانَ فِي دِينِهِ صَلَابَةٌ زِيدَ فِي الْبَلَاءِ».

**«Эң катуу сыноого дуушар болгон адамдар — бул пайгамбарлар, андан кийин салихтер, андан кийин даражасына жараша башкалар. Киши өз динине жараша сыноого туш болот. Эгер анын динге болгон бекемдиги күчтүү болсо, сыноо дагы күчөтүлөт»**.

Аллах Таала ыйманына жараша сыноолорду койбой туруп, эч бир адамды жараткан эмес. Ошондо Аллах кимдин бул сыноолорго сабыр кылып, Аллахка тобокел кылып чыдаганын билет да, аны андан куткарат. Ал эми ким кулап түшсө, ал өзүнүн туура эмес баалоосунан, Аллахтын буйруктарына кош көңүл болуусунан жана ыйманынын алсыздыгынан улам кулайт.

Бүгүн бүтүндөй үммөт сыноого туш болуп жаткан фитналардын бири – Газа фитнасы жана ал жерде болуп жаткан окуялар, ошондой эле жер жүзүндөгү мусулмандардын ага мамилеси. Көптөгөн мусулмандар (биз бул жерде мусулмандарды айтып жатабыз, мунафыктарды, нормалдаштыргандарды, алсыздарды жана алардын жолун жолдогондорду эмес) мындай дешет: «Эгер ХАМАС мындай кылбаганда, бул окуялар болбойт эле, өз элинин башына мындай чоң кыргын түшмөк эмес, үйлөрү кыйрап, эли ачарчылыкка кабылмак эмес». Алардын сөзү так ушуну билдирип жатат: «алар жашап жатышкан», башкача айтканда, мусулман адам жаратылышы боюнча жеп-ичип көбөйүү үчүн гана жаралгандай, бул дүйнөгө айбандар жашагандай жашоо үчүн келгендей эле сүйлөшөт. Бирок бул, албетте, мусулмандардын вакыйлыгы эмес жана алардын максаты да эмес. Эгер кимдир бирөө жаныбар сыяктуу жашоого макул болсо, аны биз аң-сезимдүү, өзүнүн иззатын жана кадырын душмандарынын колунан тартып алууга умтулган мусулмандардын катарында деп эсептебейбиз.

Аллах бизге Газа окуяларына чейин жана анын маалында элдерге сабак болушу үчүн эки мисал келтирди.

Биринчи мисал: 2023-жылдын 6-февралында Түркия жана Сириянын аймактары дээрлик толук кыйрады. Бул Кахраманмараш жана Мараш аймактары эле. Чоң зилзала жүздөгөн турак үйлөрдү ээлеринин үстүнө уратты. Натыйжада курмандыктардын саны жүздөгөн болду: Түркия тарапта 44 212 киши, Сирия тарапта 5 914 киши каза болуп, жалпысы бир нече секунд ичинде элүү миңден ашуун адам набыт болду!

Экинчи мисал: андан эки түн өткөндөн кийин, 10-11-сентябрда Ливиянын Дерна аймагында «Даниел» бороонунун артынан эки суу сактагыч дамбасы кыйрап, болжол менен 30 миллион куб метр суу дарыянын нугундагы элдин үйлөрүнө агып кирди. Бул кырсыкта болжол менен 4 333 киши каза болду, ал да акыркы эсеп эмес. Бул кайгылуу кырсыктын бардык курмандыктарын Аллах Таала өз мээрими менен рахмат кылсын деп дуба кылабыз.

Бул жерден адамдар — жеке абалда да, жалпы абалда да — ар бир көз ирмемде ар кандай жолдор менен өлүмгө кабылышы мүмкүн экенин түшүнөбүз. Зилзаладан өлгөндөр да, суу ташкынында өлгөндөр да душмандар менен согуш талаасында эмес, колуна курал көтөрбөстөн эле, тескерисинче, бейкапар уктап, эртеңки күндүн жакшы келечегин кыялданып жатышкан эле. Бирок алар бир заматта өлүштү. Эмне үчүн? Анткени бул Аллах Тааланын каалоосу. Ал Өз кулдарынын иштерин Өзү каалаган ыкма менен жүргүзөт.

Ошондуктан Газа шахиддеринин көптүгү душманды кордоп, алардын бардык коргонуу жабдууларын талкалап, аларды туткунга алып, алардын көптөгөн коркок аскерлерин өлтүрүп, чочколордун алсыз мамлекетче кейпин ачып берген жихад кылып жаткан эр-азаматтарды алардын иштеринен улам айыптоо туура эмес. Ал мамлекет бул аймактагы мусулман хакимдеринин чыккынчылыгы жана алардын артындагы бүтүндөй мусулман өлкөлөрүн башкарып турган башка чыккынчы башчылар болбосо, эч качан пайда да болбойт эле, жашап да турмак эмес.

Газадагы мусулмандардан ким каза болсо, Аллах анын тагдырына жазган ажал мөөнөтү бүткөнү үчүн гана каза болду. Бул мөөнөт эч көбөйбөйт жана эч азайбайт. Мындан тышкары, алар душмандын коркок жана чыккынчы колунан шахиддик даражага жетишти.

Ал эми ким «өлгөндөр абдан көп болду» деп каршы чыкса, ага мындай дейбиз: булардын бардыгы Түркиядагыдай зилзаладан өлүшү мүмкүн эле, же болбосо бир канча жылдар мурун Индонезияда болгондай коркунучтуу цунаминин астында өлүшү мүмкүн эле. Ал цунамиде болжол менен 227 миң адам каза болгон.

Ошондуктан Газадагы шахиддердин саны — Аллах Тааланын Өз кулдарынын иштерин дүйнөдө Өзү каалагандай жүргүзгөнүнө каршы чыгуунун эч кандай жүйөөсү эмес. Бул жерден биз өз абалыбызды карашыбыз керек: мен Газа менен бирге болуп, ага колдоо көрсөтүп жатамбы же тескерисинче, андан жүз үйрүп, анын элине наалат айтып, аларды жамандап, кылган иштеринин баалуулугун төмөндөтүп жатамбы?

Аллахым, бизге акыйкатты акыйкат кылып көрсөтүп, ага ээрчүүнү насип кыл! Бизге батылды батыл кылып көрсөтүп, андан качууну насип кыл!. ❑

# ҮММӨТКӨ ЖАНА АНЫН АСКЕРЛЕРИНЕ ЧАКЫРЫК: ГАЗА ЧАКЫРУУДА, КИМ ЖООП БЕРИП, АЛЛАХТЫН ЫЙЫК КЫЛГАН НЕРСЕЛЕРИН КОЛДОП ЖЕҢИШКЕ ЖЕТКИРЕТ?

«Израиль Хайом» гезити кабарлагандай, кылмышкер Трамп Нетаньяхуга Газадагы аскерий операцияларды ылдамдатууну буйруп, аны толугу менен басып алууга жашыл жарык берген. Бул америкалык уруксат – АКШ Газа элинин канына түздөн-түз шерик экендигине жаңыдан берилген күбөлүк. Чындыгында, АКШ бул үммөттүн биринчи душманы, баскынчы түзүмдүн коргоочусу жана кылмыштарынын колдоочусу.

Эки жылдык жырткыч чабуул, ырааттуу түрдө инфраструктураны талкалоо, атайылап курчоо жана ачарчылык, кыргын-сүргүн жана мажбурлап көчүрүү болду. Ошого карабастан, душман Газаны багындыра алган жок. Бирок ал токтободу, тескерисинче, өлтүрүүнү жана көчүрүүнү улантышы үчүн ага АКШдан жардам жетти. Мындан тышкары, чек араларын коргоп, аны менен ачык мамилеге чыккан кыянатчыл режимдер да бар, алардын башында Мисир менен Иорданиянын өкүмдарлары турат.

Эй мусулмандар!

Аллах Таала айтат:

﴿إِلَّا تَنفِرُواْ يُعَذِّبۡكُمۡ عَذَابًا أَلِيمٗا وَيَسۡتَبۡدِلۡ قَوۡمًا غَيۡرَكُمۡ﴾

***«Эгер** (согушка) **чыкпасаңар,** (Аллах) **силерди жан чыдагыс азап менен азаптайт жана ордуңарга башка бир коомду алып келет. Силер болсо Ал Затка бир да зыян жеткизе албайсыңар. Аллах бардык нерсеге кудуреттүү».*** (Тообо: 39).

Бүгүнкү шаръий фарз болгон нерсе:

- АКШ менен бардык мамилелерди үзүү: элчиликтер, аскерий базалар, компаниялар жана экономикалык кызыкчылыктар болбошу керек.
- Армияларды дароо кыймылга келтирип, Газаны жана Палестинаны дарыядан деңизге чейин бошотуу.
- Түзүмдү коргоп, үммөттү кишендеп турган малай режимдерди кулатуу.
- Мусулмандарды бир туугандык калканы астында бириктирген, үммөттүн душманы менен жеңиш же шахиддик келгенче согушкан рашид Халифалыкты тикелөө.

Эй, офицерлер жана жоокерлер!

Өкүмдарлардын кыянаттыгы силерди жоопкерчиликтен бошотпойт, тескерисинче, эгер унчукпай турсаңар, күнөө силердин мойнуңарга

жүктөлөт. Анткени баскынчылыкты түп-тамыры менен жоготуп, малайларды кулатууга эң татыктуулар — силерсиңер.

Эй, аалымдар, дааватчылар жана пикир ээлери!

Үммөттү ойготкула, аны мобилизация кылгыла, жихадга үндөгүлө жана Аллах жолунда эч кимдин айыбынан коркпогула.

Эй, үммөт элдери!

Майдан аянттарын толтургула, сарайларды курчоого алгыла, америкалык жана сионисттик душмандын элчиликтерин жапкыла, алардын бардык таасирин жерлериңерден кууп чыккыла!

Бүгүн Газа силерди чакырууда, Масжидул-Акса жардам суроодо, кан да үн салууда. Андыктан Аллахтын чакырыгына жооп бергиле, кечикпегиле! Ким көтөрүлсө азиз болот, ким артта калса кор болот. Аллах Өз динине жардам бергендерге сөзсүз жеңиш берет. Чындыгында, Аллах — Күчтүү, Азиз.

﴿وَقَٰتِلُوهُمۡ حَتَّىٰ لَا تَكُونَ فِتۡنَةٞ وَيَكُونَ ٱلدِّينُ كُلُّهُۥ لِلَّهِۚ﴾

***«Бир да фитна калбай, бүткүл дин Аллах үчүн гана болгонго чейин алар менен согуша бергиле!».*** (Анфал: 39). ❑

---

«Аль-Ваъй» журналынын расмий баракчасы:
http://www.al-waie.org
«Аль-Ваъй» журналынын Фейсбуктагы расмий баракчасы:
https://www.facebook.com/alwaie
«Аль-Ваъй» журналынын Телеграмдагы расмий каналы:
https://telegram.me/alwaie
«Аль-Ваъй» журналынын Твиттердеги расмий аккаунту:
https://twitter.com/alwaiemagazine
«Аль-Ваъй» журналынын Инстаграмдагы расмий каналы:
https://www.instagram.com/alwaiemagazine/